Б. С. Чокошева, А. Р. Акунова

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

окуу китебине карата
мугалимдер үчүн
усулдук колдонмо

**2-класс**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окуу китебине карата
мугалимдер үчүн
усулдук колдонмо

**2-класс**

СИГНАЛЬНЫЙ
ЭКЗЕМПЛЯР

Бишкек - 2013
"Полиграфбумресурсы"

УДК 372.8
ББК 74.261.4
Ч 97

Редакциялык кеңеш:
Г. А. Садырова,
И. Туичбилек,
С. Өжөрбаева,
К. М. Эгембердиева
КББАнын рецензеттери: Т. Асанакунов, В. Мусаева

Б. С. Чокошева, А. Р. Акунова
Ч 97 Кыргыз тили: 2-класстардын окуу китебине карата мугалимдер үчүн усулдук колдонмо . - Б.: «Полиграфбумресурсы», 2013. 148 б.

ISBN 978-9967-452-84-8

Бул колдонмодо өлкөбүздөгү билим берүү системасындагы жаңы программаларга, куррикулумдун талаптарына көңүл бурулуп, окуучуга терең теориялык билим берүүдө окутуунун жаңы ыкмалары сунушталды.

4 4306010200-13

УДК 372.8
ББК 74.261.4

ISBN 978-9967-452-84-8

© Чокошева Б. С., Акунова А. Р., 2013
© КР билим берүү жана илим министрлиги, 2013
© ОсОО "Полиграфбумресурсы", 2013

## *Мугалимге кат*

*Урматтуу мугалим! Мына ушинтип Сиздин окуучуңуз тамга таанып, өз алдынча окуганды, жазганды үйрөндү. Ал үчүн Сиз абдан көп эмгектендиңиз, күч үрөдүңүз, талыкпай иштедиңиз. Эми баланын жан-дүйнөсүнө сепкен билимдин үрөнүн андан ары өндүрүңүз, өстүрүңүз.*

*Мына ушул жолдо Сиздин ары сыймыктуу, ары түйшүктүү ишиңизди бир аз болсо да жеңилдетүү максатында 2-класстын «Кыргыз тили» окуу китебинин методикалык колдонмосун иштеп чыктык. Анда окутуу процессиндеги дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулуп жаткан технологиялардын негизинде эне тили боюнча окуучуга теориялык билим берүү менен катар өнөрүн ачууга (сүйлөө, сүрөт тартуу, чыгарма жаратуу, роль аткаруу, долбоор түзүү ж.б.) басым жасаган окутуунун жаңычыл ыкмасын Сизге сунуштайбыз. Бул колдонмону окуп-үйрөнүп алып, сабактарды уюштурууда колдонсоңуз жакшы натыйжаларды берет деген ишеничтебиз. Себеби, методикалык колдонмодо күндөлүк өтүлүүчү эне тили сабактарынын пландары, окуучуңузду сабаттуу жазып, туура, орундуу жана көркөм сүйлөөгө үйрөтүүчү, машыктыруучу ар кыл тапшырмалар, аларды натыйжалуу жеткирүү жолдору, каражаттары менен кошо иштелип чыкты.*

*Окуу китеби жана методикалык колдонмо бири-бирине эриш-аркак түзүлдү. Алар эне тили боюнча окуу, жазуу, тарбия иштерин уюштурууда текстке негиздеп (окуучунун сөзүн өстүрүү жана байланыштуу кебин өөрчүтүү максатында) инсанга багытталган окутууну жайылтууга арналат. Методикалык колдонмодо мындай сабактарды пландаштыруу, уюштуруу, кошумча каражаттар, өлчөө жана баалоону уюштуруу боюнча көрсөтмөлөр жана сунуштар берилди. Эскерте кетүүчү нерсе - бул сунуштарды так өзүндөй гана кайталоо менен чектелип калбастан, алымча-кошумчаларды киргизүү менен чыгармачылыкта иштөөңүздү каалайт элек.*

*Баарыбыздын максат - биз билим берип, тарбиялап жаткан жаш муундун өз эне тилинин сырларын түшүнүп, эне тили менен сыймыктанып, кайсы жерде болбосун эне тилинде эркин сүйлөшүп, маек куруп, баарлаша алуусуна жана туура жазуу көндүмүнө жетүүсүнө жардам берип, үйрөтүү эмеспи. Андыктан, эне тилин окутуу менен катар өз алдынча ой жүгүртө алган, коллективде биргелешип иштей алган, билимин, жалпы дүйнө таанымын өнүктүрүүнүн үстүндө тынбай алектенген, адептүү, өз элин, өз жерин сүйгөн инсанды калыптандырууга өз үлүшүбүздү кошолу!*

*Ушул ыйык жана узак жолдо Сизге ийгилик каалайбыз!*

# Окуу китебинин түзүлүшү жөнүндө

**1. Киришүү.** «Кыргыз тили» окуу китеби силлабуста көрсөтүлгөн грамматикалык материалдар менен катар куррикулумда белгиленген компетенцияларды толук кандуу ишке ашыруу максатында бири-бирин улантkан 6 бөлүмдөн турат. Алар:

| | | |
|---|---|---|
| «МЕНИН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨМ» бөлүмү | «БААЛУУЛУКТАРЫБЫЗ» бөлүмү | «ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ» бөлүмү |
| «ОЮН ЖАНА СПОРТ» бөлүмү | »БИРИНЧИ БАЙЛЫК-ДЕН СООЛУК» бөлүмү | «ТАРБИЯ ЖАНА ТУРМУШ» бөлүмү |

Ар бир бөлүмдү баштоодон мурун киришүү барагына көңүлүңүздү буруңуз. **Себеби сунушталган методиканын өзгөчөлүгү грамматикалык жаңы** материалды өтүү жана аларга машыктыруу менен катар системалуу жана максаттуу түрдө адам жана атуул болуп калыптануусу үчүн жаш жеткинчекке эң зарыл болгон билгичтик, көндүм жана адаттарды калыптандыруу; таанып-билүү баскычтары, логикалык ой жүгүртүүсү, угуу, көрүү, окуу формаларындагы кабыл алуу жөндөмдүүлүктөрүн өрчүтүү менен дүйнөлүк цивилизация талап кылган баскычтагы иш-аракеттерге окуучуну жаш кезинен машыктыруу, үйрөтүү, тарбия-лоо болуп саналат. Алсак:

**«Менин айлана-чөйрөм» бөлүмүндө** окуучунун өзүнө эң жакын чөйрө болуп саналган үй-бүлө темасындагы Ш. Бейшеналиевдин «Таенемдин майрамы», мектеп темасындагы К.Каимовдун «Мектеп жолунда» аңгемелери, адамды курчап турган дүйнөдөгү нерселердин табиятынан кабар берген А.Карымшаковдун «Хан Дарбыз» аттуу жомогу аркылуу «1-класста өтүлгөндөрдү кайталоо; тыбыш жана тамга; тыбыштардын үндүү жана үнсүз болушу; ичке жана жоон, кыска жана созулма үндүүлөр» сыяктуу фонетикалык материалдар өтүлөт. Лингвистикалык жактан бир топ татаалдыкты туудурган бул материалдар жаш жеткинчектин жан дүйнөсү менен жакын болгон кызыктуу тексттерди окуу, түшүнүү, изилдөөнүн коштоосу менен жүргүзүлүп, эне тилинде сабаттуу жазуу көндүмдөрү менен катар окуган жана уккан нерселери боюнча образдуу, элестүү, логикалуу ой жүгүртүү, өз оюн тиешелүү маселенин тегерегинде ачык, жеткиликтүү, тартынбай айтуу сыяктуу зарыл компетенцияларга ээ болушат.

**«Баалуулуктарыбыз» аттуу бөлүмдө** улуттук баалуулуктарыбыздын туу чокусу болгон «Манас» темасындагы К.Мамбетакуновдун кара сөз менен жазылган



«Айкөл Манас» чыгармасынан «Манастын Таласка көчүп келиши» деген үзүндүсү, кыргыз жергесинин бермети болуп, дүйнө элдерин суктанткан Ысык-Көл темасындагы Ш.Садыбакасовдун «Күзгү» аңгемеси, мамлекет, эл-жер, улуттук каада-салт, үрп-адат ж.б. улуттук баалуулуктарыбызды даңазалаган «Мен сыймыктанам» деген гимн түрүндөгү тексттер тандалган. 1-бөлүмдөгү фонетикалык материалдар андан ары улантылып, «Үнсүз тыбыштардын жумшак жана каткалаң, түгөйлүү жана түгөйсүз болуп бөлүнүштөрү», «К, г, ж, ь, ъ белгилери жана йоттошкон тамгаларга тиешелүү өзгөчөлүктөр», «Кыргыз тилинин алфавиттик тамгалары жана андагы баш жана кичине тамгаларды колдонуу» деген материалдар куррикулумда белгиленген мазмунду жана компетенцияларды ишке ашыруу максатын көздөйт. Ошону менен катар грамматикалык эрежелер жана алардын үстүндө машыгуу жумуштарын жүргүзүүнү окуучуларды окуган текстин сезимдүү түрдө кабыл алууга, текст боюнча суроолорго толук жана мазмундуу жооп берүүгө, көркөм ой жүгүртүп, образдуу сүйлөөгө үйрөтүп, Мекенди сүйүүгө, элибиздин рухий дөөлөттөрүн, каада-салтын урматтоого тарбиялоо иши менен эриш-аркак алып барылат.

**«Чыңгыз Айтматов» деген аталыштагы бөлүм жазуучунун** чыгармалары аркылуу кыргыз дүйнөсүн ааламга тааныткан, жумурай кыргыз эли гана эмес бүтүндөй түрк дүйнөсү сыймыктанган улуу инсан Ч.Айтматовдун өмүр жолун, чыгармачылыгын жеткинчектер жаш курагынан үйрөнүп, таанып, ал инсан сыяктуу эне тилинин кудурети менен өлбес-өчпөс чыгармаларды жаратууга шыктануу, ал үчүн кыргыз тилинин сырларын үйрөнүп, турмушту таанып, чыгармачылыкты, өнөрдү аркалап аракет кылуу, умтулуу сезимдерин ойготуу миссиясын аркалайт. Бул миссияны ишке ашырууда түрк элинин өкүлү, педагог Орхон Ынандынын «Улуу жазуучунун өрнөгү» аттуу публицистикалык чыгармасы, автордун балалыгы жөнүндө өзү жазып калтырган «Алгачкы эмгек акым» автобиографиялык аңгемеси жана «Ак кеме» повестиндеги кыргыз элинин таралышы жөнүндөгү «...Ушул жер силерге мекен болот...» деген аталышта уламыш топтоштурулду. Аталган тексттерди окуп-үйрөнүү жана изилдөө аркылуу «Сөздөрдүн муундарга бөлүнүшү жана ташымалданышы», «Муундун түрлөрү», «Сөздөрдүн уңгу жана мүчөгө бөлүнүшү», «Уңгулаш сөздөр», «К, п тыбыштарынын өзгөрүшү» деген жаңы темалар үйрөтүлөт, текстке негизделген жана жалпы бөлүмдүн идеясына багындырылган тапшырмалар менен машыгуу иштери жүргүзүлөт.

**«Оюн жана спорт» бөлүмү** «Жандырмагы сүрөттө», Б.Асаналиевдин «Селкинчек», «Жылгаяк», «Мультфильм» сыяктуу балдарга арналган ырлары, «Сыйкырдуу чүкө» аттуу кыргыз эл жомогу, «Байчечекей» журналынан алынган «Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн!» деген маалымат үчүн тексттердин топтомунда «Затты, кыймыл-аракетти, заттын сыны жана саны» сыяктуу 2-класска тиешелүү тилибиздеги морфологиялык материалдар улуттук оюндарды, баланын табиятындагы оюн ишмердүүлүктөрүн чагылдырган жазуу, угуу жана визуалдык тексттер менен

коштолот. Бул бөлүм оюн түрүндөгү суроо-тапшырмаларды, табышмактарды, жаңылмачтарды, окуучулардын ойлоо логикасын, сөз байлыгын өстүрүүчү, тилин жатыктыруучу жана машыктыруучу көнүгүүлөр менен тапшырмаларга бай.

**«Биринчи байлык – ден соолук»** бөлүмүндөгү «Кулунчак» журналынан алынган «Сүттөй эки тазалык», «Тамактануу этикасы», БУУнун жыйнактарынан «Кагаздан жасалган миң турна» деген тексттерди окуу, түшүнүү, «Сөз жана сүйлөм», «Жай, суроолуу, илептүү» сүйлөмдөр, «Сүйлөм мүчөлөрү», «Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам жана айбанаттар аттары» деген синтаксистик материалдар жөнүндө алган билимдерди тексттин негизинде анализдеп үйрөнүү менен коштолот. Тексттерди окуп, анын мазмунун түшүндүрүү, грамматикалык материалдарды курулай жаттатып, тажатма көнүгүүлөрдү иштетүү менен гана чектелбестен, мугалим тарбиялык багытта иш алып барат. Элибизде айтылган «Биринчи байлык – ден соолук» деген накыл кепти ураан тутуу менен, окуучуларды өзүнүн жана жакын адамдарынын ден соолугуна аяр мамиле жасоого үйрөтүү, ден соолугунун чың болушу үчүн камкордук көрүүгө тарбиялоо маселеси кошо жүргүзүлөт.

**«Тарбия жана турмуш» бөлүмү.** Окутуу жана тарбиялоо бири-бири менен эриш-аркак биримдикте жүргүзүлгөндө гана зор натыйжа берерин мезгил өзү көрсөттү. Муну педагогдор ар дайым эстеринен чыгарбайт, өз тажрыйбаларында үзүрлүү пайдаланып келишет. Окуучуларга терең билим берип, аларга теориялык маалыматтарды үйрөтүү жетишсиз экендиги, ошол берген маалымат менен катар системалуу түрдө тарбиялык багытта иш алып баруу учурдун талабы экендиги айдан-ачык болуп калды. «Тарбия үйдөн башталат», «Уядан эмнени көрсө, учканда ошону алат» деген накыл кептерге таянып, «Билим башаты – башталгыч класс» экендигин эске тутуп, билимге, тарбияга мектеп босогосун аттагандан баштап эле ата-эне менен бирдикте каныктыра алсак, анда жаш жеткинчектин интеллекттик жана руханий байлыгынын пайдубалын бекем түптөгөн болот элек.

Бул бөлүмдөгү темалар баланы сабаттуу жана билимдүү болууга гана үйрөтпөстөн, ошол алган билиминин негиздери турмушту таанып, улууну урматтап, кичүүнү ызаттоого, эмгекти сүйүүгө, ата-эненин эмгегин баалай билүүгө, ак ниеттүүлүккө жана адамгерчиликке үндөп, күндөлүк турмуштагы туура адаткөндүмдөргө тарбиялоо мазмунуна ээ.

Ошондой эле «Жаңылгандан кийин», «Үч уул» жомогу, «Жолдо жүрсөң абайла!» деген визуалдык текст, «Светофор» ыры аркылуу «Сүйлөмдүн баяндоочу», «Затты жана кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдүн баяндоочтук милдетти аткарышы» деген синтаксистик материалдар жана логикалык байланыштагы мазмундуу кепке үйрөтүүчү «Сөздү кепте колдонуу», «Пикирлешүү», «Мактешүү», «Сүрөттөп берүү» деген жаңы материалдар менен тааныштырат, практикалык түрдө машыктырат жана ал саамалыкты андан ары улантат.



**«Келгиле, сүйлөшөлү» рубрикасы.** Мугалим темага өтүүдөн мурда бул бөлүмдүн максатын айкындап алууга багыттаган, окуу китебиндеги «Келгиле, сүйлөшөлү» деген рубриканын алдында берилген жөнөкөй, татаал жана логикалык суроолордун тегерегинде окуучулар менен аңгемелешет. Бул суроолордун тегерегинде сүйлөшүүлөр ошол бөлүмдөгү сабактарды өтүүдө класс аудиториясынын өзгөчөлүгүнө, убакытка жараша бөлүнүп, кайсы учурга ыңгайлуу болсо, ошол сабакта ишке ашырыла берет. Мисалы:

**«Менин айлана-чөйрөм» бөлүмүндө:**

1. Каникулда кандай эс алдыңар?
2. Мектепке кантип даярдандыңар?
3. Өзүңдүн үй-бүлөң жөнүндө айтып берчи?
4. Курбуларың кимдер, алар менен эмне кылганды жактырасың?
5. Сени адамдардан башка дагы эмнелер курчап турат? Аларга кандай мамиле кыласың?
6. Үйүңдө кандай өсүмдүктөрдү өстүрөсүң?
7. Үйүңдө кандай жаныбарлар бар? Аларды багууга кандай жардам бересиң?

**«Баалуулуктарыбыз» бөлүмүндө:**

1. Өзүңөрдүн элиңер, жериңер менен сыймыктанасыңарбы?
2. Кыргызстандын кайсы жерлеринде болгонсуңар?
3. Кыргызстандын атрибуттарын айырмалай аласыңарбы?
4. Кыргыздын улуттук кийимдери жөнүндө эмнелерди билесиңер?
5. Кыргыздын кандай каада-салттарын көрдүңөр эле?
6. Кыргыз элинин улуттук кайсы тамак-ашын жакшы көрөсүңөр?
7. Кыргыз элинен чыккан кандай атактуу адамдарды билесиңер?

**«Чыңгыз Айтматов» бөлүмүндө:**

1. Чыңгыз Айтматов кыргыз элине кандай эмгек сиңирген?
2. Анын чыгармалары эмне үчүн дүйнөгө тараган деп ойлойсуңар?
3. Силердин үйүңөрдө анын кандай китептери бар? Аларды окугансыңарбы?
4. Чыгарма жазыш үчүн кыргыз тилин кандай билиш керек?
5. Силер чыгарма жазып көрдүңөр беле?
6. Ч.Айтматовдун чыгармаларынан тартылган кандай кинолорду көргөнсүңөр?
7. Ч.Айтматовдой чыгарма жазган дагы кандай жазуучуларды билесиңер?

**«Оюн жана спорт» бөлүмүндө:**

1. Силерге кайсы оюн жагат? Эмне үчүн?
2. Оюндан утсаңар же утулуп калсаңар эмне болосуңар?
3. Оюндун эрежесин бузган досторуңарды эмне кыласыңар?
4. Баскетбол ойногону эшикке чыктыңар. Топторго бөлүнүп, ойнойлу десеңер топ жарык экен. Эмне кыласыңар?
5. Досуң экөөң велосипед менен жарышып бара жаттыңар. Досуң велосипедден кулап түштү. Сен эмне кыласың?

6. Сенин үйүндүн жанында кайсы спорт аянтчасы болушун каалайсың? Эмне үчүн?
7. Белгилүү спортчулардан билесиңерби? Алар жөнүндө айтып бергиле.

**«Биринчи байлык – ден соолук» бөлүмүндө:**

1. Ден соолугуңарга силер кандайча камкордук кыласыңар?
2. Эртең мененки гимнастиканы жасайсыңарбы?
3. Күнүгө таза абада канча убакыт жүрөсүңөр?
4. Күнүгө канча жолу колуңарды самындап жуусуңар?
5. Тишиңерди тазалатканы тиш доктурга көп барасыңарбы? Ага көп барбаш үчүн силер эмне кылууңар керек?
6. Сасык тумоо болуп калсаңар эмне кыласыңар?
7. Бөбөгүңөр эшикте ойноп жатып жыгылып, бутун канатып алды. Силер эмне кыласыңар?

**«Тарбия жана турмуш» бөлүмүндө:**

1. Жакшы адамдын пайдасы эмне болот?
2. Жаман адамдын зыяны эмне болот?
3. Сылык сүйлөгөн жана орой сүйлөгөн адамдарды салыштыргылачы.
4. Курбуңдун калем сабын сындырып алдың. Эмне кыласың? Ал эми сеникин бирөө сындырсачы?
5. Атаң сени циркке алып бармак. Бирок барбай калдыңар. Атаң эмне үчүн алып барбай калышы мүмкүн? Сен эмне кыласың?
8. Театрда оюн көрүп жаткансың. Жаныңдагы кишилер сүйлөшүп жатышат. Эмне кыласың?
7. Жаман сапаттар толтурулган чоң шар жарылса эмне болот? Сен эмне кылмаксың?

**Угуу тексттери.** Окуу китебинин ар бир бөлүмүнүн башталышындагы киришүү барагында:

1. Бөлүмдүн аталышы;
2. Бөлүмдө камтылган тексттердин аттары;
3. «Келгиле, сүйлөшөлү» рубрикасынын суроолору;
4. Бөлүмдүн акырында баяндама жазуу үчүн сунушталган угуу тексттери;
5. Угуу тексттин мазмуну боюнча тартылган сүрөт жайгаштырылган. Тексттер окулуп жаткан бөлүмдүн тематикасынын тегерегинде тандалган:



«Менин айлана - чөйрөм» бөлүмү боюнча «Жардам»;



«Баалуулуктарыбыз» бөлүмү боюнча «Таранчы тиккен алча»;

«Чыңгыз Айтматов» бөлүмү боюнча «Шекер айылы»;

«Оюн жана спорт» бөлүмү боюнча «Күн желеси»;

«Биринчи байлык – ден соолук» бөлүмү боюнча «Пайдалуу белек»;

«Тарбия жана турмуш» бөлүмү боюнча «Чөптө» аттуу угуу тексттеринин мазмуну, планы жана тексттин мазмуну боюнча баяндама жазуу үчүн сунушталган болжолдуу суроолор К. Абдиев, Ч. Мусаевалардын «Жат жазуу жана баяндама жыйнагынан» алынды (Бишкек, 2008). Бул иш-чараны жүргүзүү үчүн методикалык кеп-кеңештер колдонмонун «Окутуунун кошумча каражаттары» деген бөлүмүндө берилди.

**2.Теориялык материалдын берилиши.** Окуу китебинде бул материалдар жаңы теманын аталышынан кийин өзгөчөлөнгөн түстөгү чарчынын ичинде берилген. Бул ыкма окуучунун көңүлүн өзгөчө бурдуруу жана керек учурда эрежелерди тез таба алуу максатын көздөдү. Силлабуста көрсөтүлгөн жаңы тема боюнча түшүнүк окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып, жөнөкөй, түшүнүктүү тил менен баяндоого аракет жасалды. Анда тилдин фонетикасы жана грамматикасы боюнча эрежелер, жоболор, аныктамалар берилди. Сабакта жаңы тема боюнча мугалимдин сөзүнөн кийин окуучулар өз алдынча бул материалды окушат, тема боюнча түшүнүгүн бекемдешет, зарыл учурда эске түшүрүшөт, кайталашат. Эрежелердин мазмуну боюнча ой жүгүртүшөт, тиешелүү мисалдарды өз алдынча келтирүүгө багыт алышат.

**3. Өтүлгөн жаңы темага же текстке байланыштуу ой жүгүртүү үчүн суроолор.** Бул тапшырманын окуу китебиндеги белгиси – ?. Сабакта өтүлгөн жаңы тема боюнча мугалимдин жана окуу китебинде берилген теориялык материалдан кийин аны түшүнүү, кабыл алууну тереңдетүү, бышыктоо жана текшерүү үчүн ар кыл суроолор иштелип чыккан. Булар жөнөкөй деңгээлдеги эске тутуу, түшүнүү, колдонуу баскычындагы суроолордон тарта жогорку талдоо, жыйноо, чыгармачылык деңгээлдеги суроолорго чейин өз ичине камтыйт. Мугалим бул тапшырма аркылуу өтүлгөн тема жана текстке карата окуучулар менен кызыктуу, жандуу викториналарды уюштурат.

**4. Өз алдынча иштелүүчү тапшырмалар.** Окуу китебиндеги белгиси – !. Жаңы тема айтылып, окулуп, суроо-жооп иретинде бышыкталып бүткөн соң, же болбосо көнүгүү иштөө сабактарында окуучунун өз алдынча иштөөсү үчүн берилген тапшырмалар системасы. Ал тапшырмалар оозеки да, жазуу түрүндө да болот.

**5. Топто иштелүүчү тапшырмалар.** Окуу китебиндеги белгиси – !!. Күнүмдүк сабакта иштелүүчү тапшырмалар окуучунун маселени биргелешип же жупта, парталаш отурган курбусу менен, же чакан топто, 3төн 5ке чейинки окуучулардын жардамы менен чечиши, анын үстүндө чогуу иш-аракеттерди уюштуруу жөндөмүн

өрчүтүүгө багытталган. Топтогу иштин, албетте, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша мугалим өзү көзөмөлдөйт, багыттайт, жетектейт.

**6. Үй тапшырмалары.** Бул тапшырмалар системасынын окуу китебиндеги белгиси – . Айрым тапшырмалар ата-эне менен бирдикте да иштелет. Өтүлгөн теманы улантууга, бышыктоого, же болбосо жалпы эле куррикулумда белгиленген компетенттүүлүктөргө жетүү максатына багытталат.

Жалпысынан окуу китебинде жана методикалык колдонмодо сунушталган тапшырмалардын түрлөрү:

1. Визуалдык окуу.
2. Текстти угуу.
3. Текстти окуу.
4. Тексттин мазмунун айтуу.
5. Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартуу.
6. Тарткан сүрөтү боюнча аңгеме жазуу.
7. Чыгарманын каармандары, окуя, окуя болгон жерди аныктоо.
8. Текст боюнча суроолорго жооп берүү.
9. Текстке тиешеси жок сөз, сүйлөм табуу.
10. Текстке тиешеси жок сүрөттү табуу.
11. Текстти толуктап жазуу.
12. Текстти түзөтүп жазуу.
13. Угуу тексти боюнча баяндама жазуу.
14. Грамматикалык эрежелер.
15. Грамматикалык көнүгүүлөр.
16. Сөздүк иши.
17. Орфографиялык мүнөт.
18. Сөздөн сөз, сөздөн сүйлөм түзүү.
19. Сүрөт боюнча сүйлөм, текст түзүү.
20. Таяныч сөздөр боюнча окуя, текст түзүү.
21. Кырдаалдык суроолорго жооп издөө.
22. Сөз оюндары.
23. Кроссворд түзүү, толтуруу.
24. Кластер түзүү.
25. Табышмак жандыруу.
26. Макал-лакап, учкул сөздөрдүн маанисин чечмелөө.
27. Жаңылмач айтуу.
28. Аңгеме, жомок, ыр, табышмак жаратуу.
29. Сценка, роль аткаруу.
30. Тематикалык китепчелерди түзүү.
31. Жат жазуунун түрлөрү.
32. Дил баян жазуу.



33. Чейректик текшерүү иши.
34. Тесттик тапшырмалар.
35. Карточка менен иштөө.

**7. Чейректик жана жылдык кайталоолор.** Ар бир чейректик материалдар өтүлүп бүткөндөн кийин бир сабак ичинде атайын окуучулардын билим, билгичтиктерин текшерүү максатында тапшырмалар иштелет. Ал тапшырмалар жөн гана теориялык материалды кургак түрдө жатка айттыруу менен чектелбестен, берилген тексттин негизинде (бул текст дагы окулуп жаткан бөлүмдүн тематикасынын тегерегинде тандалган) иштөө аркылуу ишке ашырылат. Алсак:

1-чейректен кийин Б.Асаналиевдин «Поезд» деген ыры;

2-чейректен кийин «Чүкө» аттуу маалыматтык текст;

3-чейректен кийин К.Ушинскийдин «Сынган табак» аңгемеси;

4-чейректен кийин К.Тыныстановдун «Арпа менен буудай» аттуу чакан тексти берилип, окуучулар чейрек ичинде өтүлгөн темаларды өздөштүрүү деңгээлин текшерүү үчүн түзүлгөн 10-15 суроого жоопту текстти анализдөө менен табышат. Анын мазмунун, сүйлөмдөрүн, сөздөрдү, муун, тыбыш, тамгаларына чейин толук түшүнүү менен аткарууга көнүгүшөт.

Жылдык кайталоо тесттик тапшырма аркылуу жүргүзүлөт. Окуу китебинин аягында ар бири 10 суроону жана 3 жооптун вариантын камтыган, 1 туура жоопту текшерүүчү тесттин 2 варианты сунушталган.

Ошентип, ар бир уюштурган сабакта биз сунуштаган метод, ыкма, каражаттарды өзүңүздүн классыңызга ылайыктап, алардын деңгээлине, өзгөчөлүгүнө жараша кошумча-алымчалар менен колдоноруңузга ишенебиз. Ал эми баалоо критерийлерин колдонууну адатка айлантсаңыз, сөзсүз түрдө окуучуңуздун билимине карата баа коюуңуз максаттуу, айкын болуп, окуучуңуз менен дайыма кызматташтыкта болосуз, ишиңиз жакшы натыйжа берет, ал тургай ал критерийлерди алар менен бирдикте иштеп чыкканга жетишсеңиз, билим алууга карата ынтызарлыктары өсүп, өзүн-өзү, бири-бирин туура баалоого көнүгөт деген ойдобуз.

## Сабактарды пландаштыруу (104 саат)

**1-чейрек**

**«МЕНИН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨМ» бөлүмү**

| Текст | Тема | Сааты |
|---|---|---|
| Таенемдин майрамы | **1-сабак:** 1-класста өтүлгөндөрдү кайталоо | 1 саат |
| | **2-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Мектеп жолунда | **3-сабак:** Тыбыш | 1 саат |
| | **4-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **5-сабак:** Тамга | 1 саат |
| | **6-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **7-сабак:** Сөздүк жат жазуу | 1 саат |
| | **8-сабак:** Табышмактардын бөлүнүштөрү | 1 саат |
| | **9-сабак:** Үндүү табышмак | 1 саат |
| | **10-сабак:** Үнсүз табышмак | 1 саат |
| | **11-сабак:** Өздүк жат жазуу | 1 саат |
| Хан Дарбыз | **12-сабак:** Үндүү табышмактардын бөлүнүштөрү | 1 саат |
| | **13-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **14-сабак:** Жоон үндүүлөр | 1 саат |
| | **15-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **16-сабак:** Кыска жана созулма үндүүлөр | 1 саат |
| | **17-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |

**«БААЛУУЛУКТАРЫБЫЗ» бөлүмү**

| Текст | Тема | 1 саат |
|---|---|---|
| Күзгү | **18-сабак:** Жумшак жана каткалаң үнсүздөр | 1 саат |
| | **19-сабак:** Орус тилинен кирген сөздөр | 1 саат |
| | **20-сабак:** Чыгармачылык жат жазуу | 1 саат |
| | **21-сабак:** К,Г,Ж тамгалары жана алардын окулушу | 1 саат |
| | **22-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Мекеним-Кыргызстан | **23-сабак:** Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилери | 1 саат |
| | **24-сабак:** Түгөйлүү табышмак | 1 саат |
| | **25-сабак:** Йоттошкон тамгалар | 1 саат |
| | **26-сабак:** Кайталоо | 1 саат |
| | **27-сабак:** Чейректик жат жазуу | 1 саат |
| | **28-сабак:** Кайталоо | 1 саат |
| | **29-сабак:** Дилбаян | 1 саат |
| | **30-сабак:** Катанын үстүндө иштөө | 1 саат |
| | **31-сабак:** Чейректик кайталоо | 1 саат |



**2-чейрек**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Манастын Талас-ка көчүп келиши | **32-сабак:** Кыргыз алфавити жана тамгалардын аталышы | 1 саат |
| | **33-сабак:** Баш жана кичине тамгалар | 1 саат |
| | **34-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **35-сабак:** Үйрөтүүчү жат жазуу | 1 саат |

**«ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ» бөлүмү**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Улуу жазуучунун өрнөгү | **36-сабак:** Ачык муун | 1 саат |
| | **37-сабак:** Жабык муун | 1 саат |
| | **38-сабак:** Туюк муун | 1 саат |
| | **39-сабак:** Сөздү ташымалдоо | 1 саат |
| | **40-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Алгачкы эмгек акым | **41-сабак:** Сөздөрдүн уңгу мүчөгө бөлүнүшү | 1 саат |
| | **42-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **43-сабак:** Сөздүн мүчөсү | 1 саат |
| | **44-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | **45-сабак:** Өздүк жат жазуу | 1 саат |
| Ушул жер силерге мекен болот | **46-сабак:** Үңгулаш сөздөр | 1 саат |
| | **47-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **48-сабак:** К,П тыбыштарынын өзгөрүп айтылышы | 1 саат |
| | **49-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **50-сабак:** Чейректик жат жазуу | 1 саат |
| | **51-сабак:** Чейректик кайталоо | 1 саат |

**3-чейрек**

**«ОЮН ЖАНА СПОРТ» бөлүмү**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Жандырмагы сүрөттө | **52-сабак:** Заттын атын билдирген сөздөр | 1 саат |
| | **53-сабак:** Зат атооч | 1 саат |
| | **54-сабак:** Жандуу зат атооч | 1 саат |
| | **55-сабак:** Жансыз зат атооч | 1 саат |
| | **56-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Селкинчек | **57-сабак:** Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөр | 1 саат |
| | **58-сабак:** Түшүндүрүү жат жазуу | 1 саат |
| | **59-сабак:** Эмне кылып жатат? деген суроого жооп берген сөздөр | 1 саат |
| Жылгаяк | **60-сабак:** Эмне кылды? деген суроого жооп берген сөздөр | 1 саат |
| Мультфильм | **61-сабак:** Эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөр | 1 саат |
| | **62-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **63-сабак:** Тандоо жат жазуу | 1 саат |
| Сыйкырдуу чүкө | **64-сабак:** Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөр | 1 саат |
| | **65-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **65-сабак:** Тандоо жат жазуу | 1 саат |



| | | |
|---|---|---|
| Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн | **67-сабак:** Заттын санын билдирген сөздөр | 1 саат |
| | **68-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **69-сабак:** Заттын иретин билдирген сөздөр | 1 саат |
| | **70-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **71-сабак:** Түшүндүрүү жат жазуу | 1 саат |

**«БИРИНЧИ БАЙЛЫК - ДЕН СООЛУК» бөлүмү**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Сүттөй эки тазалык | **72-сабак:** Сөз жана сүйлөм | 1 саат |
| | **73-сабак:** Жай сүйлөм | 1 саат |
| | **74-сабак:** Суроолуу сүйлөм | 1 саат |
| | **75-сабак:** Илептүү сүйлөм | 1 саат |
| | **76-сабак:** Дилбаян | 1 саат |
| | **77-сабак:** Чейректик жат жазуу | 1 саат |
| | **78-сабак:** Чейректик кайталоо | 1 саат |

**4-чейрек**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Тамактануу этикасы | **79-сабак:** Сүйлөм мүчөлөрү | 1 саат |
| | **80-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **81-сабак:** Сүйлөмдүн ээси | 1 саат |
| | **82-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Кагаздан жасалган миң турна | **83-сабак:** Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттары | 1 саат |
| | **84-сабак:** Сүйлөмдө ээнин милдетин атткарган айбанаттардын аттары | 1 саат |
| | **85-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |

**«ТАРБИЯ ЖАНА ТУРМУШ» бөлүмү**

| Текст | Тема | Саат |
|---|---|---|
| Жаңылгандан кийин | **86-сабак:** Сүйлөмдүн баяндоочу | 1 саат |

| | | |
|---|---|---|
| | **87-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **88-сабак:** Түшүндүрүү жат жазуусу | 1 саат |
| | **89-сабак:** Зат атооч сөздөрдүн сүйлөмдө баяндооч болушу | 1 саат |
| | **90-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **91-сабак:** Чыгармачыл жат жазуу | 1 саат |
| | **92-сабак:** Этиш сөздөрдүн сүйлөмдө баяндооч болушу | 1 саат |
| | **93-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| Үч уул | **94-сабак:** Сөздү кепте колдонуу | 1 саат |
| | **95-сабак:** Пикирлешүү | 1 саат |
| | **96-сабак:** Маектешүү | 1 саат |
| Жолдо жүрсөң, абайла | **97-сабак:** Сүреттөп берүү | 1 саат |
| Светофор | **98-сабак:** Көнүгүү иштөө | 1 саат |
| | **99-сабак:** Тандоо жат жазуусу | 1 саат |
| | **100-сабак:** Дилбаян | 1 саат |
| | **101-сабак:** Катанын үстүндө иштөө | 1 саат |
| | **102-сабак:** Чейректик кайталоо | 1 саат |
| | **103-сабак:** Чейректик жат жазуу | 1 саат |
| | **104-сабак:** Жылдык кайталоо | 1 саат |

## Сабактарды уюштуруу

Эне тилин тексттин жардамы менен окутууга негизделген жаңы муундун окуу китеби менен иш алып барууда мугалим сабактын төмөндөгүдөй структурасын жетекчиликке алууга тийиш:

**I. Даярдоо.**
  **1. Даярдоонун алды.**
  **2. Акыл даярдыгы.**
**II. Түшүнүү.**
  **1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**
  **2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**
  **3. Текстти изилдөө.**
  **4. Сөз байлыгын өстүрүү.**



**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**
  **1. Эрежелерге баш ийүү.**
  **2. Изилдөө.**
  **3. Турмуш менен байланыштыруу.**
  **4. Предмет аралык байланыш.**
**IV. Өзүн-өзү таанытуу.**
**V.Өлчөө жана баалоо.**
**VI. Улантуу.**

Көрүнүп тургандай, текст аркылуу эне тилин үйрөтүү процессинде мугалим негизги көңүлдү окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүгө, алган билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн турмуш менен байланышта карап, аларды иш жүзүндө колдоно алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуусуна бөлөт. Албетте, грамматикалык эрежелерге да олуттуу көңүл бурулат. Алар тексттин негизинде талданып, үйрөтүлөт. Эгерде салттуу ыкма менен өтүлүүчү сабактын структурасы:

1. Уюштуруу.
2. Өтүлгөн сабакты кайталоо.
3. Жаңы теманы өтүү.
4. Бышыктоо.
5. Жыйынтыктоо.
6. Үй тапшырмасы.
7. Баалоо

сыяктуу негизги бөлүмдөрдү ичине камтып, сабак грамматикалык эрежелерди үйрөтүүгө багытталып, аны бышыктоо үчүн ар кайсы мазмундагы көнүгүүлөр иштетилсе, эне тилин тексттин негизинде үйрөтүү процессинде бир гана тексттин жардамы менен темага байланыштуу ар түрдүү көнүгүүлөрдү иштетүүгө болот. Көнүгүүлөрдүн негизги максаты окуучулардын өз эне тилинде сабаттуу окуп жана жаза алуусуна, кебинин ырааттуу, бай жана көркөм болуусуна карай иш алып баруу үчүн багытталган.

Башталгыч класстан эне тилин үйрөтүүдөгү негизги максаттар да дал ушул маселелер менен өтө тыгыз байланышта каралат эмеспи. Ал эми бул максаттарды ишке ашыруу үчүн сабактын жогоруда көрсөтүлгөн структурасына таянып, окуучуларды ушул ырааттуулукта иштөөгө багыт алдырса, алар күн санап текст менен иштөөгө, аны өз алдынча изилдөөгө, анын негизинде жаңы сөздөрдү үйрөнүп, кебин байытууга, ошол эле учурда грамматикалык эрежелерди өздөштүрүп, сабаттуу жазууга жана сүйлөөгө үйрөнө берери шексиз. Ал эми эне тилин үйрөтүүдөгү эң негизги чечилүүчү маселелер дал ушулар экендиги талашсыз.

Төмөндө текст аркылуу эне тилин үйрөтүү сабагынын пландаштырылышы алгач толук, ар бир иш-аракетке токтолуу менен иштелип чыгып, ал эми кийинки сабактардын иштелмелери кыскартылган формада берилди, анткени сабактын баскычтары сабактан-сабакка кайталанып жүрүп отурат. Алар:




Төмөндө бул баскычтарда эмне иштерди аткарарыңыз жөнүндө маалымат берилет жана аларды билүүгө тийишсиз




**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.** Сабак башталардан мурунку даярдыктарды өз ичине камтыйт:

- Сабакта колдонулуучу каражаттар, материалдар мурдатан даярдалышы маанилүү;
- Сабактарды баштоодон мурда сабактын планын дагы бир ирет карап, өздөштүрүп, даярданып алуу зарыл;
- Сабак үчүн кошумча каражаттар ылайык тандалуу керек;
- Окуучуларды сабакты кабыл алууга даяр абалга алып келүү, уюштуруу;
- Керек болгондо материалды жакшы түшүнүү үчүн окуучулар окуй турган ордун алмаштырып койсо болот (китепкана, экскурсия, жаратылыш ж.б).

**2. Акыл даярдыгы:** Жаңы теманы өтүүдөн мурун окуучуларга:

- Күнүмдүк жашоодо кездешкен теманын тегерегиндеги суроолордон берүү;
- Темага багыт алдырууга даярдоочу суроолорду берүү;
- Өзүнө тааныш чөйрө боюнча текстке байланыштуу кызыктыруучу суроолорду берүү.



**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу.**

**Угуу:** Окуучуларды угуп үйрөнүүгө даярдоо, отурганда ырахат алып, эркин отурууга көнүктүрүү, угууга даяр абалга алып келүү. Угуу куралдарын туура колдонуу (аудио-видео ууктуруулар).

**Окуу:** Окууда китеп менен көз аралыгы, жарыктын берилиши туура болушу керек. Мугалим ушул багытта окуучулардын жардамчысы болууга тийиш. Белгиленген окуу методун сактоо зарыл, өтө катуу үн чыгарып окугандан көрө көркөм окуу пайдалуу. Керек учурларда текстти токтотуп, окуучулардан: «Андан ары эмне болот?» - деп суроо керек.

**Визуалдык окуу.** Сүрөттөр боюнча тема тааныштырылып бүткөндөн соң, суроолор берилет. Аларды өзүңөр да түзсөңөр болот. Мисалы:

- Сүрөттөр тексттин мазмунун чагылдырабы? Туура тартылдыбы?
- Сүрөттөрдүн саны жетиштүүбү?
- Сен сүрөтчүнүн ордунда болсоң дагы кандай сүрөт тартмаксың?
- Кайсы сүрөттөр жакты? Эмне үчүн?
- Боёктору кандай?
- Сүрөттөгү адамдардын эмоциясы кандай?

**Сөз өстүрүү.**

- Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө;
- Окуучулардын сөз байлыктарын кеңейтүү.

**III. Текст аркылуу үйрөтүү.**




- Эрежелерге баш ийүү;
- Изилдөө;
- Күнүмдүк турмушка көнүктүрүү;
- Предмет аралык байланыш.

**IV. Өзүн-өзү таанытуу.**

Ар бир сабакта, ар бир окуучуга ыңгайлуу формада:

- Алгачкы билимдерин кыймылга келтирүүгө, аларды тартынбай айтууга;
- Максатты аныктоо, көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын түшүнүүгө;

- Түр жана тартуулоо формасын тандоого жардам берүү, багыттоо, шарт түзүү.

Окуучу сабакта каралып жаткан маселе боюнча:

- Айта турган нерселерди ойлонуп алуусу;
- Сөз байлыктарын колдонуусу;
- Темага ылайыктуу сөздөрдү колдонуусу;
- Жаңы сөздөрдү колдонуусу;
- Өзүнүн мүмкүнчүлүгүн ачып көрсөтүүсү суралат, шартталат.

**V. Өлчөө жана баалоо.**

Окуучунун жеке эле үйрөнгөн иши эмес, анын ошол ишти үйрөнүү процессине көңүл буруу. Баалоодо эмнени билбегендигин гана эмес, үйрөнүү процессин, аракетин да эске алуу.

- Өз алдынча, жупта, топто иштөө жөндөмдүүлүктөрүн баалоо;
- Окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн баалоо үчүн жекече суроолорду, тапшырмаларды берүү;
- Окутуучу жана текшерүүчү тесттик тапшырмаларды колдонуу;
- Символикалар аркылуу баалоолорду тынымсыз жүргүзүү;
- Кубаттоо, мактоо иретинде баалоо иштери;
- Өлчөө жана баалоо баракчаларын колдонуу ж.б.

**VI. Улантуу.**

Класста алган билим, билгичтиктерди окуучулар көндүм жана адаттарга жеткирүү үчүн машыгууларды үйдөн да жүргүзүүсү зарыл. Окуу ките-бинде көрсөтүлгөн жана мугалим тарабынан сунушталган ар кандай деңгээлдеги, түрдүү тапшырмаларды окуучу өз алдынча жана үйдөгүлөрдүн жардамы менен ат-карат. Чыгармачылыкта жаралган китепчелер, сүрөттөр, жазуу иштери ж.б. тапшыр-малар боюнча материалдар портфолиого чогултулуп, окуучунун ишмердүүлүгүнүн деңгээлин баалоого мугалимге көмөкчү болот.

Улантуу баскычындагы иш-аракеттер






**«МЕНИН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨМ» бөлүмү**

**(17саат)**




**Менин айлана-чөйрөм» бөлүмүндө өтүлүүчү сабактардын максаты:**

1. **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө менен 1-класста өтүлгөн темаларды кайталашат; Кыргыз тилинин тыбыштык түзүлүшү, андагы тыбыш, тамга маселелери, алардын бөлүнүштөрү (үндүү, үнсүз тыбыштар, жоон, ичке, кыска, созулма үндүүлөр) жөнүндөгү билимдерге ээ болушат.
2. **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди окуу менен өзүн курчап турган чөйрө жөнүндөгү билим, билгичтик, көндүмдөргө ээ болушат. Жыл мезгилдери, үй-бүлө жөнүндөгү түшүнүктөрү кеңейет. Алардын адам жашоосундагы мааниси, орду жана ролу жөнүндө билгичтиктери артат. Сөз байлыгы, байланыштуу кеби өрчүйт. Туура, таза жазуу көндүмдөргө ээ болушат.
3. **Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди үйрөнүү аркылуу үй-бүлөсүн сүйүп, сыйлай билүүгө; улууларды урматтап, аларга көңүл бурууга; курчап турган чөйрөнүн жаратылышын түшүнүүгө, аларга жакшы мамиле кылууга; адам баласы үчүн керек болгон азык-заттарды өстүрүүдөгү эмгекти билүүгө, баалоого; өзүн курчаган чөйрөдөгү маселелерди туура кабыл алууга, чечүүгө тарбияланышат.

**Сабактын темасы: 1-класста өтүлгөндөрдү кайталоо**

**Текст: Таенемдин майрамы (1-бөлүм)**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар 1-класста алган билимдерин кай-талоого жана өркүндө-түүгө умтулушат. | Окуучулар алган би-лимдеринин негиздерин турмушта пайдаланууга мүмкүнчүлүк ала алы-шат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баян-доого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**
Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...

| | | |
|---|---|---|
| 1-класста алган билимдерин эске түшүрө алса | Өткөн окуу жылындагы материалдардын негизинде тыбышка, тамгага талдоо жүргүзө алса. | Топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**1. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды:**

а) Сабакты өтүүдөн мурда окуу китебиндеги материалды окуп, таанышыңыз.

б) Классыңыздагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай көнүгүүлөргө алымча-кошумча киргизиңиз.

в) Сөздүктөр, дидактикалык материалдар, методикалык колдонмолор менен иштеп, көрсөтмө курапдарды даярдаңыз. Окуу жабдыктарын камсыз кылыңыз.

г) Окуучуларды сабакка уюштуруңуз. Окуу куралдарын даярдатып, сабакты кабыл алууга жагымдуу жагдай түзүңүз. Оюндарды, физминуткаларды колдонуңуз.

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эстерине түшүрүңүз. Ал үчүн бөлүмдүн башталышындагы 1-2-суроолордун тегерегинде жана 1-класста өтүлгөн материалдар жөнүндө аңгемелешиңиз:

1. Каникулда кандай эс алдыңар?
2. Мектепке кантип даярдандыңар?
3. Биринчи класста биз алиппе, жазуу сабактарында эмнелерди үйрөндүк эле?

б) Таяныч сөздөр менен иштеңиз.

**Таяныч сөздөр: таене, гүл, майрам, белек.**

Бул сөздөрдүн маанилерин окуучулар менен талкуулаңыз. Бул сөздөр аркылуу өздөрү сүйлөмдөрдү түзүшсүн, ойлорун айтышсын.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучуларга тексттин биринчи сүйлөмүн (Келсем таенем үйдө экен.) жана акыркы сүйлөмүн (Муну бүт бойдон сен ал, таене.), таяныч сөздөрдү (таене, гүл, майрам, белек) окуп бериңиз. Ошондон кийин аларга текст эмне жөнүндө болорун божомолдоп айттырыңыз.

г) Максатты аныктоо. Угуу жана окуу, жазуу максаттарын окуучулар менен бирдикте аныктаңыз. Алар менен төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешиңиз: Бул текстти окуудагы максатыбыз эмне? Эмнени үйрөнөсүңөр? Эмне пайда берет? Мындан тышкары тексттеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн санын жана түрүн аныктоо (жай, суроолуу, илептүү сүйлөм) белгиленет.



д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктаңыз. Оозеки, жазуу, оюн түрүндө, өз алдынча, жупта, топто, класста, үйдө иштелерин тактап алыңыз. Бул сабакта 1-көнүгүүнү окуучу дептерине сүрөт тартып, аңгеме ойлонуп, өз алдынча; 2–4-көнүгүүлөрдү жазуу жүзүндө топто; ал эми 3-көнүгүүнү өз алдынча иштетсе болот.

**II. Түшүнүү**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**

а) Угуу. Текстти окуучуларга көркөм, үн кубултуп окуп бериңиз. Аудио уктуруу колдонсоңуз да болот.

б) Окуу. Окуучуларды жарыя, купуя, же чынжырча түрүндө окутуңуз.

в) Визуалдык окуу. Сүрөттөр боюнча тексттин мазмунун айтып берүүнү уюштуруңуз. Дагы кандай сүрөттү кошумчаларын сураңыз.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдү аныктаңыз. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн: бир кучак, шоркурата, кайтаруудан чыга элекмин. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттери же сүрөттөрдүн жардамы менен түшүндүрүңүз.

**3. Текстти изилдөө.**

Окуучуларыңызга тексттин мазмуну боюнча (өзүңүз, же бири-бирине, жалпы класска) суроо-тапшырмаларды бериңиз. Мындан тышкары төмөнкүдөй тапшырмаларды аткартыңыз:

**1- көнүгүүнү** оозеки аткарышат. Ар бир окуучу өз алдынча сүрөткө карап, андагы каарманды, окуяны жана окуянын болгон жерин айтып берүүгө даярданат жана баяндап айтып берет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Окуучуларыңызга тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүңүз: Бир кучак (кучак) - эки колду алдыга созуп, бириктиргендеги аралык, мейкиндик. Бир кучак гүл - ошол мейкиндикке толгон гүл; муну кучагы толтура гүл көтөргөн кыздын сүрөтүн көрсөтүү менен түшүндүрсөңүз да болот. Шоркурата – демди катуу чыгарып жыттоо.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

Окуучуларыңызды сүйлөшүү жана жазуу иштеринде колдонулуучу эрежелерди сактоого үйрөтүңүз. Сылык сүйлөө, кебинин так, туура, түшүнүктүү болуусу, сөздөр, сүйлөмдөр, абзацтарды туура колдонуу; туура, таза жазуу, тыныш белгилерин өз ордуна коюу эрежелерин сактоо керектигин, ж.б. эскертиңиз жана ал эрежелерди сактоосуна көзөмөл жүргүзүңүз.

Бул сабакта: Кыргыз тили - кыргыз элинин улуттук тили. Ар бир улутту башка элдерден айырмалап турган анын тили болуп саналат. Кыргыз тили абдан бай жана кооз экендигин окуучуларга баяндап бериңиз. Нечендеген ыр, жомок, эпос, макал-лакап, табышмак ж.б. баа жеткис чыгармаларды жараткан кыргыз элин даназалаңыз, мисал катары эне тили жөнүндөгү окуу китебиндеги ж.б. ырлардан келтириңиз.

**2. Изилдөө.**

Грамматикалык материалды өздөштүрүү жана окуучуңуздун сүйлөө, жазуу кебин өстүрүү үчүн сунушталган ар кыл көнүгүү тапшырмаларды тексттин негизинде жана анын тегерегинде үйрөтүңүз. Тексттеги сөздөрдүн, сүйлөмдөрдүн са-нын аныктатыңыз. (74 сөз, 10 сүйлөм), Жай жана суроолуу сүйлөмдөрдү белдүрүңүз. Тыныш белгилердин коюлушун, баш тамгалардын жазылыш себебин эстерине түшүрүңүз. Мындан тышкары 2–3-көнүгүүлөрдү иштетиңиз. 2-көнүгүүдө китептеги суроолорго жооп жазышат. 3-көнүгүүдө сүрөттөрдөн көргөндөрүн жаздыртып, доскада, ордунда сүйлөмдөрдү түздүртүңүз.

**3. Күнүмдүк турмушка көнүктүрүү.**

Окуу китебинде берилген тексттер окуучуңуздун турмушту таанып, аңдап түшүнүүсүнө ылайыкталып, атайын бөлүмдөргө топтоштурулган. Ошол бөлүмдүн максатына ылайык текстти турмуш менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: окуучуларыңызга чоң ата, чоң энеси, таята, таенеси, ата-энеси, бир туугандары жөнүндө баяндап берүү тапшырмасын бериңиз.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Текст аркылуу берилүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдү окуучуңуздун өнөрүн ачуу максатында адабий окуу, мекен таануу, сүрөт, музыка, дене тарбия, этика, ж.б. сабактар менен байланышта үйрөтүңүз. Бул сабакта: адабий окуу менен (текст менен иштетүү) сүрөт (тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу), этика (белек берүү этикасы) сабактары менен байланыштырыңыз.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Ар бир берилген суроо, тапшырма, жазуу иштеринин түрлөрү боюнча баалоо критерийлерин так аныктаңыз. Баалоонун, өлчөөнүн ар кандай түрлөрүн (кубаттоо, мактоо, формативдүү, суммативдүү ж.б.) колдонуңуз.

Мисалы, орфографиялык мүнөт ыкмасын уюштуруңуз. Окуучуларды китептерин жаптырып, өтүлгөн тексттеги сөздөрдөн же сүйлөмдөрдөн жаздырыңыз. Китепти ачтырып, өздөрүнө же бири-бирине ошол сөз, же сүйлөмдү таптырып, текшертиңиз. Катасын таап, оңдоого жана өзүн-өзү баалоого мүмкүндүк бериңиз.



Тестирлөө ыкмасын кеңири колдонуңуз. Методикалык колдонмодо сунушталган тесттерди окутуу, үйрөтүү максатында колдонуп, калыптандыруучу баалоо иретинде пайдаланыңыз. Тесттин ачкычтарын көрсөтүү менен каталарын таап, туура жоопко ынануусуна жетишиңиз. Баалоо баракчаларын ар бир окуучуңуз үчүн түзүп, системалуу колдонуңуз.

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

Ар бир катардагы бирден окуучуга атайын карточкага жазылган тапшырмаларды таратыңыз. Окуучуңуздун жекече өзгөчөлүгүн эске алыңыз (кызыгуусун, жөндөмүн, материалды өздөштүрүү деңгээлин ж.б.) .Окуучу өзүнүн билимин, жөндөмүн көрсөтөт. Анын жообун толуктоого ошол катардын окуучуларына мүмкүнчүлүк берсеңиз болот. Бул тапшырма өз алдынча же парталаш отурган жупта да, үй тапшырмасы катары да мелдеш түрүндө системалуу жүргүзүлүп, туура жооп үчүн гүл, жылдызча, желек ж.б. у.с. баалоо үчүн ылайыктуу нерселер таратылып, жума, ай, чейрек боюнча жыйынтык чыгарылат.

**1-карточка:** Берилген тамгалардан сөздөрдү кураштыргыла. Канча сөз жаралды?

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ж | а | л | б | ы | р | а | к |

**2-карточка:** Муундардан сүйлөмдү курап жазгыла. Маанисин чечмелеп бергиле?

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. ки | 5. бу | 3. би | 6. ла | 4. лим | 7. гы | 2. теп |

**3-карточка:** Тиешелүү тамганы коюп, пайда болгон сөздөрдү окугула?

| | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | а | | а | т | | | |
| | | | м | ы | | ү | ү | | | |
| | | о | р | о | ? | о | ё | н | | |
| | ө | р | д | ө | | и | р | п | и | |
| ж | о | о | л | у | | | р | а | п | а |
| | | | | | | а | | | | |

**VI. Улантуу.**

Окуучу окуу китебиндеги 4-көнүгүүнү үйдөн аткарат. Окуучулар өздөрүнүн үй-бүлөсү жөнүндө аңгеме түзүп келүү тапшырмасын алышат. Мында окуучунун сүйлөмдөрдү туура курашы, сөздөрдүн туура тандалышы, оюн ырааттуу айта билүүсү бааланат.

Класстагы окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша үйдөн портфолиого сүрөт тартуу, ыр чыгаруу, жомок, табышмак түзүү ж.б. тапшырмаларды кошумчалаңыз.

**Сабактын темасы: ТЫБЫШ**

**Текст: «Мектеп жолунда» (1-бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучу тыбыш жөнүндөгү билимдерин өркүндөтүүгө умтулат. | Окуучу кыргыз тилиндеги тыбыштарды билет жана ага талдоо жүргүзө алат. Тексттин мазмунун түшүнөт. | Бири-биринин пикирин баалоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...

| | | |
|---|---|---|
| тыбыш жана анын аталышын, окулушун билсе. | кыргыз тилинде тыбыштарды жана алардын бөлүнүшүн билсе. | Топтордо иштөөдө бири-биринин пикирин баалай билсе. |

**Сабактын тиби: Аралаш сабак.**

**Сабактын формасы: Аңгеме, көрсөтмө куралдарды демонстрациялоо, топто иштөөгө көңүл буруу.**

**Интеграциялоо: Адабий окуу, сүрөт.**

**Сабактын жабдылышы: Таблица, сүрөттөр, карточкалар, китептер.**

**Сабактын жүрүшү:**

**1. Сабакты уюштуруу этабы.**



**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды**

**2. Акыл даярдыгы.**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Таенемдин майрамы текстинин 2- бөлүмү боюнча окуучулар менен аңгемелешүү.

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.
ага, ини, мектеп, класс.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучуларга тексттин биринчи (Бекен менен Алик удаа бала) жана акыркы (Бирок Алик тентек аны менен эрегишин токтоткон жок), таяныч сөздөрдү окуп бериңиз жана окуучуларыңызга окуя эмне жөнүндө болорун божомолдоп айтып берүү тапшырмасын бериңиз.

**II. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөр менен иштөө: *удаа, атаандашып, эрегиш.*

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**ТЫБЫШ**

**Биз сүйлөгөндө угулган айрым-айрым үндөр тыбыштар деп аталат. Аларды белгилөөдө чарчы кашаа колдонулат. Китеп деген сөз [к], [и], [т], [э], [н] деген 5 тыбыштан жана 5 тамгадан турат. Тыбыштарды айтабыз жана угабыз.**

**Созулма үндүүлөр жана катар келген үнсүздөр бир гана тыбышты билдирет. Йоттошкон тамгалар эки тыбышты билдирет. Ал эми ь, ъ белгилери эч кандай тыбышты билдирбейт.**

Бул эрежени окуучуларга таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**Бышыктоо.**

**I.Мээге чабуул:**

1. Тыбыш деп эмнени айтабыз?
2. Кыргыз тилинде канча тыбыш бар?

3. Бекен менен Алик кимдер?

4. Бекен канчанчы класста окуйт? Аликчи?

5. Экөөнүн ортосундагы мамиле кандай?

**II. Оозеки иштөө.**

1-көнүгүү.

Тексттин каармандарын, окуяны жана окуянын болгон жерин сүрөткө карап айтып беришет.

**III. Жазуу иши.**

2-көнүгүүдөгү сүрөттө эмне көрүп тургандыгын дептерлерине жаздыртуу жана сөздөрдүн канча тыбыштан тургандыгын аныктатуу.

**IV. Топтордо иштөө:**

Окуучуларды 4 топко бөлүү жана аларга Бекен, Алик, тентек, чоңдорго деген сөздөр канча тыбыштан турарын аныктап, аларды таблицага жайгаштыруу тапшырмасын аткартуу.

**Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүү: жаңы сөздөрдү сөздүк дептерине жаздыртып, аларга сүйлөм түздүртүү.

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Кайсы тыбыштар көп кездешерин аныктагыла.

Бир түп тыт,
Бир түп түрп.
Түрп тытты түртөт,
Тыт түрптү түртөт.

**2-карточка:** Сөздөрдөн чынжыр түзгүлө. Ар бир сөздүн акыркы тыбышы кийинки сөздү баштасын.

| | | |
|---|---|---|
| өрүк | кат | таш бака |
| ай | йод | |



**3- карточка:** [б] жана [п] тыбыштары катышкан 5тен сөз жазгыла.

**4- карточка:** Жаныбарларды, өсүмдүктөрдү, кесиптерди өзүнчө ажыратып жазгыла.

*Ашпозчу, кызылча, сабиз, кыргый, шумкар, китепканачы, дельфин, тигүүчү, бадыраң, балчы, элик, эрмен, илбирс, картошка, долоно, дарыгер, апельсин, пияз, илимпоз, ишкер, жаңгак, жылан, анар, пальма, топоз, жылкы, кулан, мугалим.*

Сабакты бышыктоо мезгилинде активдүү катышкан окуучулардын билимин анализдөө менен баалоо.

**VI. Улантуу.**

«Мектеп жолунда» текстин окуп, түшүнүп келүү. Тексттин каармандарынын жана өзүнүн бир туугандарынын мүнөздөрү боюнча кластер түзүү.

**Сабактын темасы: ТАМГА**

**Текст: «Мектеп жолунда» (2- бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучу тамга жөнүндө маалымат алат. | Окуучу кыргыз тилиндеги тамгаларды жана алардын аталыштарын билет. Тексттин мазмунун түшүнөт. | Бир туугандарына аяр мамиле жасоого тарбияланышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу**

| | | |
|---|---|---|
| окуучу тамга жөнүндө билсе | кыргыз алфавитинде тамгалардын аталышын билип, тамгаларга анализ жүргүзө алса | тексттин мазмунун талдоо учурунда бир туугандарды сыйлоо керектигин сезсе |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы.**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин биринчи бөлүмү боюнча суроолорду берүү.

1. Бекен менен Алик ким?

2. Алардын ортосундагы мамиле кандай?

3. Тамга деп эмнени айтабыз?

4. Кыргыз тилинде канча тамга бар?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: Бекен, окуу куралдары, мектепке даярдык.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучулар тексттин биринчи (Жаңы окуу жылына Бекен жай ортосунан камынды) жана аягындагы (Быйыл Алик 1-класска кире тургандыктан, ата-энелери да аны-жөнү менен коё беришти), сүйлөмдөрдү, таяныч сөздөрдү карап, окуя эмне жөнүндө болорун божомолдоп айтышат.

**II. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Сөздөр: калем, сыя челек.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү:

**1 - көнүгүү.**

Суроолорго жооп жазгыла:

- Бир туугандар кандай мамиледе экен?
- Алар мектепке кантип даярданышты?
- Алик билимге ынтызар бала экен, ээ? Аны кантип билдиң?

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги көзүн кычыштырды, жөнү менен коё берди деген фразеологизмдердин маанисин түшүндүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**ТАМГА**

**Тыбыштарды белгилей турган белги тамга деп аталат. Кыргыз тилинде 36 тамга бар. Тамганы көрөбүз, жазабыз, айтабыз.**

Бул эрежени таблицанын, алфавиттин жардамы менен түшүндүрүү.



**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Бул көнүгүүнү өз алдынча иштешет. Сөздөрдө канча тамга, канча тыбыш бар экендигин аныктап жазышат.

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Окуучулардын жаңы окуу жылында мектепке баруу үчүн кандай даярдыктарды көрүшкөнү жөнүндө аңгемелешип, аны жаздыртуу.

**4. Предмет аралык байланыш:** адабий окуу, сүрөт сабактары менен байланышта өтүү.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Окуучулардын суроолорго туура жооп бергендиктерине, сөздөгү тыбыш жана тамганы туура аныктай алгандыктарына карата баалоо.

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Сөздөрдү тамгалар менен толуктап жазгыла. Ал кандай тамга?

.дам, жур.к, комба.н, ки.еп, та.к, сам..р, сар., пим.н, ко.н, сентябр.

**2-карточка:** Асты сызылган сөздөрдө канча тамга, канча тыбыш бар? Биз <u>тоого</u> чыктык. Айлана абдан <u>кооз</u>. Жай <u>аяктап</u>, кыштакка келдик.

**3-карточка:** Сөздөрдүн карама-каршы маанисин тапкыла. Канча тамгадан турат экен?

ысык-..., ак-..., башы-..., жапыз-..., мактоо...

**VI. Улантуу.**

**3-көнүгүү.**

Сүрөттөн эмнелерди көрүп тургандыгын жазып келүү тапшырмасы берилет. Ал сөздөрдүн канча тамгадан тургандыгын аныкташат. Мисалы: китеп - 5 тамгадан турат.

**Тема: ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР**

**Текст: «Хан Дарбыз» жомок (1-бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Ичке үндүүлөр жөнүндөгү маалымат алышат. «Хан Дарбыз» жомогунун мазмунун түшүнүшөт. | Тексттен ичке үндүүлөрдү таба алышат. Тексттин мазмунун изилдей алышат. | Эмгекти баалоо керек экенинин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**
Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...

| | | |
|---|---|---|
| ичке үндүүлөр жөнүндө билишсе. Жомоктун мазмунун түшүнсө. | ичке үндүүлөрдү таап, талдай алса. Тексттин мазмунуна изилдөө жүргүзө алса. | ата-энеге жардам берүү жана алардын эмгегин баалоо керек экендигин сезсе. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды:**

а) Сабакты өтүүдөн мурда окуу китебиндеги материалды окуп, таанышыңыз.

б) Классыңыздагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай көнүгүүлөргө алымча- кошумча киргизиңиз.

в) Сөздүктөр, дидактикалык материалдар, методикалык колдонмолор менен иштеп, көрсөтмө куралдардан даярдаңыз.

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эстерине түшүрүңүз.

1. Силердин кандай окуу китептериңер бар, аларды кантип пайдаланасыңар, кантип сактайсыңар?

2. Үнсүз тыбыштар деп кандай тыбыштарды айтабыз?

3. Кыргыз тилиндеги үнсүз тыбыштар кайсылар?

б) Таяныч сөздөр менен иштеңиз.

Таяныч сөздөр: Хан-Дарбыз, жашылчалар, дыйкан, айнек идиш.

Бул сөздөрдүн маанилерин окуучулар менен талкуулаңыз. Бул сөздөр аркылуу өздөрү сүйлөм, текст түзүшсүн.

Класстагы окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сүрөт тартуу, ыр чыгаруу, жомок, табышмак түзүү, ж.б. тапшырмаларын бериңиз.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучуларга тексттин биринчи сүйлөмүн (Өткөн заманда бир өзүмчүл дарбыз болуптур) жана акыркы сүйлөмүн (Ошентип шорубуз катпасын десеңер, качып кетели), таяныч сөздөрдү (Хан-Дарбыз, жашылчалар, дыйкан, айнек идиш) окуп бериңиз. Ошондон кийин аларга текст эмне жөнүндө болорун божомолдоп айттырыңыз.

г) Максатты аныктоо. Угуу жана окуу максаттарын окуучулар менен бирдикте аныктаңыз. Алар менен төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешиңиз.



1) Бул текстти окуудагы максатыбыз эмне?

2) Эмнени үйрөнөсүңөр?

3) Эмне пайда берет?

Бул сабакта окуучулар ичке үндүүлөр жөнүндө маалымат алышат. Текстти өз алдынча изилдөөгө үйрөнүшөт.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктаңыз. Оозеки, жазуу, оюн түрүндө, өз алдынча, жупта, топто, класста, үйдө иштелерин тактап алыңыз. Сүрөт тарттыруу, топто иштөө (текстти изилдөө).

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**

а) Угуу. Текстти окуучуларга көркөм, үн кубултуп окуп бериңиз. Аудио уктуруу колдонсоңуз да болот.

б) Окуу. Окуучуларды жарыя, купуя, же чынжырча түрүндө окутуңуз.

в) Визуалдык окуу. Сүрөттөр боюнча тексттин мазмунун айтып берүүнү уюштуруңуз. Дагы кандай сүрөт кошумчаларын сураңыз.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдү аныктаңыз. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн: өзүмчүл, бийлик, шордуу, жертеле. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз.

**3. Текстти изилдөө.**

Окуучуларыңызга тексттин мазмуну боюнча суроо- тапшырмаларды бериңиз.

**1 - көнүгүү.**

**Бул көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштетиңиз.**

Сүрөткө карай тексттин каармандарын, окуяны жана окуянын болгон жерин айтып беришет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Окуучуларыңызга тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүңүз: өзүмчүл, бийлик, шордуу, жертеле.

Бул сөздөрдүн маанисин чечмелеп, сөздүк дептерлерине жаздыртуу. Алар менен сүйлөмдөрдү түздүртүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

Окуучуларыңызды сүйлөшүү жана жазуу иштеринде колдонулуучу эрежелерди сактоого үйрөтүңүз. Сылык сүйлөө, кебинин так, туура, түшүнүктүү болуусу, сөздөр, сүйлөмдөр, абзацтарды туура колдонуу, туура, таза жазуу, тыныш белгилерин коюу эрежелерин сактоо керектигин, ж.б. эскертиңиз жана ал эрежелерди сактоосуна көзөмөл жүргүзүңүз.

Бул сабакта:

**Тилдин алга карай жүткүнүшү менен жасалган үндүүлөр ичке үндүүлөр болот. Алар: [э, ээ, ө, өө, ү, үү, и]**

Эрежени таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2.Изилдөө.**

Грамматикалык материалды өздөштүрүү жана окуучуңуздун сүйлөө, жазуу кебин өстүрүү үчүн сунушталган ар кыл көнүгүү, тапшырмаларды тексттин негизинде жана анын тегерегинде үйрөтүңүз.

**2- көнүгүү.**

Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет.

Тексттен ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдөн бир нечесин көчүртүп жаздыртуу.

**3.Күнүмдүк турмушка байланыштыруу.** Окуу китебинде берилген тексттер окуучуңуздун турмушту таанып, аңдап түшүнүүсүнө ылайыкталып, атайын бөлүмдөргө топтоштурулган. Ошол бөлүмдүн максатына ылайык текстти турмуш менен байланышта үйрөтүңүз.

**Бул сабакта:** өздөрүнүн бакчасында кандай жашылчалар өсөрү, аларды өстүрүүдө ата- энелерине кандай жардам берери жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш.** Текст аркылуу берилүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдү адабий окуу, мекен таануу, сүрөт, музыка, дене тарбия, этика, ж.б. сабактар менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: адабий окуу жана (текст менен иштетүү) сүрөт (тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу) менен байланыштырыңыз.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Ар бир берилген суроо, тапшырма, жазуу иштеринин түрлөрү боюнча баалоо критерийлерин так аныктаңыз. Баалоонун, өлчөөнүн ар кандай түрлөрүн (кубаттоо, мактоо, формативдүү, суммативдүү, ж.б.) сабактын ар бир этабында колдонуңуз.



**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** ө, өө, у, уу, ү, үү, ы тыбыштары катышкан сөздөрдөн жазгыла.

**2-карточка:** Мааниси окшош сөздөрдү окугула. Сөздөгү үндүү тыбыштардын санын жазгыла.

| | |
|---|---|
| Аман – эсен, | Жаан – жамгыр, |
| Сөзмөр – чечен. | Элек – калбыр, |
| Үй – там | Митаам – куу, |
| Чырак – шам | Желек – туу |

**3-карточка:** Жер-жемиш, мөмө-жемиш, жашылчаларды өзүнчө ажыратып туура жазгыла.

Ичке үндүүлөрдүн астын сызгыла.

*Бадыраң, помидор, алма, пияз, кара өрүк, алча, картошка, капуста, буурчак, алмурут, апельсин, банан, ашкабак, түрп, дарбыз, малина, редиска, карагат, малина, бүлдүркөн, ананас, баклажан, чеснок.*

**VI. Улантуу.**

3 - көнүгүүнү үйгө тапшырма бериңиз.

Окуучулар тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып жана тарткан сүрөтү боюнча аңгеме жазып келишет.

**«Баалуулуктарыбыз» бөлүмү**

**(14 саат)**

Күзгү

Атрибуттар

Мен сыймыктанам

Манастын Таласка көчүп келип конушу

Күн желеси

**«Баалуулуктарыбыз» темасында өтүлүүчү сабактардын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө аркылуу үнсүз тыбыштардын жумшак жана каткалаң, түгөйлүү жана түгөйсүз болуп бөлүнүшүн үйрөнүшөт. Эне тилиндеги к, г, ж тыбыштарынын өзгөчөлүктөрүн билишет. Ар кыл көнүгүүлөрдү аткаруу менен бул багыттагы билгичтик, көндүмдөргө ээ болушат.

Тыбышсыз, йоттошкон тамгалар, орус тилинен кирген сөздөр, кыргыз алфавити, андагы баш жана кичине тамгалар жөнүндөгү билимдерин тереңдетишет.

**2. Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди үйрөнүүнүн негизинде сөз байлыктары көбөйөт; өз оюн так, туура айтууга жана жазууга машыгышат; ой жүгүртүүсү, чыгармачылыгы өркүндөйт; турмушта билимдерин пайдаланууга, адам катары жакшы сапаттарга ээ болууга үйрөнүшөт.

**3. Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди окуу менен өз элинин баалуулуктарын үйрөнүшөт. Ата Мекенди сүйүү, урматтоо; анын байлыктарын билүү, коргоо сезимдери өөрчүйт. Жан-жаныбарларга туура мамиле жасоого тарбияланышат.

**Тема: ЖУМШАК ҮНСҮЗДӨР**

**Текст: «Күзгү» (1-бөлүм)**
**Сабактын максаты**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Жумшак үнсүздөр жөнүндө маалымат алышат. «Күзгү» аңгемесинин 1-бөлүмүнүн мазмуну менен таанышат. | Сөздөрдөн жумшак үнсүздөрдү таба алышат. Тексттин мазмунуна карай талдоо жүргүзүшөт. | Жаратылышка аяр мамиле жасоо керек экенин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**
**Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу**

| | | |
|---|---|---|
| жумшак үнсүздөр жөнүндө билсе. Аңгеменин мазмунун түшүнсө. | сөздөрдөн жумшак үнсүздөрдү таба алса; текстке талдоо жүргүзө алса. | аңгемени талдоо учурунда жаратылышка аяр мамиле жасоо керек экендигин сезсе. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Баалуулуктарыбыз жөнүндө аңгемелешүү.
2. Үндүү тыбыштар деп эмнени айтабыз?
3. Алар кандай болуп бөлүнөт?
4. Жоон үндүүлөргө кайсы тыбыштар кирет?



5. Ичке үндүүлөргөчү?
6. Созулма жана кыска үндүүлөр кайсылар?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: Чоң эне, Алийса, Ысык- Көл, кере элек болчу, уккан, жыпжылуу.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (Тигине, Ысык- Көл чалкалап жатат,- деди чоң энеси колун шилтеп. Алийса көзүн балбылдатып кирпигин ирмебей алды жакты тиктеди.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Көлгө колун салды, энесинин койнундай жыпжылуу экен!), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

Бул сабакта жумшак үнсүздөр жөнүндө маалымат алышат жана баалуулуктарыбыздын бири болгон Ысык- Көл жөнүндө текст менен таанышышат.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Жазуу, оозеки, жаңылмач айттыруу.

**II. Түшүнүү.**

**1.Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги шыпшынуу, кубулжуп, жыңайлак деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо - тапшырмаларды иштетүү.

**2- көнүгүү**

**Бул көнүгүүнү оозеки иштетиңиз**

Сүреттөрдө көргөндөрүн айттыруу. Аларга сүйлөмдөрдү түздүртүү. Комуздун сүрөтү ашыкча тартылгандыгын таптыруу.

**4- көнүгүү**

Жаңылмачты жатка айтуу. Андагы жумшак үнсүздөрдү табуу.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: шыпшынуу, кубулжуп, жыңайлак. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III.Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1.Эрежелерге баш ийүү.**

## ЖУМШАК ҮНСҮЗДӨР

**Үнсүз тыбыштар жумшак жана катkалаң болуп бөлүнүшөт. Жумшак үнсүздөр үн менен шыбыштын жардамы менен жасалат. Алар: [б, в, г, д, ж, з, й, л, м, н, ң, р].**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**1-көнүгүү.**

**Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет.**

Тексттен каалаган 3 сүйлөмдү жаздыртып, андагы жумшак үнсүздөрдүн астын сыздыртуу.

**3-көнүгүү.**

Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана топтордо иштетиңиз.

Окуучуларды 1ден 5ке чейин санатып, 5 топко бөлүңүз жана ар бир топко жумшак үнсүздөрдү таап, алар катышкан сөздөрдү жазып жана ал сөздөргө сүйлөмдөрдү түзүү тапшырмасын бериңиз.

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Окуучулар менен Ысык- Көл жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Өзүңдүн ысымыңдагы жумшак жана катkалаң үнсүздөрдү ажырат.

**2-карточка:** Текстти көчүрүп жазып, жумшак үнсүздөрдүн астын сызгыла.

Болбосо да каруусу,
Катуу канат кагышы.
Кооз эмес, бирок да,

Каркылдаган дабышы.
Кышта бар да, жазда жок,
Карга деген дал ушул.

(Ж.Садыков)

**3-карточка:** Булар кандай тыбыштар? Алардын ичинен жумшак үнсүздөрдү боёгула. Алар катышкан сөздөргө сүйлөмдөрдү түзгүлө.

в к д т ж с щ б г п



**VI. Улантуу.**

**5- көнүгүү.**

Сүрөттөрдү көргөндө эмнени ойлогондорун жазып келишет. Таң аткандагы, күндүзгү, күн баткандагы көлдүн көрүнүшүн сүрөттөн карап жазышат жана жумшак үнсүздөрдү табышат.

**Тема: Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилери**

**Текст: Мен сыймыктанам**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилери жөнүндө билишет. "Мен сыймыктанам" тексти менен таанышышат. | Ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилеринин колдонулуу ордун билишет. Текстин мазмунуна карата талдоо жүргүзүшөт. | Мамлекетибиздин атрибуттары менен таанышышат. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...

| | | |
|---|---|---|
| ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилерин билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | ичкертүү (ь) жана ажыратуу (ъ) белгилерин сөздөрдөн таба алса. Текстке талдоо жүргүзө алса. | мамлекеттин атрибуттарын билсе. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. «Күзгү» тексти боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. «Күзгү» текстинен эмнелерди билдиңер?
2. К, г тыбыштары ичке үндүүлөр менен келгенде кандай айтылат?
3. Жоон үндүүлөр менен келгендечи?
4. Ж тыбышы кыргыз тилиндеги жана орус тилинен кирген сөздөрдө кандай айтылат?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: кооз жерибиз, көп улуттуу элибиз.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Кооз жерибиз, көп улуттуу элибиз жөнүндө аңгемелешүү.

г) Максатты аныктоо.

Окуучулар ажыратуу жана ичкертүү белгилери жөнүндө маалымат алышат. Кыргыз жеринин кооздугу жана көп улуттуу өлкөбүз жөнүндө билишет.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Оозеки-жазуу, кроссворд чечүү, календарь жасоо.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө:**

Өлкө, республика деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо - тапшырмаларды иштетүү:

**1-көнүгүү.**

**Бул көнүгүүнү оозеки жана топто аткарышат.**

Сүрөт боюнча аңгеме түздүртүү. Аңгемеге тема койдуртуу.

**3-көнүгүү.**

Сүрөттөгү заттар кандай кен байлыктарынан экендигин айтып беришет. Көнүгүүнү өз алдынча иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: өлкө, республика. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Кыргыз тилиндеги ь жана ъ белгилери тыбышсыз тамгалар болуп саналат. Аларды айтканда тыбыш угулбайт.**

**Бул тамгалар башка тилден кирген сөздөрдө колдонулат. Өзүнөн мурунку тыбышты ичкертет жана ажыратат.**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Сүрөттө көргөндөрүн жаздыртуу. Сөздөр канча тамга, канча тыбыштан тургандыгын аныктатуу, аларга сүйлөмдөрдү түздүрүү. Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет.



**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

**Кыргызстан жөнүндө, анын жаратылышынын кооздугу, кен байлыктары жөнүндө аңгемелешүү.**

**4. Предмет аралык байланыш: мекен таануу, адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** ь белгиси катышкан сөздөр менен сүйлөмдү толуктап жазгыла.

1-... Жаңы жыл майрамы. Муз үстүндө ... тепкен кандай сонун!

Базарда мандарин ,..., лимон сатылат.

**2-карточка:** ъ белгиси катышкан сөздөр менен сүйлөмдү толуктап жазгыла. Август айында мугалимдер ... болуп өттү. Биздин квартира экинчи ... жайгашкан. Поезд... токтоду.

**3-карточка:** ь белгиси катышкан ай аттарын атагыла. Ал айлар жөнүндө эмнелерди билесиңер?

**VI. Улантуу.**

**5-көнүгүү.**

Кыргызстандын шаарларына арналган календарларды жасап келүү.

**Тема: КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ ЖАНА ТАМГАЛАРДЫН АТАЛЫШЫ**

**Текст: «Манастын Таласка көчүп келип конушу»**

**Сабактын максаты**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Кыргыз алфавити жана тамгалардын аталышын билишет. "Манастын Таласка көчүп келип конушу" тексти менен таанышышат. | Тамгалардын аталышын жана алардын окулушун билишет. Аларды туура атай алышат. Тексттин мазмунун түшүнүп талдай алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу...

| | | |
|---|---|---|
| кыргыз алфавити жана тамгалардын аталышын билсе, тексттин мазмунун түшүнсө. | тамгаларды туура атай алса; текстке талдоо жүргүзө алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Манас деген ким? Ал жөнүндө уктуң беле?
2. Йоттошкон тамгалар деп кандай тамгаларды айтабыз?
3. Кыргыз тилинде канча йоттошкон тамга бар? Алар кайсылар?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: Манас, Ала- Тоо, Кошой, Ата Журт, Талас.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (Катагандын Кошою Манаска караан болуп, кырк үйлүүнү жай баракат көчүрүп, киндик кан тамган Ала-Тоого келе жатышты.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Таласты жерден чеп кылып, душмандын келер жолун таштан бек кылып, эл- журтуңду кастарлап күтүп ал, балам!), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

Окуучулар кыргыз алфавити жана тамгаларынын аталышы жөнүндө маалымат алышат. Манас баатыр жөнүндөгү текст менен таанышышат.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Оозеки- жазуу, текстти изилдөө.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги жай баракат, өргүмөк болушту, кулан, дил, басташар, азган-тозгон, кастарлап деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо - тапшырмаларды иштетүү.

**1-көнүгүү.**

Тексттин каармандарын окуяны жана анын болгон жерин айтып беришет. Бул көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштешет.



**2-көнүгүү.**

Тексттен Сары - Өзөнду, Таласты сүрөттөгөн сүйлөмдөрдү табышат. Көнүгүүнү оозеки жана топто иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: жай баракат, өргүмөк болушту, кулан, дил, басташар, азган-тозгон, кастарлап. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ ЖАНА ТАМГАЛАРДЫН АТАЛЫШЫ**

**Тилдеги бардык тамгалардын ирети менен жайгашышы алфавит деп аталат. Кыргыз алфавитиндеги 36 тамганын ар биринин өз орду, аталышы бар. Аа (а), Бб (бе), Вв(ве), Гг(Ге), Дд(де), Ее(йе), Ёё(йо), Жж(же), Зз(зе), Ии(и), Йй(ий), Кк(ка), Лл(эл), Мм(эм), Нн(эн), ң(эң), Оо(о), Өө(ө), Пп(пе), Рр(эр), Сс(эс), Тт(те), Уу(у), Үү(ү), Фф(эф), Хх(ха), Чч(ча), Шш(ша), Щщ(ща), Цц(це), ь(ичкертүү белгиси), Ыы(ы), ъ (ажыратуу белгиси), Ээ (э), Юю(йу), Яя(йа).**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**3-көнүгүү.**

Классташ балдардын атын өзүнчө, кыздардын атын өзүнчө алфавит тартиби боюнча жаздыруу. Көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштетүү.

**4-көнүгүү.**

Тексттен алфавит боюнча тиешелүү сөздөрдү таап, жаздыртуу.

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Манас жөнүндө билгендерин айттыруу. Класста «Манас» айткан балдар болсо, аларды «Манас» айттыруу. Картадан Талас, Чүй областтарын таптыруу.

**4. Предмет аралык байланыш: мекен таануу, адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Спорт оюндарын алфавит тартибинде жазгыла. Футбол, хоккей, теннис, баскетбол, гимнастика, музда бийлөө, күрөш, бокс, альпинизм.

**2-карточка:** Сүрөттө: китепканада китепканачы. Каталог менен иштеп жатат. Сүрөт боюнча аңгеме түз.Алфавит тартиби эмне үчүн керек?

## «Чыңгыз Айтматов» бөлүмү
## (19 саат)

| Улуу жазуучунун өрнөгү | Бул жер силерге мекен болот |
|---|---|
| Алгачкы эмгек акым | Угуу текст |

**Тема: Ачык муун.**

**Текст: «УЛУУ ЖАЗУУЧУНУН ӨРНӨГҮ»**

**Сабактын максаты:**

**«Чыңгыз Айтматов» темасында өтүлүүчү сабактардын максаты:**

1. **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө менен кыргыз тилинин муундук түзүлүшү, анын түрлөрү (ачык, жабык, туюк); ташымалдоо эрежелери, сөздөрдүн курамы, уңгу жана мүчөлөргө ажыратуу; тыбыштардын өзгөчөлүктөрү (к,п), уңгулаш сөздөр жөнүндөгү түшүнүктөргө ээ болушат. Ар кыл көнүгүүлөрдү иштөө аркылуу билгичтик көндүмдөргө жетишет.

2. **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди окуу менен кыргыз элин, жерин, тилин дүйнөгө тааныткан улуу инсан Ч.Айтматовдун өмүрүн жана чыгармачылыгын үйрөнүшөт; таанып-билүү, ой жүгүртүү жөндөмдөрү артат; чыгармачылыгы, сөз байлыгы, сабаттуулугу өөрчүйт.

3. **Тарбия берүүчүлүк:** Тексттерди үйрөнүү менен улуу жазуучунун өмүрүнөн өрнөк алышат, чыгармалары аркылуу адамдык баалуу сапаттарга тарбияланышат, жаман сапаттардан оолакташат. Өз элин, жерин, тилин сүйүүгө, кадырлоого тарбияланышат.

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Ачык муун жөнүндө маалымат алышат. «Улуу жазуучунун өрнөгү» тексти менен таанышышат. | Сөздөрдү муунга туура ажырата алышат. Муундун түрлөрүн билишет. Тексттин мазмунун түшүнүп, талдай алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| ачык муун жөнүндө билишсе. Текстти түшүнсө. | сөздөрдү муунга ажырата алса. Текстти түшүнүп ,талдай алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

1. **Даярдоонун алды.**
2. **Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Чыңгыз Айтматов жөнүндө аңгемелешүү.



2. Тамгалар кандай болуп бөлүнөт?
3. Баш тамгалар менен кайсы сөздөр жазылат?
4. Сүйлөм кандай тамга менен башталып жазылат?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: Чыңгыз агайыбыз, кыргыз эли, улуу адам, таалим, инсан.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (Бүтүндөй түрк дүйнөсүнүн үмүт-тилегинен жаралган жана ошол элдердин сыймыгы, мактанычы, көтөрүп жүрөр туусу, тиреп турар түркүгү болгон Чыңгыз агайыбыз тууралуу айта берсек сөз көп.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Биз балдарыбызга «Чыңгыз агайыңардын өмүрүнөн өрнөк алгыла!» демекчибиз.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

Окуучулар муун жөнүндө маалымат алышат. Улуу жазуучунун өрнөгү менен таанышышат.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Суроо-жооп, аңгеме түзүү, схема чийүү.

**II. Түшүнүү**

1. **Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

2. **Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө**

Тексттеги түркүк, өрнөк, эбегейсиз, миллиондогон, соңку, урпактар деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

3. **Текстти изилдөө**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү:

**1 - көнүгүү**

Суроолорго жооп алуу:

- Тексттин автору ким?
- Ал Чыңгыз Айтматовду кандай адам деп мүнөздөптүр?
- Текстте эмне үчүн: «Акыл оошот, ырыс жугушат»- деп айтылды?

4. **Сөз байлыгын өстүрүү**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: түркүк, өрнөк, эбегейсиз, миллиондогон, соңку, урпактар. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү**

**1. Эрежелерге баш ийүү**

**Ачык муун**

**Жалаң үндүү тыбыштан турган, же үндүү тыбыш менен аяктаган муун ачык муун деп аталат. Мисалы: суу, э-не, а-та, ке-ле.**

Эрежени таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-3- көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет**

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Чыңгыз Айтматов жана анын чыгармалары жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш: мекен таануу, адабий окуу, сүрөт**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Табышмактарды жандырып, муунга бөлүп, таблицага жазгыла. Булар кандай муундар?

1) *Өзү-кумсуз, баасы-пулсуз,*
*Жандуу-жансыз жашабайт мунсуз.*

| | |
|---|---|
| а | ба |

2) *Баса албайт, бирок жылат,*
*Балдарды курсант кылат.*

| | |
|---|---|
| ча | на |

3) *Сары сакал киши бар,*
*Санап бүткүс тиши бар.*

| | | |
|---|---|---|
| жү | гө | рү |

**2-карточка:** Класстагы буюмдарды муундарга ажыратып жазгыла. Ачык муундар кайсы сөздөрдө учурады.

**3-карточка:** Ата, апа, эки, экөө, туу деген сөздөрдү муундарга ажыраткыла. Үндүүлөрдү боёлбогон тегерекче, үнсүздөрдү боёлгон тегерекче менен белгилеп, муундардын схемасын чийгиле.

А-та 

**VI. Улантуу.**

**4- көнүгүү.**

Тексттеги сүрөт боюнча сүйлөмдөрдү түзүп, аларды муунга ажыратып схемасын чийип келишет.



**Тема: Сөздүн уңгу жана мүчөгө бөлүнүшү**

**Текст: Ч. Айтматов «Алгачкы эмгек акым»**
**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сөздүн тутуму эки бөлүмдөн турарын жана уңгу жөнүндө билишет. Ч. Айтматов "Алгачкы эмгек акым" аңгемесинин 1-бөлүмү менен таанышышат. | Окуучулар сөздөрдү сөздүн курамына ажырата алышат, уңгуну таба алышат. Текстке изилдөө жүргүзө алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сөздүн тутуму жана уңгу жөнүндө билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | сөздөрдү сөздүн тутумуна карай ажырата алса. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**
**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары жөнүндө аңгемелешүү.
2. Ташымал деп эмнени айтабыз?
3. Ташымалдоонун кандай эрежелери бар?

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө**

Сөздөр: Жайлоо, чоң эне, Дон айгыры, уулуу чөп, мал доктур, жылкычылар.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (Күндөрдүн бир күнү жайлоодогу эл дүрбөп эле калды. Анан көп өтпөй алар жыйналып, акыл-насаат суроо үчүн чоң энемдин боз үйүнүн алдына топтолду.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Тиги орус же кыргызча билсечи, же биздикилер орусча билсечи. Ал кезде эки тил билгендер өтө сейрек учураган.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

Окуучулар уңгу жөнүндө маалымат алышат. Кичинесинен эмгек кылууга багыт алышат.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Көчүрүп жазуу, текстти изилдөө, сөздөрдү анализдөө.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги дүрбөп, өлчөөсүз, баасы кунсуз, заар чөп, кат, акт деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

**1 - көнүгүү.**

Тексттин каармандарын, окуяны жана анын болгон жерин айттыруу.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: түркүк, дүрбөп, өлчөөсүз, баасы кунсуз, заар чөп, кат, акт. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**УҢГУ**

**Сөздөр маани берүүчү негизги жана ага жалганган көмөкчү бөлүктөрдөн турат. Сөздүн маани берүүчү негизги бөлүгү уңгу деп аталат. Мисалы: жазуучу деген сөз жаз жана *-уу, -чу* деген бөлүктөрдөн турат. Уңгусу жаз болот.**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүүнү өз алдынча иштешет, сөздөрдүн уңгуларын табышат.**

**3-көнүгүү**

Тексттин башындагы 3 сүйлөмдү көчүрүп жазып, сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажыратышат.



**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Жайлоого чыгышты беле? Жайлоого чыккандагы көргөн-билгендерин айттыруу.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Ырды окуп чыккыла. Уңгу түрүндөгү сөздөрдүн астын сызгыла.

**«Тайталаш»**

*Эртең десем бүгүн - дейт,*
*Токто десем жүгүр - дейт,*
*Ысык десем муздак - дейт,*
*Шаар десем кыштак - дейт,*
*Жайлоо десем жака - дейт,*
*Балык десем бака - дейт,*
*Узун десем кыска - дейт.*
*Ойгон десем уктайм - дейт,*
*Талашкандан чарчабас,*
*Мына ушундай тайталаш.*

Т. Самудинов

**2-карточка:** Текстти окугула. 3 сүйлөмдө тең кездешкен сөздүн астын сызгыла. Аларды уңгу жана мүчөгө ажыраткыла.

**Сарымсак**

*Сарымсакта көп пайдалуу заттар бар. Сарымсактын ширеси жаратты айыктырат. Сарымсакты жөтөлгө да колдонушат.*

**3-карточка:** Сүрөт боюнча 3 сүйлөм түзгүлө. Аларды уңгу жана мүчөлөргө ажыраткыла. Сүрөттө: Гезитчи адам газета таратып жүрөт.

**VI. Улантуу.**

**4- көнүгүү.**

Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, ага карата аңгеме түзүп, аны дептерлерине жазып келишет.

## Тема: УҢГУЛАШ СӨЗДӨР

**Текст: «... УШУЛ ЖЕР СИЛЕРГЕ МЕКЕН БОЛОТ».** Ч. Айтматовдун «Ак кеме» повестинен үзүндү)

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар уңгулаш сөздөр жөнүндө маалымат алышат. «Ак кеме» повестинен үзүндү менен таанышышат. | Окуучулар уңгулаш сөздөрдү сөздүн курамынан таап, ага талдоо жүргүзө алышат. Тексттин мазмунуна изилдөө жүргүзүшөт. | Окуучулар ар бир адамга Мекени ыйык экендигин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сөздүн тутуму жана уңгу жөнүндө билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | сөздөрдү сөздүн тутумуна карай ажырата алса. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

1. **Даярдоонун алды.**

2. **Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Ч. Айтматовдун алгачкы эмгек акысы жөнүндө аңгемелешүү.
2. Мүчө деп эмнени айтабыз?
3. Кыргыз тилинде кандай мүчөлөр бар?

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: Майрык-Чаар-Жезкемпир, жетимдер, Ала-Тоо, Ысык-Көл, ак сүтү менен багып, бөрүлөр кууду, мергенчилер кубалады, жеткирбей качты.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (- Кантейин, болуптур, –деди ойлонуп туруп Майрык-Чаар-Жезкемпир. - Сурап калдың, ал. Бирок тез кет буерден. Жетимдерди алыс жерине аман жеткир.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн («Бул адамдардан жакшылык жок, балдарым, бекем олтургула!»–деп Бугу-Эне жебеге жеткирбей качты.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.



г) Максатты аныктоо.

Окуучулар уңгулаш сөздөр жөнүндө маалымат алышат. Бугу-Эне жөнүндөгү уламыш менен таанышышат.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

Сөз оюну, текст изилдөө, суроо-жооп.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.
б) Окуу.
в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги каракчы, тукуму курут болуп, уч-кыйыры жок, үйүр-тобу, алкак деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

**1-көнүгүү.**

Тексттин каармандарын окуяны жана анын болгон жерин айттыруу. Бул көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: каракчы, тукуму курут болуп, уч-кыйыры жок, үйүр-тобу, алкак. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**УҢГУЛАШ СӨЗДӨР**

**Бир эле уңгуга ар түрдүү мүчөлөрдүн улануусу менен жаңы сөздөр түзүлөт. Мындай сөздөр уңгулаш сөздөр болушат. Мисалы: тоо, тоо- луу, тоопук, тоо-дой.**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

2. **Изилдөө.**

2- **көнүгүү.**

Тексттен уңгусу бирдей сөздөрдү таап, көчүрүп жазышат. Көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштешет.

3. **Турмуш менен байланыштыруу.**

Бугупар жөнүндө, Ала-Тоо, Ысык-Көл жөнүндө китепти карап, ата-энесинен сурап, материалдарды чогултуп келүү. Кыргызстандын картасынан Ала-Тоону, Ысык- Көлдү көрсөтүп берүү.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, мекен таануу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Уңгулаш сөздөрдү эки катарга бөлүп жазгыла. Уңгусун белгилегиле. Суу, атчан, суучул, аттар, аткана, суудай, ат, суулар, суулук, ат чабыш.

**2-карточка:** Сөздөрдөн уңгулаш сөздөрдү түзгүлө.

акыл

дары

**3-карточка:** Жаңылмачты жатка айткыла. Уйкаштырып дагы 2 сап кошкула.

Сен эмне олураясың?

Олураярыңа олурай.

**VI. Улантуу**

Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, ага карата аңгеме түзүп, аны дептерлерине жазып келишет.

**Оюн жана спорт бөлүмү**

**(19 саат)**

Жандырмагы сүрөттө

Селкинчек Жылгаяк Мультфильм

Сыйкырдуу чүкө

Оюбуз да, боюбуз да тең өссүн

Пайдалуу белек

**«Оюн жана спорт» темасында өтүлүүчү сабактардын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө аркылуу тилибиздеги зат, сын, сан, ат атооч, этиш сөздөрдү таанып, билишет. Аларга суроо берилүүчү сөздөрдү таап, алардын сүйлөмдөгү ордун жана ролун түшүнүшөт. Сүйлөмдө бул сөздөрдү ыктуу, туура колдонууга үйрөнүшөт.



**2. Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди үйрөнүү, таануу аркылуу чыгармачылыгы өркүндөйт. Текстти кайра жаратып түзүүгө, өзүнүн чыгармасын жаратууга аракеттенет. Натыйжада сөз байлыгы, фантазиясы, кругозору өрчүйт. Сезимдүү, көркөм, шар окууга, сабаттуу жазууга машыгышат.

**3.Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди окуу менен сергек жашоо көндүмдөрүн өздөштүрүшөт; турмушундагы оюн жана спорттун маанисин түшүнүшөт; ден соолукту чыңдоо, ага камкордук көрүүгө үйрөнүшөт. Спорт жана улуттук оюндар аркылуу ыкчамдык, шамдагайлык, сезимталдык ж.б. сапаттарга тарбияланышат.

**Тема: ЗАТТЫН АТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР**

**Текст: «Жандырмагы сүрөттө» (1- бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар заттын атын билдирген сөздөр менен таанышышат. «Жандырмагы сүрөттө» ырынын мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар заттын атын билдирген сөздөрдү таап, аларга суроо коё алышат. Текстти талдай алышат. | Окуучулар ой жүгүртүүгө, тапкычтыкка үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| заттын атын билдирген сөздөрдү билсе. Ырдын мазмунун түшүнсө. | заттын атын билдирген сөздөрдү билсе. Ырдын мазмунун түшүнсө. | ой жүгүртүүгө, тапкычтыкка умтулса. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Спорт, балдардын ойногон оюндары, улуттук оюндар жөнүндө аңгемелешүү.
2. К, п тыбыштары кайсы учурда өзгөрүп айтылат?
3. К,п тыбыштары өзгөрүп айтылган учурларга мисалдарды келтиргиле.

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: жандырмак, сүрөт, гүл салынган нерсе, жол жүргөн адам, апамдын бут кийими, баарыбыз сүйгөн тамак.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи ( Мөлтүрөп бышат шактарда. Каалгып жылат асманда.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Араба жүрбөйт, карап ал. Сөөмөйгө кий да, жамап ал.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

**II. Түшүнүү**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги мүлк, сөөмөй деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

**2- көнүгүү.**

Мектепте кимдер курчап тургандыгын топто иштеп айтып беришет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: мүлк, сөөмөй. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**ЗАТТЫН АТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР**

**Бизди курчап турган нерселердин бардыгы зат болот. Заттын атын билдирген сөздөр ким? жана эмне? деген суроолорго жооп берет.**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**1-көнүгүү.**

**Суроолорго жооп алуу:**

- Мөлтүрөп шактарда бышып турган эмне?
- Каалгып асманда жылган эмне?
- Гүл салынып турган идиш эмне?
- Эмнени айланып бийлейбиз?
- Жол жүргөн адам ким?
- Тексттен кандай жаңы сөздөрдү үйрөндүңөр?

**Табышмактардын жандырмактарын дептерлерине жаздыруу.**



**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Айлана- чөйрөсүндөгү курчап турган нерселер жөнүндө жаздыруу.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, мекен таануу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Заттардын атын билдирген сөздөрдү тапкыла.

1. Адептүү алкыш алат,
Адепсиз каргыш алат.

2. Эр жигит эл четинде, жоо бетинде.

**2-карточка:** Сүрөттөгүлөрдүн баш тамгаларын карасаңар, макалды окуйсуңар. Макалдагы заттардын атын билдирген сөздөр кайсылар?

| | | | |
|---|---|---|---|
| араба | газета | алча | наны |
| ышкырык | китеп | өрүк | радио |
| үй | пахта | ийнелик | найза |
| ит | өрдөк | самын | өтүк |

**3- карточка:** Заттардын атын билдирген сөздөрдү таап, аларга суроо бергиле.

**Кимге эмне керек?**

*Мамалакка бал керек,*
*Улактарга тал керек.*
*Кулапдарга чөп керек,*
*Болгондо да көп керек.*

*Буудай керек Орозго,*
*Таруу керек корозго.*
*Татыбаган алкоого,*
*Уйку керек жалкоого.*

(Т. Кожомбердиев)

**VI. Улантуу.**

**3- көнүгүү.**

Кроссвордду толтуруп келүү.

**Тема: ЗАТТЫН КЫЙМЫЛ-АРАКЕТИН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР**

**Текст: «Селкинчек»**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар заттын атын кыймыл-аракетин билдирген сөздөр менен таанышышат. «Селкинчек» ырынын мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү таап, талдоо жүргүзө алышат; тексттин мазмунуна изилдөө жүргүзө алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү билсе. Ырдын мазмунун түшүнсө. | заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө талдоо жүргүзө алса. Ырдын мазмунун түшүнүп, аны изилдей алса.. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

1. **Даярдоонун алды.**

2. **Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Тексттин 1-бөлүмү боюнча жана грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Жансыз зат атоочторго мисал келтиргиле.
2. Жансыз зат атоочторго кандай суроо берилет?
3. Жансыз зат атоочторго карата жасаган открыткаларыңарды көрсөтүп, алар жөнүндө айтып бергиле.

б) Таяныч сөздөр менен иштөө.

Сөздөр: айлана чийген, ылайдан уя салган, лента жол, айлардын башы.

в) Текстти таануу жана божомолдоо.

Биринчи (Көк чийип тебебүз, Селкинчек тебебиз.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Анык жол мына ушул - Алпарчу космоско!), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

г) Максатты аныктоо.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги көк чийип, күүлөйбүз, оболоп, ылаачын деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.



**3. Текстти изилдөө.**

**1- көнүгүү.**

Тексттин каармандарын, окуяны жана окуянын болгон жерин айтып беришет. Бул көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: көк чийип, күүлөйбүз, оболоп, ылаачын. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

1. **Эрежелерге баш ийүү.**

**Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөр. Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат? деген суроолор берилет. Алар этиш сөздөр деп аталат.** Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

2. **Изилдөө.**

**2-көнүгүүнү жазуу жүзүндө, өз алдынча, 3-көнүгүүнү оозеки, топтордо жана 4- көнүгүүнү оозеки, өз алдынча иштешет.**

3. **Турмуш менен байланыштыруу.**

Селкинчек жана башка балдар оюндары жөнүндө аңгемелешүү.

4. **Предмет аралык байланыш: адабий окуу, мекен таануу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1- карточка:** Жаңылмачтарды жатка айткыла.

1. *Ай талаада кар ышкырат,*
*Андан коркпойт карышкыр ат.*
2. *Сүзбөсүн деп эч кимди,*
*Байлап салдым эчкимди.*

**2-карточка:** Макалды окуп, заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү тапкыла.

*Акылы бар билимди самайт,*
*Акылы жок кийимди самайт.*

**3-карточка:** Табышмактын жандырмагын тапкыла. Кыймыл- аракетти билдирген сөздөр кайсылар?

1. *Көөдөй кара тактайга*
*Аппак изин калтырат.*
*Аны менен дос болсоң,*
*Түшүнүгүң артылат.*

(б.р)

**VI. Упантуу.**

Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, ага карата аңгеме түзүп, аны дептерлерине жазып келишет.

## Тема: ЭМНЕ КЫЛАТ? ДЕГЕН СУРООГО ЖООП БЕРГЕН СӨЗДӨР

**Текст: «Мультфильм»**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү билишет. "Мультфильм" ыры менен таанышышат. | Окуучулар эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү тексттен таба алышат. Ырдын мазмунун талдай алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү билсе. Ырдын мазмунун түшүнсө. | эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү тексттен таба алса. Ырдын мазмунун талдай алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

**а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү.**

1. «Жылгаяк» ырында эмне жөнүндө айтылат?
2. Өзүңөрдүн жылгаяк тепкениңер жөнүндө айтып бергиле.
3. Эмне кылды? деген суроого кандай сөздөр жооп берет?
4. Бул суроого жооп берген сөздөрдү атагыла.

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө:**

мультфильм, сыналгы, аюу, түлкү, карышкыр, пил.

**в) Текстти таануу жана божомолдоо**

Окуучуларга тексттин биринчи (Сыналгыдан биз бүгүн, Көрдүк кызык мультфильм.) жана акыркы (Кыял-ойду эргитип, Кызык тура... мультфильм.) сүйлөмдү, таяныч сөздөрдү окуп бериңиз жана окуучуларыңызга окуя эмне жөнүндө болорун божомолдоп айтып берүү тапшырмасын бериңиз.



**г) Максатты аныктоо.**

Бул сабакта: Мультфильм ыры менен таанышышат жана эмне кылат? деген суроого жооп берген сөздөрдү үйрөнүшөт.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктоо:**

Оозеки, жазуу, өз алдынча жана топто иштөө.

**2. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөр менен иштөө: сыналгы, амал, тумшук, бөлтүрүк.

**3. Текстти изилдөө.**

**1-көнүгүү.**

Тексттен кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү дептерлерине көчүрүп жазып, аларга суроо беришет. Көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча аткарышат.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүү; жаңы сөздөрдү сөздүк дептерине жаздыртып, алар менен сүйлөм түздүртүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Эмне кылат? деген суроо биз сүйлөп жаткан учурдан кийин боло турган кыймыл- аракетти билдирүүчү сөздөргө берилет.**

Бул эрежени окуучуларга таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2- көнүгүү.**

*Эмне кылат? жана Эмне кылышат? деген суроолорду берип, сөздөрдү боло турган иш катары өзгөртүп түздүртүү. Мисалы: көрдүк- көрөбүз, сүйлөдү- сүйлөйт, бийледи- бийлейт, учуп жүрдү- учуп жүрөт.*

**3. Күнүмдүк турмуш менен байланыштыруу.**

Көргөн мультфильмдери жана алардын каармандары жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Сүрөт, мекен таануу, адабий окуу сабагы менен байланышта өтүү.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Табышмактарды жандыргыла. Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла.

1. *Чулгап алат ак мамык,*
*Тоо-токойдун арасын.*
*«А» тамгасын уласаң,*
*Көөнүн өңүн табасың.*
(Кар-кара).

2. *Таңында эрте ойгонуп,*
*Тамак издеп какылдайт.*
*«К» тамгасын өчүрсө,*
*Көктү тиреп заңкылдайт.*
(Тоок-тоо).

**2-карточка: Табышмакты жандыргыла. Табышмактагы чуу салат деген сөзгө суроо бергиле.**

*Тегереги от,*
*Ортосу суу,*
*Бир аздан соң,*
*Көтөрүлүп буу,*
*Салат чуу,*
*Тезинен тап,*
*Эмне экен бу?*
(Самоор).

**3-карточка:** Окуйт, жазат, ойнойт, сүрөт тартат деген сөздөрдү катыштырып, сүйлөмдөрдү түзгүлө.

**V. Улантуу.**

**3- көнүгүү.**

Мектептен үйгө барганда эмне иш аткарары жөнүндө жазып келүү, андагы кыймыл- аракетти билдирген сөздөрдүн астын сызуу жана аларга суроо берүү.

**Тема: ЗАТТЫН СЫН-СЫПАТЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР**

**Текст: «Сыйкырдуу чүкө» (1-бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар заттын сын-сыпатын билдирген сөздөр менен таанышылышат. Сыйкырдуу чүкө текстинин 1-бөлүмүнүн мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү таап, талдай алышат. Тексттин мазмунун изилдей алышат. | Окуучулар достукту баалай билүүгө үйрөнүшөт. |



**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү тексттен таба алса. Тексттин мазмунун талдай алса. | тексттин мазмунун талдоо учурунда достукту баалоо керек экенин сезсе. |

**I. Даярдоо.**

1. **Даярдоонун алды.**

2. **Акыл даярдыгы:**

а) **Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү.**

1. «Мультфильм» текстинде эмне жөнүндө айтылат?
2. Эмне кылды? деген суроого кандай сөздөр жооп берет? Мисал келтиргиле.
3. Эмне кылып жатат? деген суроого кандай сөздөр жооп берет?
4. Эмне кылат? деген суроого кандай сөздөр жооп берет? Мисал келтиргиле.

б) **Таяныч сөздөр менен иштөө.**

Чүкө, кедейдин баласы, байдын баласы, чүкө ойноо, уттуруу, кыялдануу.

в) **Текстти таануу жана божомолдоо.**

Окуучуларга тексттин биринчи (Бир курдай кедейдин баласы байдын баласы менен чүкө ойноп, чүкөсүнүн баарын уттуруп ийиптир.) жана акыркы (-Барып чүкөлөрүңдү тиги томояктын чүкөсүнө алмашып кел. Кааласа койдон да бергин,- дейт.) сүйлөмдөрдү, таяныч сөздөрдү окуп бериңиз жана окуучуларыңызга окуя эмне жөнүндө болорун божомолдоп айтып берүү тапшырмасын бериңиз.

г) **Максатты аныктоо.**

Бул сабакта: «Сыйкырдуу чүкө» жомогу менен таанышышат жана заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү үйрөнүшөт.

д) **Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктоо.**

Оозеки, жазуу, өз алдынча жана топто иштөө.

**2. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөр менен иштөө: бир курдай, үйүр-үйүр, томаяк, кубанычы койнуна батпай.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо- тапшырмаларды иштетүү:

**1-көнүгүү.**

Тексттин каармандарын, окуяны жана болгон жерин жаздыртуу.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүү: бир курдай, үйүр-үйүр, томаяк, кубанычы койнуна батпай. Жаңы сөздөрдү сөздүк дептерине жаздыртып, алар менен сүйлөм түздүртүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөргө заттын өңүн, түсүн, даамын, формасын, көлөмүн билдирген сөздөр кирет. Аларга *кандай? кайсы?* деген суроолор берилет.**

Бул эрежени окуучуларга таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Тексттеги сын-сыпатты билдирген сөздөрдү дептерлерине көчүртүп жаздыртуу.

**3-көнүгүү.**

Каармандарды (кедейдин баласын, байдын баласын) сүрөттөп жаздыртуу. Сын-сыпатты билдирген сөздөрдүн астын сыздыртуу. Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана топтордо иштешет.

**3. Күнүмдүк турмуш менен байланыштыруу.**

Окуучулардан чүкөлөрү барбы, алар менен кантип ойношот, кимдер менен ойношот? деген сыяктуу суроолорго жооп алуу.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Сүрөт, мекен таануу, адабий окуу сабагы менен байланышта өтүү.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Ырдагы заттын өңүн-түсүн билдирген сөздөр кайсылар?

*Жайнаган гүлдөр көп,*
*Жашыл, ак, кызыл, көк.*
*Салаалап күн нуру,*
*Саамайдан сылайт өөп.*

(Ж. Жапиев)



**2- карточка:** Ырдагы сын-сыпатты билдирген сөздөрдүн ичинен мааниси карама-каршы сөздөрдү тапкыла.

*Чоң, кичине, түз, кыйшык,*
*Тоодо түрдүү дарак бар.*
*Бийик, жапыз, кыска, узун,*
*Көркөм, кооз арчалар.*

**3-карточка:** Жаңылмачты жатка айткыла. Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөрдү тапкыла.

*Чоң казандын кырмычык,*
*Тоё жедим тырмышып.*
*Кичине казан кырмычык,*
*Кырып жедим тырмышып.*

**VI. Улантуу**

**4- көнүгүү**

Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, ал боюнча аңгеме түзүп келишет.

**Тема: ЗАТТЫН САНЫН БИЛДИРГЕН СӨЗДӨР**

**Текст: «Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн!»**

**Сабактын максаты**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар заттын санын билдирген сөздөр менен таанышышат. «Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн!» деген тексттин түшүнүшөт. | Окуучулар заттын санын билдирген сөздөрдү тексттен таап, талдай алышат. Тексттин мазмунуна изилдөө жүргүзүшөт. | Окуучулар ойду да, бойду да өстүрүү керек экендигин билишет. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| заттын санын билдирген сөздөрдү билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | заттын санын билдирген сөздөрдү тексттен таба алса. Текстти изилдей алса. | тексттин мазмунун талдоо учурунда ойду да, бойду да өстүрүү зарыл экендигин сезсе. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

**а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү.**

1. «Сыйкырдуу чүкө» текстинде эмне жөнүндө айтылат?
2. Жаттаган макалдарыңарды айтып бергиле.
3. Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөр жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.
4. Ал сөздөр кайсы суроого жооп берет? Мисал келтиргиле.

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө**

*Көптү билүү, көптү үйрөнүү, китептер, журналдар, ден-соолугун чыңдоо, эрте туруу, муздак сууга жуунуу, сак-саламатта болуу.*

**в) Текстти таануу жана божомолдоо**

Окуучуларга тексттин биринчи (Көптү билип, көптү үйрөнүш үчүн, албетте, ар нерсеге дилгир болуш керек, байкагыч болуш керек.) жана акыркы (Оюбуз менен боюбуз тез өсөт. Кандай сонун!) сүйлөмдөрдү, таяныч сөздөрдү окуп бериңиз жана окуучуларыңызга окуя эмне жөнүндө болорун божомолдоп айтып берүү тапшырмасын бериңиз.

**г) Максатты аныктоо.**

Бул сабакта: «Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн!» тексти менен таанышышат жана заттын санын билдирген сөздөрдү үйрөнүшөт.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктоо.**

Оозеки, жазуу, өз алдынча жана топто иштөө.

**2. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөр менен иштөө: дилгир, байкагыч, чымыр, шайкеш.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү.

**1- көнүгүү.**

Өздөрүнүн күнүмдүк режимин үлгүгө карап айтып беришет. Бул көнүгүүнү оозеки жана өз алдынча иштешет.



**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүү: дилгир, байкагыч, чымыр, шайкеш. Жаңы сөздөрдү сөздүк дептерине жаздыртып, алар менен сүйлөм түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Заттын санын билдирген сөздөр канча? нече? деген суроолорго жооп берет. Алар сөз менен да, сан менен да жазылат.**

Бул эрежени окуучуларга таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Табышмакты көчүртүп жаздыртып, андагы сан атоочтордун астын сыздыртуу.

**3-көнүгүү.**

Макалдарды толуктап жаздыртуу. Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет.

**3. Күнүмдүк турмуш менен байланыштыруу.**

Окуучулардын өздөрүнүн күнүмдүк режими жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Сүрөт, мекен таануу, адабий окуу сабагы менен байланышта өтүү.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Батаны окуп, заттын санын билдирген сөздөрдү тапкыла. Ата-энеңер силерге эмне деп бата берет, айтып бергиле.

*Тогузу болгун жылдыздын,*
*Туйгуну болгун кыргыздын!*
*Жетиси болгун жылдыздын,*
*Жетиги болгун кыргыздын!*
(Элдик бата)

**2-карточка:** Бул күчүктөрдүн атын шифрлердин жардамы менен тапкыла.

| м | а | ы | с | у | ч | р | к | й | о | ж | т | п | л |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 |

1-күчүк 5,6,2,7

2-күчүк 8,5,1,2,9,3,8

3-күчүк 2,8,11,10, 14,12,10,9

**3-карточка.** Табышмакты жандыргыла. Заттын санын билдирген сөздөрдү таап, аларга суроо бергиле.

*Ага жайып китебиң,*
*Даярдайсың сабагың.*
*Төрт буту бар болсо да,*
*Бир шилтебейт кадамын.*

(ст. л)

**VI. Улантуу.**

**4 - көнүгүү.**
"Күн желеси" угуу тексти боюнча баяндама жазып келишет.

**«БИРИНЧИ БАЙЛЫК – ДЕН СООЛУК» БӨЛҮМҮ**

**(14 саат)**




**«Биринчи байлык - ден соолук» темасында өтүлүүчү сабактардын максаты:**

**1. Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө аркылуу тилибиздеги сөз жана сүйлөм түшүнүктөрү боюнча билимдерин тереңдетишет. Кырдаалга



жараша жай, суроолуу, илептүү сүйлөмдөрдү түзүп, алардын зарылчылдыгын үйрөнүшөт; сүйлөмдүн баш мүчөлөрү болгон ээ менен баяндоочту табуу, суроо коюу, алардын милдетин аткарган сөздөргө анализ жасоого үйрөнүшөт.

**2. Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди таануу менен катар грамматикалык түшүнүктөрү, дүйнө таанымдары, ой жүгүртүү, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү артат. Оозеки жана жазуу кептери өнүгөт, сабаттуу жаза жана сүйлөй билүүгө машыгышат.

**3. Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди үйрөнүү менен ден соолукка көңүл буруу, аны бекемдөө, сактоо көндүмдөрүнө ээ болушат. Адептүүлүккө, таза, тартиптүү болуп чоңоюуга, боорукер болуп, айлана-чөйрөгө туура мамиле жасоого тарбияланышат.

**Тема: СӨЗ ЖАНА СҮЙЛӨМ**

**Текст: «Сүттөй эки тазалык» (1- бөлүм)**
**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сөз жана сүйлөм жөнүндө билишет. «Сүттөй эки тазалык» текстинин 1-бөлүмү менен таанышышат. | Окуучулар сөз жана сүйлөмдү ажырата алышат. Текстти талдай алышат. | Окуучулар адамга эки тазалык бирдей керек экендигин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**
Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сөз жана сүйлөм жөнүндө билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | сөз жана сүйлөмдү ажырата алса, сүйлөм түзө алса. Текстти талдай алса. | текстти талдоо учурунда адамга эки тазалык бирдей керек экендигин түшүнсө. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Ден соолук жөнүндө аңгемелешүү
2. Ден соолугу чың болушу үчүн эмне кылыш керек?

1. Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөргө мисалдарды келтиргиле.

2. Заттын санын жана иретин билдирген сөздөрдү атагыла.

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө.**

Сөздөр: тазалык, үйүбүз, буюмдарыбыз, оюнчуктарыбыз, таза кармоо, микроб, жаман кылык-жорук.

**в) Текстти таануу жана божомолдоо.**

Биринчи (Кичинекей достор! Бул ирет өзүбүздүн тазалык жөнүндө сөз кылсак.) жана акыркы (Алар бизге жаман кылык- жоруктардан, жаман кинолордон, жаман ой-пикирлерден, жаман адамдардан жугат.) сүйлөмдүн, таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

**г) Максатты аныктоо.**

Бул сабакта сөз жана сүйлөм жөнүндө маалымат алышат жана ден соолуктун булагы болгон тазалык жөнүндө текст менен таанышышат.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.**

Жазуу, оозеки, кластер түзүү.

**II. Түшүнүү.**

1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги рухий, гигиеналык, микроб, микроскоп деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү:

**1-көнүгүү.**

Текстте канча сөз жана канча сүйлөм бар экендигин санашат. Өз алдынча оозеки иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: рухий, гигиеналык, микроб, микроскоп. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Сөз ар түрдүү маанилерди түшүндүрөт.**

**Сөздөрдөн сүйлөмдөр куралат.**



***Сүйлөм бир нече сөздөрдөн, кээде бир сөздөн туруп, бүткөн айрым бир ойду билдирет.***

***Сүйлөмдүн жай сүйлөм, суроолуу сүйлөм, илептүү сүйлөм, буйрук сүйлөм деген түрлөрү бар.***

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Тексттеги сөздөрдү изилдөө. Жөнөкөй жана татаал сөздөрдү жаздыруу.

**3-көнүгүү.**

Сөздөн сөз жараттыруу. Микробдор деген сөздөн төмөнкүдөй сөздөр жаралат: бор, ким, ромб, доор, боор, короо, оор ж.б. Бул сөздөргө сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**4-көнүгүү.**

Сөздөрдөн сүйлөмдөрдү куратуу.

1. *Тазалык – өмүрдүн булагы.*
2. *Таза жүргөндүн дени сак.*
3. *Аба тазалыгы тамактан зарыл.*

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Өздөрүнүн үйлөрүн, буюмдарын, оюнчуктарын кантип тазалай тургандыгы жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Текстти окуп чыккыла, анда канча сөз, канча сүйлөм бар экендигин санагыла.

**Кыргыз жергеси**

*Тегерете курчаган ак карлуу Ала-Тоо, боор жапкан көркү кооз чер токой. Ортодо көз жетпеген көк деңиз мөлтүрөйт. Буурул толкундары арылдаган шамалга бир четинен түрүлүп, бир четинен үркүп жатат. Көлдүн баш-аягына көз жетпейт. Этегинен күн чыкса, төрүндө али таң ата элек. Ала-Тоонун аркасында мунаралаган Теңир-Тоо катарына сан жеткис. (Ч. Айтматов)*

**2-карточка:** Макалды окуп, маанисин түшүндүргүлө.

Тазалык – ден соолуктун булагы.

**3-карточка: Сүйлөмдөрдү тууралап түзгүлө.**

**1. Сүйөбүз, тазалыкты биз.**

**2. Китептерди, кызыктуу, алдык, китепканадан.**

**VI. Улантуу.**

**5- көнүгүү.**

Кластерди толтуруп келүү.

### Тема: СҮЙЛӨМДҮН ЭЭСИ

**Текст: «Тамактануу этикасы»**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сүйлөмдүн ээси жөнүндө маалымат алышат. «Тамактануу этикасы» тексти менен таанышышат. | Окуучулар сүйлөмдөн сүйлөмдүн ээсин таба алышат. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алышат. | Окуучулар тамактануу этикасын үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сүйлөмдүн ээсин билсе. Тексттин мазмунун түшүнө алса. | сүйлөмдүн ээсин сүйлөмдөрдөн таба алса. Текстти талдай алса. | текстти талдоо учурунда тамактануу этикасын үйрөнсө. |

**I. Даярдоо.**

1. **Даярдоонун алды.**

2. **Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Грамматикалык материалдар боюнча суроолор:

1. Сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар экен?
2. Жай сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле.
3. Суроолуу сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле
4. Илептүү сүйлөм деп кандай сүйлөмдү айтабыз? Мисал келтиргиле

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө.**

Сөздөр: *колду жуу, тамакка отуруу, улуу-кичүү, шорулдатпай ичүү, өлчөмү менен жеш, бата тилөө.*



**в) Текстти таануу жана божомолдоо.**

Биринчи (Эң биринчи колду таза жууп, анан тамакка отуруу керек.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Тамактанып бүткөн соң дасторконго бата тилеп, тургандан кийин колду жууш керек.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

**г) Максатты аныктоо.**

Бул сабакта сүйлөмдүн ээси жөнүндө маалымат алышат жана тамактануу этикасын үйрөнүшөт.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.**

Жазуу, оозеки, суроо- жооп, аңгеме түзүү.

**II. Түшүнүү.**

1. **Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.

б) Окуу.

в) Визуалдык окуу.

2. **Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги этика, сапат, жолтоо болбой, өлчөмү менен деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

3. **Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү:

**1-көнүгүү.**

Тексттен эмнелерди үйрөнгөндөрү жөнүндө жаздыртуу.

4. **Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: этика, сапат, жолтоо болбой, өлчөмү менен. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыртуу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

1. **Эрежелерге баш ийүү.**

**Сүйлөмдөгү негизги ойду билдирип турган жана ким? эмне? кимдер? эмнелер? деген суроолорго жооп берген сөздөр сүйлөмдүн ээси болот. Сүйлөмдүн ээсинин асты бир түз сызык менен сызылат.**

Эрежелерди таблицалардын жардамы менен түшүндүрүү.

2. **Изилдөө.**

**2- көнүгүү.**

Текст канча сүйлөмдөн тургандыгын саноо. Сүйлөмдөрдүн ээсин таптыруу.

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Өздөрү тамактануу этикасын кантип колдонору жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка**:Текстти окугула. Сүйлөмдөрдүн ээсин тапкыла.

**Эмгек сабагы**

*Класста кол эмгек сабагы өтүп жатты. Роза эже балдарга кагаз менен желим таратып берди. Алар кагаздан роза гүлдөрүн жасашты. Роза гүлдөрү абдан кооз болду.*

**2-карточка:** Текстти көчүрүп жазгыла. 1-сүйлөмдүн ээсинин астын сызгыла. Айбек менен Эрмек столдогу кагаздын калдыктарын жыйнашты. Розаларды идишке салып коюшту. Класстын ичи көркүнө чыга түштү.

**3-карточка:** Адашкан сөздөрдөн макалды курагыла.

Алтын, чыгат, жерден,
Чыгат, элден, баатыр.

**VI. Улантуу.**

**3- көнүгүү.**

Сүрөттөгү тамактарды кантип жеш керектиги жөнүндө аңгеме түзүү.

**Тема: СҮЙЛӨМДӨ ЭЭНИН МИЛДЕТИН АТКАРГАН АДАМ АТТАРЫ**

**Текст: «Кагаздан жасалган миң турна» (1-бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттары менен таанышышат. «Кагаздан жасалган миң турна» аңгемесинин 1- бөлүмүнүн мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттарын сүйлөмдөн таба алышат. Тексттин мазмунун талдай алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |



**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттарын билсе, текстти изилдей алса. | сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттарын сүйлөмдөн таба алса. Тексттин мазмунун талдай алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алышса. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

**2. Акыл даярдыгы:**

**а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эске түшүрүү. Грамматикалык материалдар боюнча суроолор:**

1. Сүйлөмдүн ээси деп эмнени айтабыз?
2. Ал кандай сызык менен сызылат?
3. Сүйлөмдүн ээсине мисал келтиргиле.

**б) Таяныч сөздөр менен иштөө.**

Сөздөр: Дүйнөлүк экинчи согуш, Америка, Япония, атом бомбасы, Хиросима.

**в) Текстти таануу жана божомолдоо.**

Биринчи (1945-жылы дүйнөлүк экинчи согуш аяктаганда, Америка Япониянын эки шаарына эки атом бомбасын жардырган.) жана акыркы сүйлөмдөрдүн (Андан он эки жыл өткөн соң Хиросимадан бир канча алыс турган шаарда жашаган Садако аттуу кыз катуу ооруп калат. Ал он үч гана жашта эле.), таяныч сөздөрдүн жардамы менен текстти божомолдоп айтышат.

**г) Максатты аныктоо.**

Бул сабакта ээнин милдетин аткарган адам аттары жөнүндө маалымат алышат жана «Кагаздан жасалган миң турна» тексти менен таанышышат.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн аныктоо.**

Жазуу, оозеки, суроо- жооп, аңгеме түзүү.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу.
б) Окуу.
в) Визуалдык окуу.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги атом бомбасы, радиация деген сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү.

**3. Текстти изилдөө.**

Тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды иштетүү.

**1-көнүгүү.**

Тексттин каармандарын, окуяны жана болгон жерин жаздыртуу.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Тексттеги жаңы сөздөр менен иштөө: атом бомбасы, радиация. Бул сөздөрдү сөздүк дептерлерине жаздыруу, алар менен сүйлөмдөрдү түздүрүү.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Сүйлөмдөгү ойдун негизин билдирип турган адам аттары сүйлөмдүн ээси боло алат.**

**Алар ким? кимдер? деген суроолорго жооп берет.**

Эрежени таблицанын жардамы менен түшүндүрүү.

**2. Изилдөө.**

**2-көнүгүү.**

Сүйлөмдөрдү түзүп, ээсин табуу. Бул көнүгүүнү оозеки жана топтордо иштешет.

**3. Турмуш менен байланыштыруу.**

Картадан Американы, Японияны таптыруу.

**4. Предмет аралык байланыш: адабий окуу, сүрөт.**

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Сүйлөмдөрдөгү ээнин милдетин аткарган адам аттарын тапкыла.

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гимнинин сөзүн Кыргыз Эл акыны Жалил Садыков жана Шабданбек Кулуев жазган. Музыкасын атактуу композиторлорубуз Калый Молдобасанов жана Насыр Давлесов чыгарган.*

**2-карточка:** Ырдагы адам аттарын тапкыла. Аларга суроо коюп, астын сызгыла.

*Көк карышкыр Ороз болду,*
*Тумшук тагып иймейген.*
*Асан, Үсөн короз болду.*
*Ашымакун мышык болду*
*Коркуп качып чычкандан.*
(А. Токтомушев).



**3-карточка: Сүйлөмдүн ээсин тапкыла.**

*Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Гербин Асейин Абдраев жана Садырбек Дубанаев тарткан.*

**VI. Улантуу.**

**3-көнүгүү.**

Тексттин мазмуну боюнча сүрөт тартып, ага аңгеме түзүп келишет.

**«Тарбия жана турмуш» бөлүмү**
**(19 саат)**




**«Тарбия жана турмуш» темасында өтүлүүчү сабактардын максаты:**

1. **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди изилдөө аркылуу сүйлөмдүн баяндоочун табууну, ага туура суроо берүү менен баяндоочту аткарган сөз түркүмүн ажыратууну үйрөнүшөт. Сөздү кепте ыктуу колдонуу, көркөм каражаттарды пайдалануу, сүрөт боюнча жана кырдаалга жараша пикирлешүү, маектешүү, сүрөттөп берүү көндүмдөрүнө машыгышат.

2. **Өнүктүрүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди таануу менен ойлоо, сүйлөө, жазуу көндүмдөрү өрчүйт; чыгармачылыгы артат; турмуштук көндүмдөргө ээ болушат, адам катары калыптанышат. Шар окуу, сабаттуу сүйлөө, жазуу билгичтиктери өөрчүйт.

3. **Тарбия берүүчүлүк:** Окуучулар тексттерди окуу менен турмушту таанып билишет; жаман–жакшы, ак–кара түшүнүктөрүн ажыратышат, чынчылдыкка, сылыктыкка, эмгекке, ата-энеге жардам берүү, жолдо, коомдук жайларда өзүн туура алып жүрүүгө тарбияланышат.

## Тема: СҮЙЛӨМДҮН БАЯНДООЧУ

**Текст: «Жаңылгандан кийин» (1-бөлүм)**
**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сүйлөмдүн баяндоочу менен таанышышат. «Жаңылгандан кийин» текстинин 1-бөлүмүнүн мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар сүйлөмдүн баяндоочун сүйлөмдөрдөн таба алышат. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алышат. | Окуучулар бири-биринин пикирин угууга, өз ойлорун эркин жана ырааттуу баяндоого үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сүйлөмдүн баяндоочун билсе. Тексттин мазмунун түшүнсө. | сүйлөмдүн баяндоочун сүйлөмдөн таба алса. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алса. | топтордо иштөө учурунда бири-биринин пикирин угуп, ойлорун баяндап бере алса. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды.**

а) Сабакты өтүүдөн мурда окуу китебиндеги материалды окуп, таанышыңыз.

б) Классыңыздагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай көнүгүүлөргө алымча- кошумча киргизиңиз.

в) Сөздүктөр, дидактикалык материалдар, методикалык колдонмолор менен иштеп, көрсөтмө куралдардан даярдаңыз.

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эстерине түшүрүңүз. Ал үчүн бөлүмдүн башталышындагы 1–2-суроолордун тегерегинде жана грамматикалык материалдар жөнүндө аңгемелешиңиз.

1. Жакшы адамдын пайдасы эмне болот?
2. Жаман адамдын зыяны эмне болот?
3. Сүйлөмдүн ээси жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.
4. Сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарган адам аттарына жана айбанат аттарына мисал келтиргиле.



б) Таяныч сөздөр менен иштеңиз.

Таяныч сөздөр: Таалайбек, жылдын төрт мезгили, атасы, апасы.

Бул сөздөрдүн маанилерин окуучулар менен талкуулаңыз. Бул сөздөр аркылуу өздөрү сүйлөм, текст түзүшсүн.

Класстагы окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сүрөт тартуу, ыр чыгаруу, жомок, табышмак түзүү, ж.б. тапшырмаларын бериңиз.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучуларга тексттин биринчи сүйлөмүн (Таалайбек жылдын төрт мезгилин ажырата албай турган.) жана акыркы сүйлөмүн (Ошентип, мезгилди билбегендиктен, Таалайбек дагы бир жаңылды.), таяныч сөздөрдү окуп бериңиз. Ошондон кийин аларга текст эмне жөнүндө болорун божомолдоп айттырыңыз.

г) Максатты аныктоо. Угуу жана окуу максаттарын окуучулар менен бирдикте аныктаңыз. Алар менен төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешиңиз: Бул текстти окуудагы максатыбыз эмне? Эмнени үйрөнөсүңөр? Эмне пайда берет? Биз бүгүн "Жаңылгандан кийин" деген текст менен таанышабыз жана сүйлөмдүн баяндоочу жөнүндө маалымат алабыз.

д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктаңыз. Оозеки, жазуу, оюн түрүндө, өз алдынча, жупта, топто, класста, үйдө иштелерин тактап алыңыз.

Бул сабакта көнүгүүлөрдү оозеки, жазуу жүзүндө, топто өз алдынча иштетсеңиз болот.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери.**

а) Угуу. Текстти окуучуларга көркөм, үн кубултуп окуп бериңиз. Аудио уктуруу колдонсоңуз да болот.

б) Окуу. Окуучуларды жарыя, купуя, же чынжырча түрүндө окутуңуз.

в) Визуалдык окуу. Сүрөттөр боюнча тексттин мазмунун айтып берүүнү уюштуруңуз. Дагы кандай сүрөттү кошумчаларын сураңыз.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдү аныктаңыз. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн: ыгы жок, кынуу табуу. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз.

**3. Текстти изилдөө.**

Окуучуларыңызга тексттин мазмуну боюнча суроо- тапшырмаларды бериңиз:

**1-көнүгүү.**

Эмне кылды? Сүрөттөр боюнча суроолорго жооп жаздыруу. Көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Окуучуларыңызга тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүңүз: ыгы жок, кынуу табуу. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз. Сөздүк дептерлерине жаздыртып, сүйлөмдөрдү түздүртүңүз.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү**

**1. Эрежелерге баш ийүү**

**Сүйлөмдүн ээсинин кыймыл-аракетин, ал-абалын билдирген сөздөр сүйлөмдүн баяндоочу болот.**

**Ал эмне кылды? эмне кылат? деген суроолорго жооп берет.**

Баяндоочтун астын эки түз сызык менен сызабыз.

**2.Изилдөө.**

Грамматикалык материалды өздөштүрүү жана окуучуңуздун сүйлөө, жазуу кебин өстүрүү үчүн сунушталган ар кыл көнүгүү, тапшырмаларды тексттин негизинде жана анын тегерегинде үйрөтүңүз. 2-көнүгүүнү иштетиңиз.

**3.Күнүмдүк турмушка байланыштыруу.**

Окуу китебинде берилген тексттер окуучуңуздун турмушту таанып, аңдап түшүнүүсүнө ылайыкталып, атайын бөлүмдөргө топтоштурулган. Ошол бөлүмдүн максатына ылайык текстти турмуш менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: Окуучулардын үй-бүлөсү жөнүндө аңгемелешүү.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Текст аркылуу берилүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдү адабий окуу, мекен таануу, сүрөт, музыка, дене тарбия, этика, ж.б. сабактар менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: адабий окуу жана (текст менен иштетүү) сүрөт (тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу) сабактары менен байланыштырыңыз.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Ар бир берилген суроо, тапшырма, жазуу иштеринин түрлөрү боюнча баалоо критерийлерин так аныктаңыз. Баалоонун, өлчөөнүн ар кандай түрлөрүн (кубаттоо, мактоо, формативдүү, суммативдүү ж.б.) сабактын ар бир этабында колдонуңуз.



**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Макалдагы баяндоочторду тапкыла.

Дарак жемишинен таанылат,
Адам эмгегинен таанылат.

**2-карточка:** Табышмакты жандыргыла. Сүйлөмдөрдүн баяндоочторун тапкыла.

Итче үрбөйт,
Уйкуну билбейт.
Ал турган үйгө
Эч ууру кирбейт.
(к . лп.)

**3-карточка:** Ырдагы баяндоочторду тапкыла

Кар эриди, кар кетти,
Жердин бети көгөрдү.
Ким айдады, ким септи,
Байчечекей төрөлдү.

**VI. Улантуу.**

**3-көнүгүү.**

Мен кечээ эмне кылгам? Бүгүн эмне кылдым? Эртең эмне кылам? деген суроолорго жооп жазып келишет.

**Тема: СӨЗДҮ КЕПТЕ КОЛДОНУУ**

**Текст: «Үч уул» (1-бөлүм)**

**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сөздү кепте колдонуу жөнүндө билишет. «Үч уул» аңгемесинин 1-бөлүмү менен таанышышат. | Окуучулар сөздү кепте колдонуу ыкмаларын үйрөнүшөт. Тексттин мазмунуна талдоо жүргүзө алышат. | Окуучулар энени сыйлоо жана анын эмгегин баалоо керек экендигин түшүнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сөздү кепте колдонуу жөнүндө билсе. Аңгеменин мазмунун түшүнсө. | сөздү кепте колдонуу ыкмаларын үйрөнө алса. Тексттин мазмунун талдоо жүргүзө алса. | текстти талдоо учурунда энени сыйлоо жана анын эмгегин баалоо керек экендигин түшүнсө. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды:**

а) Сабакты өтүүдөн мурда окуу китебиндеги материалды окуп, таанышыңыз.

б) Классыңыздагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай көнүгүүлөргө алымча- кошумча киргизиңиз.

в) Сөздүктөр, дидактикалык материалдар, методикалык колдонмолор менен иштеп, көрсөтмө куралдардан даярдаңыз.

**2. Акыл даярдыгы:**

а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эстерине түшүрүңүз. «Жаңылгандан кийин» тексти боюнча жана грамматикалык материалдар жөнүндө аңгемелешиңиз.

1. Таалайбек жана анын чатагы жөнүндө айтып бергиле.

2. Таалайбек кантип оңолду?

3. Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдүн сүйлөмдө баяндооч болушу жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.

4. Мисал келтиргиле.

б) Таяныч сөздөр менен иштеңиз.

Таяныч сөздөр: үч аял, булак, карыя киши.

Бул сөздөрдүн маанилерин окуучулар менен талкуулаңыз. Бул сөздөр аркылуу өздөрү сүйлөм, текст түзүшсүн.

Класстагы окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сүрөт тартуу, ыр чыгаруу, жомок, табышмак түзүү ж.б. тапшырмаларын бериңиз.

в) Текстти таануу жана божомолдоо. Окуучуларга тексттин биринчи сүйлөмүн (Үч аял булактын башында маектешип отурушкан эле.) жана акыркы сүйлөмүн (Дүйнөдө анын үнүндөй үн жок болсо керек. Кудайдын бергени бу...) окуп бериңиз. Ошондон кийин аларга текст эмне жөнүндө болорун божомолдоп айттырыңыз.

г) Максатты аныктоо. Угуу жана окуу максаттарын окуучулар менен бирдикте аныктаңыз. Алар менен төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешиңиз: Бул текстти окуудагы максатыбыз эмне? Эмнени үйрөнөсүңөр? Эмне пайда берет? Биз бүгүн «Үч уул» деген текст менен таанышабыз жана сөздү көптө колдонууну үйрөнөбүз.



д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктаңыз. Оозеки, жазуу, оюн түрүндө, өз алдынча, жупта, топто, класста, үйдө иштелерин тактап алыңыз.

Бул сабакта көнүгүүлөрдү оозеки, жазуу жүзүндө, топто өз алдынча иштетсеңиз болот.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу. Текстти окуучуларга көркөм, үн кубултуп окуп бериңиз. Аудио уктуруу колдонсоңуз да болот.

б) Окуу. Окуучуларды жарыя, купуя, же чынжырча түрүндө окутуңуз.

в) Визуалдык окуу. Сүрөттөр боюнча тексттин мазмунун айтып берүүнү уюштуруңуз. Дагы кандай сүрөттү кошумчаларын сураңыз.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө:**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдү аныктаңыз. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн: маектешүү, жөндөмдүү, ийкемдүү. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз.

**3. Текстти изилдөө.**

Окуучуларыңызга тексттин мазмуну боюнча суроо-тапшырмаларды бериңиз:

**1-көнүгүү.**

Тексттеги сөздөргө мааниси окшош болгон сөздөрдөн таап жазышат. Өз алдынча жана жазуу жүзүндө аткарышат.

**4. Сөз байлыгын өстүрүү.**

Окуучуларыңызга тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүңүз: маектешүү, жөндөмдүү, ийкемдүү. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз. Сөздүк дептерлерине жаздырып, сүйлөмдөрдү түздүрүңүз.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү.**

**1. Эрежелерге баш ийүү.**

**Биз сүйлөп жатканда сөздөрдү орундуу жана туура колдонушубуз керек. Ал үчүн сөз байлыгыбыз кенен болуусу зарыл. Ошондо оюбузду жеткиликтүү, көркөм бере алабыз.**

**2. Изилдөө.**

Грамматикалык материалды өздөштүрүү жана окуучуңуздун сүйлөө, жазуу кебин өстүрүү үчүн сунушталган ар кыл көнүгүү, тапшырмаларды тексттин негизинде жана анын тегерегинде үйрөтүңүз. 2-көнүгүүнү иштетиңиз.

**3. Күнүмдүк турмушка байланыштыруу.**

Окуу китебинде берилген тексттер окуучуңуздун турмушту таанып, аңдап түшүнүүсүнө ылайыкталып, атайын бөлүмдөргө топтоштурулган. Ошол бөлүмдүн максатына ылайык текстти турмуш менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: "Сылык сөздөрдү кантип колдонобуз" деген теманын тегерегинде аңгемелешиңиз.

**4. Предмет аралык байланыш.**

Текст аркылуу берилүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдү адабий окуу, мекен таануу, сүрөт, музыка, дене тарбия, этика ж.б. сабактар менен байланышта үйрөтүңүз.

Бул сабакта: адабий окуу жана (текст менен иштетүү) сүрөт (тексттин мазмуну боюнча сүрөт тарттыруу) сабактары менен байланыштырыңыз.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Ар бир берилген суроо, тапшырма, жазуу иштеринин түрлөрү боюнча баалоо критерийлерин так аныктаңыз. Баалоонун, өлчөөнүн ар кандай түрлөрүн (кубаттоо, мактоо, формативдүү, суммативдүү ж.б.) сабактын ар бир этабында колдонуңуз.

**V. Өзүн-өзү таанытуу.**

**1-карточка:** Качандыр бир кездерде акылман карыя болуптур. Анын тогуз уулу бар экен...

Бул жомокту билесиңерби? Ал эмне деп аталат? Өзүңөр жомокту улантып айткыла.

**2- карточка:** Тексттеги сөздөрдү оңдоп окугула.

*Күндө отуруп өзүмчө,* *Иприк, ретпед, атрап,*
*Оң- тетири окуймун.* *петик, анишам, трот,*
*Мелак, карыч, зүгө,* *Дал ушинтип шар окуп,*
*узок, үгзүк, нофелет.* *Таң калтырам далайды.*

**3- карточка:** Макалдын маанисин чечмелегиле.

*Ата сыйлаган абийир табат,*
*Эне сыйлаган элге жагат.*

**VI. Улантуу.**

**3 - көнүгүү.** Тексттеги сөздөргө мааниси карама-каршы сөздөрдү таап, аларды оозеки кебинде кантип колдонорун билип келишет.



**Тема: КӨНҮГҮҮ ИШТӨӨ**

**Текст: «Светофор»**
**Сабактын максаты:**

| Билим берүүчүлүк | Өнүктүрүүчүлүк | Тарбия берүүчүлүк |
|---|---|---|
| Окуучулар сүрөттөп берүү жөнүндө билишет. «Светофор» ырынын мазмунун түшүнүшөт. | Окуучулар сүрөттөп берүүнү колдонуп, өздөрү текст түзө алышат. Ырдын мазмунун талдай алышат. | Окуучулар жол эрежелерин үйрөнүшөт. |

**Көрсөткүчтөр:**

Жогорудагы максаттарга жетти дейбиз, эгерде окуучу..

| | | |
|---|---|---|
| сүрөттөп берүү жөнүндө билсе. Ырдын мазмунун түшүнсө. | сүрөттөп берүүнү колдонуп, текст түзө алса. Ырдын мазмунун талдай алса. | Ырдын мазмунун талдоодо жол эрежелерин үйрөнсө. |

**I. Даярдоо.**

**1. Даярдоонун алды:**

а) Сабакты өтүүдөн мурда окуу китебиндеги материалды окуп, таанышыңыз.

б) Классыңыздагы окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүнө карай көнүгүүлөргө алымча- кошумча киргизиңиз.

в) Сөздүктөр, дидактикалык материалдар, методикалык колдонмолор менен иштеп, көрсөтмө куралдардан даярдаңыз.

**2. Акыл даярдыгы:**

**а) Окуучулардын алгачкы билимдерин эстерине түшүрүңүз**

1. «Үч уул» тексти боюнча түшүнүгүңөрдү айтып бергиле.
2. Силер ата- энеңерге кандай жардам бересиңер?
3. Сүрөттөп берүү жөнүндө билгениңерди айтып бергиле.

**б) Таяныч сөздөр менен иштеңиз**

Таяныч сөздөр: светофор, көчө, үч түстөгү жарык.

Бул сөздөрдүн маанилерин окуучулар менен талкуулаңыз. Бул сөздөр аркылуу өздөрү сүйлөм, текст түзүшсүн.

Класстагы окуучулардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө жараша сүрөт тартуу, ыр чыгаруу, жомок, табышмак түзүү ж.б. тапшырмаларын бериңиз.

**в) Текстти таануу жана божомолдоо.** Окуучуларга тексттин биринчи сүйлөмүн (Бурчундагы көчөнүн, Карап өткүн мамыны.) жана акыркы сүйлөмүн (Бирок сак бол, абайла!) окуп бериңиз. Ошондон кийин аларга текст эмне жөнүндө болорун божомолдоп айттырыңыз.

**г) Максатты аныктоо.** Угуу жана окуу максаттарын окуучулар менен бирдикте аныктаңыз. Алар менен төмөнкүдөй суроолордун тегерегинде аңгемелешиңиз: Бул текстти окуудагы максатыбыз эмне? Эмнени үйрөнөсүңөр? Эмне пайда берет? Бул сабакта текст боюнча көнүгүүлөрдү иштейбиз.

**д) Көнүгүүлөрдүн түрүн, ыкмасын жана техникасын аныктаңыз.** Оозеки, жазуу, оюн түрүндө, өз алдынча, жупта, топто, класста, үйдө иштелерин таптап алыңыз.

Бул сабакта көнүгүүлөрдү жазуу жүзүндө, оозеки, топто, өз алдынча иштетсеңиз болот.

**II. Түшүнүү.**

**1. Угуу, окуу жана визуалдык окуу иштери:**

а) Угуу. Текстти окуучуларга көркөм, үн кубултуп окуп бериңиз. Аудио уктуруу колдонсоңуз да болот.

б) Окуу. Окуучуларды жарыя, купуя, же чынжырча түрүндө окутуңуз.

в) Визуалдык окуу. Сүрөттөр боюнча тексттин мазмунун айтып берүүнү уюштуруңуз. Дагы кандай сүрөттү кошумчаларын сураңыз.

**2. Мааниси түшүнүксүз сөздөр менен иштөө.**

Тексттеги окуучуларга түшүнүксүз сөздөрдү аныктаңыз. Алар төмөнкүлөр болушу мүмкүн: мамы, сак бол. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз.

**3. Текстти изилдөө.**

Окуучуларыңызга тексттин мазмуну боюнча суроо- тапшырмаларды бериңиз:

**1 - көнүгүү.**

**Бул көнүгүүнү жазуу жүзүндө жана өз алдынча иштешет. Ырды көчүрүп жазышат.**

**3- көнүгүү.**

Бул көнүгүүнү да өз алдынча жана жазуу жүзүндө аткарышат. Жолдо жүрүү эрежелерин жазышат.



**4. Сөз байлыгын өстүрүү**

Окуучуларыңызга тексттеги, текстке байланыштуу жаңы сөздөрдү үйрөтүңүз: мамы, сак бол. Бул сөздөрдүн маанисин алардын эквиваленттеринин же сүрөттөрүнүн жардамы менен түшүндүрүңүз. Сөздүк дептерлерине жаздыртып, сүйлөмдөрдү түздүртүңүз.

**III. Тексттин негизинде үйрөтүү**

**1. Эрежелерге баш ийүү**

Сүрөттөп берүү жөнүндө эрежени кайталоо.

**2. Изилдөө**

Грамматикалык материалды өздөштүрүү жана окуучуңуздун сүйлөө, жазуу кебин өстүрүү үчүн сунушталган ар кыл көнүгүү, тапшырмаларды тексттин негизинде жана анын тегерегинде үйрөтүңүз. **2- көнүгүүнү** иштетиңиз. **Светофор деген сөздөн төмөнкү сөздөрдү куроого болот: тоо, тор, оор, свет, ж.б.**

**3. Күнүмдүк турмушка байланыштыруу.** Окуу китебинде берилген тексттер окуучуңуздун турмушту таанып, аңдап түшүнүүсүнө ылайыкталып, атайын бөлүмдөргө топтоштурулган. Ошол бөлүмдүн максатына ылайык текстти турмуш менен байланышта үйрөтүңүз.

**Бул сабакта:** 4- көнүгүүнү иштетүү.

**4. Предмет аралык байланыш.** Текст аркылуу берилүүчү билим, билгичтик, көндүмдөрдү адабий окуу ж.б. сабактар менен байланышта үйрөтүңүз.

**IV. Өлчөө жана баалоо.**

Ар бир берилген суроо, тапшырма, жазуу иштеринин түрлөрү боюнча баалоо критерийлерин так аныктаңыз. Баалоонун, өлчөөнүн ар кандай түрлөрүн (кубаттоо, мактоо, формативдүү, сумммативдүү ж.б.) сабактын ар бир этабында колдонуңуз.

**V. Өзүн-өзү таанытуу**

**1- карточка:** Табышмакты жандыргыла:

| | |
|---|---|
| Өтө баалуу бир зат бар, | Кызыл, жашыл көздөрүн |
| Сүйлөгөндү билбеген. | Ирети менен ирмеген. |

**2- карточка:** Парталаш курбуңду сүрөттөп бер.

**3- карточка:** Ырды окуп, китеп жөнүндө өз оюңду айт.

Китеп

*Бардыгы бар китепте,*
*Баа бер, балам, китепке!*
*Билбегенди билесиң,*
*Татасың билим ширесин.*
*Тажабай оку ар качан*
*Булгабагын кармасаң!*
*Кир жугузба бетине,*
*Конбосун чымын четине.*
*Айрыбагын барагын,*
*Ардактуудай карагын!*
(Т. Үмөталиев)

**VI. Улантуу.**

**4-көнүгүү.** Үйдөн мектепке чейинки жолду сүрөттөп жазып келүү. Сүрөтүн тартуу.

## Окутуунун кошумча каражаттары

## I. Угуу тексттери

Дүйнөлүк практикада активдүү колдонулуп жүргөн мындай ыкманы колдонуу менен мугалим окуучуларды уккан тексттери боюнча баяндама жазууга көнүктүрөт. Текстти мугалим окуучулардын алдында көркөм окуп берет, же болбосо аудиоуктуруу катары уюштурат. Текстке ылайык окуучулар менен баарлашууну жүргүзөт. Угуу текстинин мазмунуна ылайык тартылган ар бир бөлүмдүн киришүү барагындагы сюжеттүү сүрөт менен иш жүргүзөт. Угуу тексттери окуучулардын окуганын гана эмес, укканы боюнча өз түшүнүгүн айтуу, кайра аны жазуу түрүндө кагаз бетине пландын жардамы аркылуу ырааттуу түшүрүү көндүмүнө машыктырат. Окуучунун ойлоосун, эске тутуусун өстүрүүгө, таанып-билүүсүн арттырып, сөз байлыктарынын көбөйүүсүнө, байланыштуу кебинин өсүшүнө жагымдуу шарт түзөт.

Угуу тексттеринин негизинде баяндама жазууну уюштуруу ар бир бөлүм аяктаган соң, класс иши же үй иши катары билим алууну улантуу максатында тапшырылат.

**«Менин айлана-чөйрөм» темасы боюнча:**

**Жардам**

Нуржан менен Гүлжан мектептен кайтып келе жатышкан. Алардын алдында таякчан чоң эне бара жаткан. Көчө абдан тайгак болчу. Бир убакта чоң эне тайгаланып жыгылып кетти. Нуржан китеп баштыгын Гүлжанга бере салып, жардамга чуркады. Чоң эненин колтугунан кармап, өйдө турууга жардам берди.

*Таяныч сөздөр: мектептен, көчө, тайгак, жыгылып кетти, бере салып, жардам берди.*



**Тексттин планы:**

1. Мектептен кайткан балдар.
2. Тайгак көчө, таякчан чоң эне.
3. Нуржандын жардамы.

**Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүү:**

1. Балдар кайдан келе жатышты эле?
2. Чоң энеге эмне болду?
3. Нуржан чоң энеге кантип жардам берди?

**«Баалуулуктарыбыз» темасы боюнча:**

**Таранчы тиккен алча**

Таранчы алча жеп жаткан эле. Ал бир нерседен коркуп, учуп жөнөдү. Талаадагы суунун жээгине келип конду. Таранчы алчаны жеп бүтүрдү. Алчанын сөөгү гана калды. Ал сөөк жерге түшүп, шамалда топуракка көмүлдү. Жазында ал жерге кичинекей алчанын көчөтү өсүп чыкты. Ал эки-үч жылдан кийин жайкалган алча дарагы болду.

*Таяныч сөздөр:* таранчы, алчаны, конуп, суунун, сөөгү, топуракка, көчөт, дарак.

**Тексттин планы:**

1. Даамдуу алча.
2. Топуракка түшкөн алчанын сөөгү.
3. Жайкалган алча дарагы.

**Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүү:**

1. Таранчы эмне үчүн суунун жээгине конду?
2. Алчанын сөөгү кайда түштү?
3. Алча дарагы кандайча пайда болду?

**«Чыңгыз Айтматов» темасы боюнча:**

**Шекер айылы**

Чыңгыз атабыздын кичи мекени болуп Шекер айылы саналат. Ал Талас жергесинде жайгашкан. Сыртынан **караганда** кадыресе эле миңдеген айылкыштактар сыяктуу. Бирок анын ар бир жери, суусу, тоосу, абасы, адамдары улуу таланттын өсүшүнө, калыптанышына шарт түзгөн. Бул жер ошонусу менен бизге улуу көрүнөт. Азыр да Чыңгыз атабыздын талантын сыйлашып, дүйнөнүн төрт бурчунан коноктор келип турушат. Жашаган үйү гана эмес, жалпы Шекер айылы музейге айланышы мүмкүн.

*Таяныч сөздөр.* Чыңгыз ата, Шекер айылы, талант, улуу, коноктор, музей.

**Тексттин планы:**

1. Чыңгыз атанын кичи мекени.
2. Шекер айылы - улуу жер.
3. Жазуучунун музейи.

**Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүү:**

1. Чыңгыз атанын кичи мекени каякта экен?
2. Ал башка айыл-кыштактардан эмнеси менен өзгөчө?
3. Улуу таланттын өсүшүнө эмнелер таасирин тийгизген?
4. Эмне үчүн Шекер айылы музейге айланышы мүмкүн?

**«Оюн жана спорт» темасы боюнча:**

**Күн желеси**

Жаз келди. Балдар короодо ойноп жатышат. Айжан олтургучта жалгыз олтурат. Чөнтөгүнө колун салып, бор таап алды. Айжан бор менен Күндүн сүрөтүн тартып кирди. Балдар кыздын жанына чуркап келишти. Күндү чогуу тартышты. Күн жылмайып тургандай тартылыптыр. Балдар алакан чаап жиберишти. Анан Күндү айланып чогуу ырдашты.

*Таяныч сөздөр:* балдар, жалгыз, бор, тартты, чогуу, жылмайып, ырдашты.

**Тексттин планы:**

1. Жазгы короо, жалгыз кыз.
2. Айжан Күндүн сүрөтүн тартып жатат.
3. Көңүлдүү балдар.

**Тексттин мазмуну боюнча аңгемелешүү:**

1. Айжан эмне үчүн жалгыз олтурат?
2. Кыз эмне үчүн жылмайган Күндү тартты?
3. Балдар Айжандын жанына эмнеге чогулушту?
4. Айжандын көңүлү эмне себептен көтөрүлдү?

**«Биринчи байлык – ден соолук» темасы боюнча:**

**Пайдалуу белек**

Эрболдун туулган күнүнө досу шахмат белекке берди. Белек Эрболго абдан жакты. Эрбол шахмат ойногонду үйрөндү. Ал досунун туулган күнүнө да пайдалуу белек берүүнү чечти. Эрбол апасы менен кеңешти. Китеп сатып берүүнү туура көрүштү. Анткени, китеп көп нерсеге үйрөтөт. Эрболдун белеги да досу үчүн пайдалуу болду.

*Таяныч сөздөр:* досу, шахмат, пайдалуу, үйрөндү, кеңешти, туура көрүштү, үйрөтөт, белек.

**Тексттин планы:**

1. Досунун белеги.
2. Эрбол апасына кеңешти.



3. Китеп баарын үйрөтөт.

**Суроолор:**

1. Эрбол досунун белегин кандай пайдаланды?
2. Эмне үчүн Эрбол апасына акылдашты?
3. Эрбол досуна оюнчук берсе болот беле?

**«Тарбия жана турмуш» темасы боюнча:**

**Чөптө**

Жай мезгили аяктады. Жашыл чөптөр бышып жетилди. Чөп чабуу мезгили келди. Арсен айылга жардамга барды. Ал бак арасындагы чабылган чөптөрдү жыйнашты. Арсенге кургаган чөптөрдүн жыты абдан жакты. Арсен түштө чөптүн чөмөлөсүнө жатып эс алды. Жумшак чөптүн үстүндө өзүн алыска сүзүп бара жаткандай сезди.

*Таяныч сөздөр:* июнь айы, чөптөр, жыйнашты, жакты, чөмөлөсүнө, сезди.

**Тексттин планы:**

1. Чөп чабуу мезгили келди.
2. Арсен чөп жыйнашты.
3. Чөптүн үстүндө кыялдануу.

**Суроолор:**

1. Айылда чөп чабуу мезгили качан башталат?
2. Арсен айылдагыларга кандайча жардам берди?
3. Балага айрыкча эмне жакты?
4. Арсен чөп үстүндө кандайча кыялданды?

## II. Жат жазуу тексттери

2-класста жыл ичинде 15 жат жазуу иши алынат. Жат жазуунун өздүк жат жазуу, сөздүк жат жазуу, чыгармачылык жат жазуу, жатка жазуу, көрүү жат жазуусу, үйрөтүүчү жат жазуу, текшерүү жат жазуусу, чейректик жат жазуу деген түрлөрүнүн 3төн 5ке чейинки сөз айырмасындагы 2 варианттагы тексттери, шарттары, сабактын иштелмесинин үлгүсү менен бирдикте сунушталды. Тексттер 2-класстын окуучуларынын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып иштелип чыккан К. Абдиев, Ч. Мусаеванын «Жат жазуу жана баяндама жыйнагы» (Бишкек, 2008) аттуу методикалык колдонмодон тандалды. Мындай сабактарды натыйжалуу жана туура уюштуруу аракети окуучулардын сабаттуулугун арттырып, жазуу маданиятын өстүрүүдө өзүнүн көмөгүн көрсөтөт.

**7-сабак. Сөздүк жат жазуу.** Сөздөрдү мугалим окуп берет, окуучулар жазышат. Текшерүү үчүн сөздөрдүн туура жазылышы атайын плакатка, же досканын артына алдын-ала жазылып, жазуу иши аяктаган соң көрсөтүлөт. Бири-бирин, же өзүн-өзү баалоо, катанын үстүндө иштөө ыкмасы колдонулат. (Мындай жат жазуунун

түрүн мугалим кадыресе сабактарда деле, убакытка жараша окулуп жаткан тексттин ичинен 5–10 сөздү, же жаңы материалга тиешелүү, мисалы, сын атооч же этиш сөздөрдөн алып, окуучуларга жаздырып, системалуу иш-аракетке айлантса, орфографиялык сабаттуулукту арттырат.)

1) Айбек, акылдуу, таза, мышык, жууйт, сары, жүнү, бала, ойнойт, бул, менен, тоодо, сентябрь, саат.(14 сөз)

2) Арген, тоого, карагай, кичине, оюнчук, куурчагы, шире, өсөт, барды, анын, булбул, бар, октябрь, февраль, таттуу, Айдай (16 сөз).

**11-сабак. Жатка жазуу.** Мындай жат жазуунун түрүн алуунун алдында ыр тексттери окуучуларга жаздырылып, үйдөн аларды жаттап келүү тапшырылат. Окуучулар ырдын текстин эске тутуусу боюнча жатка жазууга машыгышат. Мугалим, өзүн-өзү, бири-бирин баалоо ыкмалары менен текшерилет. Кетирилген каталардын үстүндө иштөө жүргүзүлөт.

1) Мээрими көп эң эле,
Окшоп кетет энеге.
Ыраазыбыз ар качан
Бизди окуткан эжеге. (13 сөз)

2) Мектепте билим кени бар,
Үйрөнөмүн, билемин.
Шыңгыраса коңгуроо
Классыма киремин.
Окуу - менин таалайым,
Окуу менин тилегим. (16 сөз)

**45-сабак. Жатка жат жазуу**

**Эне тили**

Эне тилин билбеген,
Эси жогун аныктайт.
Эне тилин сүйбөгөн,
Элин сүйүп жарытпайт.
Орус тили жылдыз да,
Биздин ушул заманда.
Бирок кыргыз кыргызча
Сүйлөбөсө жаман да. (24 сөз)
(Б. Сарногоев)

**Кыргыз тили**

Кыргыз тили - ыйык тил,
Манас баба сүйлөгөн.
Талыкпастан кызыгып,
Кыргыз тилин үйрөнөм.
Кыргыз тили кылым жашап,
Чыңгыз аба жазган тил.
Кымыз ичип, күү черткен
Кыргыз элим аман жүр! (28 сөз)
(В. Мусаева)

**20-сабак. Чыгармачылык жат жазуу.** Мугалим «Кызыктуу оюн», «Менин досум» сыяктуу темаларды доскага жазат. Ушул темалардын бирин тандап, окуучулар эссе жазышат. Мындай иш-аракеттер окуучунун жазуудагы сабаттуулугун, байланыштуу кебин текшерүү жана байланышта каралат. Мугалим өзү текшерип, жыйынтык чыгарат. Кетирилген каталарды классификациялап,



аларды оңдоо, жоюу үчүн жекече карточкаларды иштеп чыгып, ар бир окуучу менен иш алып барса, жакшы натыйжа болот.

**91-сабак. Чыгармачылык жат жазуу.** «Жазгы талаа», «Түнкү ай», «Мышыктын көрүнүшү». Бул кырдаалдарды сүрөттөп жазгыла.

**27-сабак. Чейректик жат жазуу.** Ар бир чейректин аягындагы окуучунун орфографиялык жана каллиграфиялык билгичтиктерин текшерүү, жыйынтык чыгаруу жана андан аркы кайсы багытта иш алып баруу зарылдыгын аныктоо максатында жүргүзүлүүчү жазуу иши. Мугалим тарабынан текшерилип, кетирилген каталар классификацияланып, окуучуларга аларды жоюу жолдору көрсөтүлөт.

**Менин апам**

Мен жана менин иним Атай апабызды жакшы көрөбүз. Биздин апабыз ак көңүл жана боорукер. Ал мектепте мугалим болуп иштейт. Балдарга билим берет жана тарбиялайт. Апамды баары сыйлашат. Үйдө бизге камкордук көрөт. Апам кыргыз күүлөрүн укканды жактырат. (36 сөз)

**50-сабак. Чейректик жат жазуу.**

**Китеп**

Мен китеп окуганды жакшы көрөм. Толгонай эжем мага мына бул китепти белекке берди. Китептин сүрөттөрү абдан кооз экен. Бул баракта бугунун келбети тартылган. Ал эми бул жаңгактары ийилген кооз токой экен. Мен жаныбарлар тууралуу ырларды окуп жатамын. (37 сөз)

**103-сабак. Чейректик жат жазуу.**

**Нооруз**

Нооруз – жаркыраган жаздын майрамы. Бул сөз эмнени түшүндүрөт? Фарсы тилинде ал «Жаңы күн» дегенди билдирет. Кыргыз элинде Нооруз салтанаттуу белгиленип келген. Майрам күнү чыр-чатактар токтотулат. Адамдар майрамга кооз кийимдерин кийинишет. Ар бир үйдө куттуу дасторкон жайылат. Нооруз майрамы кандай көңүлдүү! (41 сөз)

**35-сабак. Үйрөтүүчү жат жазуу.** Мындай жат жазуунун максаты-окуучунун сабаттуулугун текшерүү менен катар өтүлгөн тилдик материалды өздөштүрүүсүнө көнүктүрүү, үйрөтүү. Мисалы, бул сабактагы жат жазууда «Баш жана кичине тамгалар» деген темага байланыштуу тексттеги баш тамга менен жазылган сөздөрдүн астын сызгыла деген кошумча тапшырма берилет. Баалоо критерийи катары орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулуктан тышкары тилдик материалдардын өздөштүрүлүшү алынат.

**Мөлтүр суулардын өлкөсү**

Кыргызстанды мөлтүр суулардын мекени деп аташат. Анткени, биздин бийик тоолордо мөңгүлөр эрип, булак болот. Булактар агын сууларга кошулат. Агын суулар көлдөрдү жана деңиздерди түзүшөт. (27 сөз)

**Оюнчуктар**

Бүгүн бизге кол эмгек сабагы болду. Биз ар кандай оюнчуктарды жасадык. Мен баатырдын күлүк атын жасап койдум. Эрбол коёнду абдан окшоштурду. Айгүл менен Сымбат куурчактарды кийгизип жатышат. Биз оюнчуктар менен чогуу ойнодук. (32 сөз)

**58-сабак. Үйрөтүүчү жат жазуу.** Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөрдү тапкыла, астын сызгыла.

**Жүгөрү**

Айыл тургундары даамдуу жүгөрүнү көп эгишет. Анткени, ал абдан пайдалуу өсүмдүк. Үй жаныбарлары жүгөрүнүн жеми менен кыштан чыгышат. Айдайга жүгөрү талкан абдан жагат. Аны жаңы каймакка салып жейт. Жүгөрү жармасын жайында суусундукка ичишет. Жүгөрүнүн сабагын апасы отко жагат.(38 сөз)

**Эрмен**

Эрмен жергебизде көп кездешет. Анын абдан ачуу жыты бар, курамында ачуу зат болот. Бул өсүмдүк айлананы зыян нерселерден тазалап турат. Биздин бабалар эрменди дарылыкка малга беришкен. Кайнатылган эрмендин суусун көчөттөргө чачышкан. Мындай ыкма аларды зыянкечтерден коргоого жардам берген. (39 сөз)

**71-сабак. Көрүү жат жазуу.** Мугалим доскага же ватманга жат жазуунун текстин жалпыга даана көрүнгөндөй жазып, даярдап коёт. Окуучуларга жат жазуунун бул түрүнүн максаты жана аны аткаруу жолу ачыкталат. Текст бир жолу мугалим тарабынан окулуп, окуучулар менен бирдикте тексттин мазмуну, аталышы, канча сүйлөмдөн куралгандыгы, тыныш белгилеринин коюлушу, кыска жана созулма үндүүлөр, катар келген үнсүздөр, йоттошкон тамгалар ж.б. зарыл деп эсептелген эрежелер эске салынат. Текст окуучулар тарабынан дептерге көчүрүлүп жазылат. Баалоо критерийи катары окуучулардын концентрациясы, каллиграфиясы алынат.

**Жаз келди**

Кар аралаш ылай бут кийимге жабышат. Бирок айлана кандай көңүлдүү! Күн жаркырап тийип турат. Суулар көбөйүп, бетиндеги муздар жарыла баштады. Жаздын келиши менен айлана жанданды. Бутактарда борсойгон бүчүрлөр пайда болду. Жадыраган жаз келди. (33 сөз)

**Жазында**

Жазгы жылуу күндөр башталды. Биздин короодо алма, өрүк, карагат өсөт. Жазында биз жемиштердин түбүн жумшартабыз. Зыянкеч курттардан сактоочу дарыларды себебиз. Калган жерлерди атам экөөбүз казабыз. Топурагын майдалап, жөөк салабыз. Жөөктөргө помидор, калемпир, баклажан эгебиз. Күзүндө жакшы түшүм алабыз. (38 сөз)



**88-сабак. Көрүү жат жазуу.**

**Мекен**

Бизге күчтү, сыймыкты, эркти берип турган бул – мекенибиз. Ар бир уул, кыз мекени үчүн күчүн, акылын жумшап, кызмат өтөөдө. Ошондуктан, жыл сайын жергебизде дарак көгөрүүдө, үйлөр салынууда, жолдор узарууда, шаарлар жашарууда. (31 сөз)

**Биздин көчөдө**

Биздин көчөнүн балдары абдан ынтымактуу. Кышында чогуу хоккей ойнойбуз. Кардан киши жасайбыз, кар менен урушабыз. Бүгүн биз балдар менен муз тептик. Кичине балдар да ойноп жүрүшөт. Биз бөбөктөргө чакан дөңсөө жасап бердик. Бөбөктөргө эми көңүлдүү болот. (35 сөз)

**63-сабак. Текшерүү жат жазуусу.** Жат жазуунун мындай түрүн өтүлгөн темаларды кайталап эске түшүрүү, бир канча убакыттан соң жаңы тема менен байланышта билимди бышыктап туруу максатында сунуштайбыз. Жат жазуу мугалим тарабынан жаздырылып бүткөн соң, «Тексттерден кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла. Ал сөздөрдү муунга бөлүп, үндүү жана үнсүз тыбыштарды ажыраткыла» деген сыяктуу кошумча тапшырмалар берилет. Баалоо критерийи катары орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулуктан тышкары, тилдик материалдардын өздөштүрүлүшү алынат.

**Кундуз**

Кундуз апасына дайыма жардам берет. Айылда кечке маал жумуш көбөйөт. Кундуз музоолорду байлашат. Козуларды бөлүшөт. Аларга сүт берет. Айрыкча, кашка музоону жакшы көрөт. Музоо да кызга абдан үйрөнүп алды. (30 сөз)

**Туулган күн**

Бүгүн Таалайдын туулган күнү болду. Балдар аны куттуктап келишти. Таалайдын апасы даамдуу тамактарды жасады. Таттуу тортту да дасторконго койду. Тортту Таалай досторуна бөлүп берди. Балдар шашки ойношту. Таалайдын туулган күнү көңүлдүү өттү. (32 сөз)

**66-сабак. Текшерүү жат жазуусу.** Энчилүү аттарды билдирген сөздөрдү тапкыла, астын сызгыла.

**Ош шаары**

Биз Ош шаарында жашайбыз. Ош – чоң жана кооз шаар. Ал Ак-Буура суусунун жээгинен орун алган. Ошто сейил бактар, тарыхый эстеликтер бар. Шаарда улуттук чайханалар көп. Шаардыктар Сулайман тоосу менен сыймыктанышат. (31 сөз)

**Балаты майрамы**

Бүгүн мектепке тоодон балаты алып келишти. Биз эмгек сабагында жашыл балатыны кооздодук. Сабакта жасаган оюнчуктарды жапжашыл бутактарына илдик.

Кыздар кагаздын түрүнөн узун мончокторду даярдашкан. Бул мончоктор балатыга коздук берди. (29 сөз)

**100-сабак. Текшерүү жат жазуусу.** Заттын атын билдирген сөздөрдү аныктап, астын сызгыла.

**Булакта**

Биздин айылда сууну булактан ташыйт. Чоңдор фляга менен алышат. Балдар чакаларына толтурушат. Айрыкча, алар кышында кыйналышат. Сууларын да төгүп алышат. Азыр балдар сууну чогуу алып келип калышкан. Булактын суусу таза жана пайдалуу. (32 сөз)

**Чайдын тарыхы**

Чай суусундук катары дүйнө жүзүнө кеңири таралган. Чай адамдарга байыртадан эле белгилүү болгон. Анын курамынан көптөгөн пайдалуу заттар табылган. Бул заттар адамдын жашоосун керектүү витаминдер менен камсыз кылат. Чай адамдын суусунун кандырат жана сергитет. (34 сөз)

# III. Сабактардын иштелмелери

## Жат жазуу сабактары

**Сабактын максаты:**

1. Окуучулар алган билимдерин ар кыл жат жазуу иштерин жазууда колдонушат. Тиешелүү тилдик билгичтик, көндүмдөр пайда болот.

2. Сабаттуу жазууга, жазуу кептерин өркүндөтүүгө машыгышат. Таанып-билүүлөрү кеңейет. Көрүү, угуу концентрациялары калыптанат.

3. Ар кыл тексттердин үстүндө иштөө менен өздөрүнө адамдык оң сапаттарды сиңиришет, жаман-жакшыны ажыратышат. Бири-бирин сыйлоого тарбияланышат.

| Сабактын фрагменти | Сунушталган методдор | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Даярдоо | "Муз жаргыч" ыкмасы | Мугалим окуучуну сабакка уюштурууда класстагы достук атмосфераны жаратуу жана өздөрүн эркин алып жүрүшүнө шарт түзүүчү «Менин атым» деген ыкманы колдонсо болот. Каалаган 4-5 окуучу өзүнүн ысмы эмнени түшүндүрөт, аны ага ким койгондугу жөнүндө билгенин айтып берет. | |



| | | | |
|---|---|---|---|
| Жат жазуунун максатын түшүндүрүү | Айтып берүү, түшүндүрүү, суроо-жооп | Мугалим жат жазуунун түрүнө карата окуучуларга анын максатын, шартын түшүндүрөт. Окуучулар жат жазуу жазууга даярданышат. Көңүлдөрүн бурушат. Түшүнбөгөн суроолорду беришет. | Доскага теманы жазуу |
| Жат жазуу жаздыруу | Текстти көркөм окуу | Мугалим жат жазуунун текстин 1-толук түрдө көркөм окуп берет. Окуучулар өтө элек темага байланыштуу татаал сөздөрдү доскага жазып коёт. Андан соң ар бир сүйлөмдөрдү окуучуларга жаздырат. Окуучулар мугалимди кунт коюу менен жат жазуунун текстин калбай жазышат. | Жат жазуунун тексти |
| Физминутка | Оюн | «Кол чабуу» (тиешелүү учурда кол чабуу), «Учту-учту» (тиешелүү учурда колдорду көтөрүү) оюндары | Жат жазуунун тексти |
| Жат жазуудагы тапшырмаларды иштөө | Өз алдынча иштөө. Байкоо, анализдөө | Мугалим сөздүк, көрүү чыгармачылык ж.б. жат жазууларын жаздырууда окуучулардын билимдерин текшерүү, бышыктоо, жыйынтыктоо максатында тапшырмаларды иштөөнү белгилейт. Окуучулар тапшырмаларды көрсөтмөгө ылайык аткарышып, жазуу иштерине машыгышат. | Доскага тапшырмаларды жазуу |
| Жат жазууну баалоо | Өзүн-өзү баалоо. Бири-бирин баалоо. Мугалимдин баалоосу. | Мугалим өзүн-өзү, бири-бирин баалоо баракчаларын таратат. Баалардын коюлушун айрым окуучуларга комментарийлетет. Өзү жыйынтык чыгарат. Окуучулар баалоо баракчаларын толтурушат. Жыйынтык чыгарышат. | Баалоо баракчасы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Улантуу | Түшүндүрүү, өз алдынча иштөө | Мугалим өтүлгөн темалар боюнча материалдарды кайталоо, тематикалык буклет, китепче, сүрөттөрдү иштеп чыгуу үчүн чыгармачылык тапшырмаларды берет. Окуучулар үйдөн өз алдынча иштешет. | Доскага үй тапшырмалардын жазылышы |

## Дил баян жаздыруу сабактары

**Сабактын максаты:**

1. Окуучу сунушталган же өз алдынча тандаган тема боюнча өз оюн билдирип жазганга машыгат.
2. Байланыштуу кеби өөрчүйт, сабаттуулугу артат, ой жүгүртүүсү өсөт.
3. Өзүн-өзү тарбиялоо, баалоого, бири-бирине туура баа берүүгө көнүгөт.

| Сабактын фрагменти | Сунушталган методдор | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Даярдоо | "Муз жаргыч" ыкмасы | Мугалим окуучуну сабакка уюштуруу, кабыл алуусун, көңүл бурuусун камсыздоо үчүн «Интервью» ыкмасын колдонсо болот. Интервью алып жаткан мугалим же окуучу өзүн кызыктырган суроого жооп алуу үчүн классты аралап, окуучулардан интервью алат. М: Азыр биз эмне иш кылабыз? Мектепте окуган сага жагабы? ж.б. | Микрофон |
| Дил баян жазуунун максатын түшүндүрүү | Айтып берүү, түшүндүрүү | Мугалим алдын-ала эскертилген дил баяндын темасын доскага жазып коёт. Анын максатын, баалоо критерийлерин түшүндүрөт. Окуучу тема боюнча ой жүгүртөт, критерийлерди түшүнөт. | Доскага темалардын жазылышы |



| | | | |
|---|---|---|---|
| Дил баян жаздыруу | Өз алдынча иштөө, байкоо, анализдөө | Окуучулардын даярдыгын текшергөн соң мугалим убакытты белгилейт. Дил баян жазууларына байкоо жүргүзөт, иштөө процесстерин баалайт. Окуу дептерине тема боюнча өз оюн жазат. Туура, таза жазууга аракеттенет. | |
| Физминутка | Оюн | «Түс» (белгилүү убакыт ичинде айтылган түстү табууга жетишүү), «Отургуч» (орундукка отурууга жетишүү) оюндары. | |
| Дил баян жазууну улантуу | Өз алдынча иштөө. Байкоо | Мугалим окуучуларды бир аз эс алдырып алган соң, кайрадан иштерин улантууну тапшырат. Окуучулар дил баяндарын толуктап, жыйынтыкташат. | |
| Дил баяндарды текшерүү | Өзүн-өзү текшерүү. Мугалимдин текшерүүсү | Мугалим окуучуларды бир аз эс алдырып алган соң ишти жазууну токтотот. Бир ирет өздөрүнүн жазганын текшерүүгө убакыт берет. Өзү текшерет. Окуучу өз ишин текшерет, каталарын жоёт, мугалимге ишин тапшырат. | Текшерүү баракчасы |
| Дил баяндарды баалоо | Өзүн-өзү баалоо. Мугалимдин баалоосу. | Мугалим өзүн-өзү баалоо баракчаларын таратат. Айрым окуучуларга дил баяндарын окутат. Критерийлер боюнча иштерин баалайт. Окуучу баалоо баракчасын толтуруу менен өзүнүн ишине анализ берет. | Баалоо баракчасы |
| Улантуу | Түшүндүрүү, өз алдынча иштөө | Мугалим окуучуларга каникул убагында ушул сыяктуу дил баяндарды жазууну тапшырат. Темаларын белгилейт. Мисалы: «Ата-энеме жардамым», «Биздин айыл» ж.б. Окуучулар өз алдынча ой жүгүртүп, дил баян жазууга машыгышат. | Баалоо баракчасы |

## Катанын үстүнөн иштөө сабактары

**Сабактын максаты:**

1. Окуучу жазуу иштеринде кетирген каталарын билет. Аны жоюунун үстүндө машыгат.
2. Окуучунун жазуу кеби жакшырат, сабаттуулугу артат.
3. Таза, туура жазуу билгичтик көндүмдөрү калыптанат. Өзүн-өзү баалайт.

| Сабактын фрагменти | Сунушталган методдор | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | "Муз жаргыч" ыкмасы | Мугалим окуучулардын сабакка болгон көңүлүн бурдуруу үчүн «Жадыбал" ыкмасын колдонсо болот. Окуучулар мугалим таратып берген кичине барактагы чакмактын 1-бөлүгүнө өзүнүн кандай экендигин, 2-бөлүмүнө эмнени жакшы көрөрүн, 3-бөлүгүнө ким менен сыймыктанарын, 4-бөлүгүнө өзүнүн жаман көргөн нерсесин жазышат, айтып беришет. | Таратылуучу баракчалар |
| Жазуу иштеринин жыйынтыгын билдирүү | Айтып берүү. Суроо-жооп | Мугалим окуучулардын жазган жат жазуу, баяндама дил баяндарынын жыйынтыгын угузат. Алардын жетишкендиктерин, кемчиликтерин белгилейт. Окуучулар өз иштеринин көрсөткүчү боюнча өздөрүнө жыйынтык чыгарышат. Дагы жакшы иштөөгө аракеттенишет. | |
| Жазуу иштериндеги каталарды анализдөө | Түшүндүрүү. Суроо-жооп | Мугалим окуучулардын жазуу иштериндеги каталарын анализдеп, типтештирет. Аларды таблица, схемага салып, окуучуларга баяндайт. Мисалы: 2 окуучу сүйлөмдөгү ээни туура эмес тапкан, 5 окуучу үтүрдү туура эмес койгон, 3 окуучу энчилүү аттарды, йоттошкон тамгаларды туура эмес жазган ж.б. Окуучулар мугалимдин айтканын угушат, кабыл алышат, суроо беришет. | Каталарды типтештирген таблица, схемалар |
| Физминутка | Оюн | «Бузук телефон», «Жолук таштамай» оюндары | |
| Катанын үстүндө иштөө | Өз алдынча иштөө. Топто иштөө. | Мугалим кетирилген каталарга ылайык карточкаларга тапшырмаларды түзүп, окуучуларга таратат. Доскага иштетет. Окуучулар катаны жоюу үстүндө иштеп, машыгышат. | Каталарды жоюу үчүн орфографиялык, пунктуациялык эрежелер |
| Бышыктоо | Көнүгүү, тапшырмаларды иштөө | Мугалим сабактын максатын ишке ашыруу үчүн кетирилген каталарды жоюу жолдорун көрсөтмөлүү түшүндүрөт. Окуучулар кетирген каталарынын туура эмес экендигине ынанышып, кайра кайталабоо үчүн билимдерин бекемдешет. | Карточкалар |
| Жыйынтыктоо | Сүйлөшүү, аңгемелешүү | Мугалим сабакты жыйынтыктап, окуучулар менен сабаттуу жазуунун пайдасы жөнүндө аңгемелешет. Окуучулар менен бирдикте жазуу иштеринин мындан аркы максаттарын белгилешет. | |
| Үй тапшырмасы | Түшүндүрүү, өз алдынча иштөө. | Мугалим окуучуга ата-эненин жардамы менен жат жазуу, баяндама, дил баян жазуу иштерине машыгууларын тапшырат. Окуучулар класстан тышкаркы убактысына жазуу иштерине машыгышып, туура жазуу, байланыштуу кеп көндүмдөрүнө үйрөнүшөт. | Кошумча китептер |

**Чейректик жана жылдык кайталоо сабактары**

**Сабактын максаты:**

1. Окуучулар чейрек ичинде алган билим, билгичтик, көндүмдөрүн көрсөтүшөт.

2. Алган билимдерин кайталап, бышыктап, системага келтиришет. Каталарынын үстүндө иштешет.

3. Тырышчаактыкка максат коюп, ага жетүүгө, классташтарына жардам берүүгө тарбияланышат.

| Сабактын фрагменти | Сунушталган методдор | Мугалимдин жана окуучунун иш-аракеттери | Жабдылышы |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу | "Муз жаргыч" ыкмасы | Мугалим окуучуларды сабакка көңүл буруусун камсыз кылуу үчүн «Комплимент» ыкмасын колдонсо болот. Окуучулар чынжырча түрүндө улам бири-бирине комплимент, мактоо, кубаттоо сөздөрүн айтышат. М: Бүгүн Жылдыз жакшынакай болуп келиптир. Айбек бүгүн тартиптүү болду. Айгүл - боорукер кыз ж.б. | |
| Тапшырмалардын максатын түшүндүрүү | Айтып берүү. түшүндүрүү, суроо-жооп | Мугалим чейректе өтүлгөн темаларды бышыктоо, текшерүү үчүн аткарылуучу тапшырмалардын шартын түшүндүрөт. Окуучулар берилген текстти окуп чыгышат. Ага карата түзүлгөн суроолорго жооп жазышат, айрымдарына оозеки жооп беришет. (Жыйынтыктоочу жылдык текшерүү тест менен жүргүзүлөт.) | Окуу китеби |
| Жазуу иштеринин каталарын анализдөө | Түшүндүрүү. Суроо-жооп | Мугалим сабактын максатын айтуу менен суроо-жооп аркылуу окуучулардын чейрек ичинде алган билимдерин кайталап, эске түшүрөт. Окуучулар чейректик, жылдык текшерүү иштерди аткарууга даярданышат, мугалимдин түшүндүрүүсүн кабыл алышат. Суроолорго жооп беришет. | Окуу китеби |



| | | | |
|---|---|---|---|
| Окуучулардын оозеки жоптору | Суроо-жооп айтып берүү. | Мугалим айрым окуучуларга (окуу процессинде байкоо жүргүзүүсүнүн натыйжасында зарыл деген окуучуларга) атайын түзүлгөн (окуу китебинде сунушталган тапшырмалар жеңил же оор; оозеки кебин өөрчүтүү үчүн ж.б.) карточка таратып, оозеки жооп-торду берүүсүн сурайт. Окуучу берилген тапшырма, суроого карата өзүнүн билимин, билгичтигин көрсөтөт. | Карточка, жекече тапшырмалар |
| Тапшырмаларды текшерүү | Өзүн-өзү текшерүү. Бири-бирин текшерүү | Мугалимдин текшерүүсү. Мугалим тапшырмаларды аткарып бүткөн соң, өзүн-өзү, бири-бирин текшерүү баракчаларын таратат. Убакыт белгилейт. Өзү жыйынтыгын чыгарат. Окуучулар текшерүү баракчаларын толтурушат. | Текшерүү баракчалары |
| Тапшырмаларды баалоо | Өзүн-өзү баалоо. Бири-бирин баалоо. Мугалимдин баалоосу. | Мугалимдин текшерүү баракчалары толтурулуп бүткөн соң, өзүн-өзү бири-бирин баалоо баракчаларын толтурууну тапшырат. Өзү жыйынтыгын чыгарат. Окуучулар өзү парталаш отурган курбусунун ишине баа коёт. | Баалоо баракчалары |
| Физминутка | Оюн. | «Тым-тырс», «Күн-түн» оюндары | |
| Үй тапшырмасы | Түшүндүрүү өз алдынча иштөө. | Мугалим окуучуларга каникул учурунда иштей турган тапшырмалардын шартын түшүндүрөт. Мисалы: өз алдынча китеп окуу, түшүнгөнүн айтып берүү, сүрөт боюнча аңгеме түзүү, жаңылмач, табышмак, ырларды жаттоо, өтүлгөн материалдарды кайталоо. Окуучу өз алдынча изденет, портфолиого материал топтойт | Кошумча китептер |

# Өлчөө жана баалоо

**I. Мугалим сабактарда окуучунун сабакта аткарган иштери боюнча өзүн жана бири-бирин баалоосун уюштуруу үчүн төмөндөгүдөй ыкмаларды колдонсо болот:**

1. Окуучунун бир сабакта, бир жумада, бир бөлүм боюнча, же чейрек ичинде аткарган иштерин жазууну сунуштоо, жыйынтык чыгартуу.




2. Ушундай эле иш-аракет менен парталаш отурган курбусун, чакан топту, жалпы классты баалоо, жыйынтык чыгартуу.






**I. Ар бир бөлүм боюнча өзүн-өзү баалоо баракчасы**

**(Ата-энелердин жардамы менен)**

**«Менин айлана-чөйрөм» темасы боюнча өзүңдү баала**

Аты-жөнү:____________________

Классы:____________________

Күнү, айы, жылы:____________________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Үйдөн мектепке чейинки жолду өзүм таап келе алам. | | | |
| 2 | Класстын ичинде эмнелер бар жана алар эмне үчүн керек экенин айтып бере алам. | | | |
| 3 | Өтүлгөн темаларда эмнелер жөнүндө айтылганын эстей алам. | | | |
| 4 | Текст боюнча сүрөт тарта алам. | | | |
| 5 | Сүрөт боюнча чакан аңгеме жаза алам. | | | |
| 6 | Текст боюнча көнүгүүлөрдү иштей алам. | | | |
| 7 | Эрежелерди түшүнүп жаттадым. | | | |
| 8 | Башыман өткөргөн окуялардан класстагы досторума айтып бере алам. | | | |
| 9 | Мугалимдин берген тапшырмаларын кунт коюп угам. | | | |
| 10 | Класста ойнолгон оюндарга активдүү катышам. | | | |
| 11 | Тапшырмаларды ата-энем менен чогуу аткарам. | | | |
| 12 | Китепти булгабай, тытпай окуйм. | | | |
| 13 | Партада туура отурам жана калем сапты туура кармайм. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

____________________________________________

______________________:______________________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

____________________________________________

______________________:______________________

Ата-эненин аты-жөнү ____________________

Мугалимдин аты-жөнү ____________________

**«Баалуулуктарыбыз» темасы боюнча өзүңдү баала**

Аты-жөнү:____________________

Классы:____________________

Күнү, айы, жылы:________________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тексттерди шар окуй алам. | | | |
| 2 | Тексттерди көчүрүп жаза алам | | | |
| 3 | Тамгаларды элементи менен жазам. | | | |
| 4 | Тексттердин мазмунуна түшүндүм. | | | |
| 5 | Тексттерди кайра айтып бере алам. | | | |
| 6 | Тексттер боюнча берилген суроолорго жооп берем. | | | |
| 7 | Тексттер боюнча берилген тапшырмаларды аткара алам. | | | |
| 8 | Эрежелерди жаттадым. | | | |
| 9 | Ыр, макал, табышмак, жаңылмачтардан жатка айтып бере алам. | | | |
| 10 | Баалуулуктарды үйрөнөм, сактайм жана сыймыктанам. | | | |
| 11 | Сүйлөмдүн аягына чекит, суроо, илеп белгилеринин коюлушун билем. | | | |
| 12 | Схема менен сүйлөм түзө алам. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

______________________________________

______________________:________________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

______________________________________

______________________:________________

Ата-эненин аты-жөнү Мугалимдин аты-жөнү

________________ ________________



**«Чыңгыз Айтматов» темасы боюнча өзүңдү баала**

Аты-жөнү:____________________

Классы:____________________

Күнү, айы, жылы:________________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Текстти дептерге туура көчүрүп жазам. | | | |
| 2 | Доскага жазганды үйрөндүм. | | | |
| 3 | Жат жазууну жакшы жазамын. | | | |
| 4 | Дил баян, баяндама жазганга кызыгам. | | | |
| 5 | Окуган тексттердин маанисин түшүнүп, кайра айтып бере аламын. | | | |
| 6 | Жаңы сөздөрдөн үйрөндүм. | | | |
| 7 | Карточка менен иштей алам. | | | |
| 8 | Өз алдымча тапшырмаларды аткара алам. | | | |
| 9 | Парталаш курбум менен иштөө көңүлдүү. | | | |
| 10 | Топто иштегенде көп нерсеге үйрөнөм. | | | |
| 11 | Эрежелерди айтып, мисалдарды келтире алам. | | | |
| 12 | Ч. Айтматовдой чыгарма жазгым келет. | | | |
| 13 | Үйдөн китеп окуганды жакшы көрөм. | | | |
| 14 | Мугалимдин айткандарын кунт коюп угамын | | | |
| 15 | Үй тапшырмаларды ата-энемдин жардамында аткарамын. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

______________________________________

______________________:________________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

______________________________________

______________________:________________

Ата-эненин аты-жөнү Мугалимдин аты-жөнү

________________ ________________

### «Оюн жана спорт» темасы боюнча өзүңдү баала

Аты-жөнү:____________________

Классы:____________________

Күнү, айы, жылы:________________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тексттерди шар, түшүнүп окуй алам. | | | |
| 2 | Тексттердин мазмунун айтып бере алам. | | | |
| 3 | Текстке берилген суроолорго жооп бере алам. | | | |
| 4 | Текстке берилген тапшырмаларды аткара алам. | | | |
| 5 | Эрежелерди түшүнүп жаттайм. | | | |
| 6 | Жаңылмачты жатка, бат-бат айта алам. | | | |
| 7 | Табышмактарды табам, өзүм да жолдошторума табышмактарды катам. | | | |
| 8 | Жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүп, тексттен аларды таба алам. | | | |
| 9 | Оюнду абдан жакшы көрөм. | | | |
| 10 | Оюн аркылуу көп нерсени үйрөнөм. | | | |
| 11 | Үйдөн эртең мененки гимнастиканы жасайм. | | | |
| 12 | Спорт менен машыгам (футбол, чуркоо, шашки, бий ж.б.) | | | |
| 13 | Дене тарбия сабагына кийим кийип, дайыма катышам. | | | |
| 14 | Сабактарымды өз убагында окуймун. | | | |
| 15 | Сабактан калбаймын. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

________________________________________

____________________:____________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

________________________________________

____________________:____________

Ата-эненин аты-жөнү ____________ Мугалимдин аты-жөнү ____________



### «Биринчи байлык - ден соолук» темасы боюнча өзүңдү баала

Аты-жөнү:____________________

Классы:____________________

Күнү, айы, жылы:________________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тексттерди шар, көркөм окуй алам. | | | |
| 2 | Тексттердин мазмунуна түшүндүм. | | | |
| 3 | Тексттин мазмунун кайра айтып бере алам. | | | |
| 4 | Тексттерди туура көчүрүп жазам. | | | |
| 5 | Тапшырмаларды өз алдынча аткара алам. | | | |
| 6 | Тарткан сүрөтүм боюнча аңгеме жаза алам. | | | |
| 7 | Өзүмдүн башыман өткөн күлкүлүү окуяларымды классташтарыма айтып берем. | | | |
| 8 | Тест менен иштегенди жакшы көрөм. | | | |
| 9 | Өз колум менен көп нерселерди жасап топтодум. | | | |
| 10 | Өздүк гигиенаны сактайм. | | | |
| 11 | Ден соолугум үчүн кам көрөм. | | | |
| 12 | Ооруп калган адамдарга жардам берем. | | | |
| 13 | Окуу куралдарымды таза, тыкан сактайм. | | | |
| 14 | Партада түз отурам. | | | |
| 15 | Класста ойнолгон оюндарга активдүү катышам. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

________________________________________

____________________:____________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

________________________________________

____________________:____________

Ата-эненин аты-жөнү ____________ Мугалимдин аты-жөнү ____________

## «Тарбия жана турмуш» темасы боюнча өзүңдү баала

Аты-жөнү:___________________

Классы:___________________

Күнү, айы, жылы:_______________

Сүйүктүү окуучум! Төмөндө айтылган нерселерди билсең, түшүнсөң, колдонсоң ☺, бир аз деңгээлде болсо 😐, жасай албасаң ☹ белгисине чымчыкча кой.

| № | Өзүн-өзү баалоо | ☺ | 😐 | ☹ |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Тексттер боюнча тапшырмаларды аткарамын. | | | |
| 2 | Доскага суранып көп чыгамын. | | | |
| 3 | Тексттерди түшүнгөнүм боюнча айтып бере аламын. | | | |
| 4 | Сабаттуу жана сулуу жазамын. | | | |
| 5 | Эрежелерди түшүнүп жаттаймын. | | | |
| 6 | Сүрөт боюнча чакан текст түзө алам. | | | |
| 7 | Ролдоштуруп ойноого катышам. | | | |
| 8 | Жолдошторумдан жардам аябайм. | | | |
| 9 | Жолдошторум менен сылык сүйлөшөм. | | | |
| 10 | Мектепте жана көчөдө өзүмдү жакшы алып жүрөм. | | | |
| 11 | Ата-энемди, тууганадарымды абдан сыйлайм. | | | |
| 12 | Жакшы иштерди көп жасайм. | | | |
| 13 | Эне тилимди кызыгып үйрөнөм. | | | |
| 14 | Эне тилимде китептерди көп окуймун. | | | |

Ата-эненин баалоосу жана кеңеши

_______________________________________________

_______________________________:_______________

Мугалимдин баалоосу жана кеңеши

_______________________________________________

_______________________________:_______________

Ата-эненин аты-жөнү　　　　Мугалимдин аты-жөнү

___________________　　　　___________________



### III. Окуучунун иш-аракеттерин байкоо жана көзөмөлдөө баракчалары (калыптандыруучу баалоонун үлгүлөрү)

**Окуучунун окуу иштерине байкоо жүргүзүү:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | ☆ | □ | ☆ | △ | ☆ | ☆ | ☆ |

**Окуучунун жазуу иштерине байкоо жүргүзүү:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | 4 | 4 | 5 | 4 | 5 | 4 | 4 |

**Окуучунун оозеки жоопторун баалоо:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | жакшы | канат-тандыр. | жакшы | эң жакшы | жакшы | жакшы | жакшы |

**Окуучунун топто иштөөсүнөн байкоо жүргүрзүү:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | аза-мат | аза-мат | на-чар | чам-да | аза-мат | чам-да | чам-да |

**Окуучунун үй тапшырмасын аткаруусун баалоо:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | ☹ | ☺ | ☺ | ☺ | ☺ | ☺ | ☺ |

**Окуучунун портфолиосун (чыгармачылык иштерин) баалоо:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | мыкты | дурус | дурус | орто | дурус | дурус | дурус |

**Окуучунун ишмердүүлүгүнүн жылдык жыйынтыгы:**

| № | Окуучунун аты-жөнү | 1-тема | 2-тема | 3-тема | 4-тема | 5-тема | 6-тема | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Акматов Э. | 5 | 4 | 4 | 4 | 5 | 4 | 4 |

## Катанын үстүндө иштөө сабактарында колдонууга сунушталган баалоо баракчаларынын үлгүлөрү

(Сөздүк жат жазуусунун жыйынтыгынын мисалында)

**1. Өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо баракчалары:**




**2. Кетирилген каталарды типтештирүү жана ошол багытта жекече тапшырмаларды иштеп чыгуу үчүн:**




**3. Окуучунун кетирген катасынын үстүндө иштөөсү үчүн карточкалар:**






## КАЛЫПТАНДЫРУУЧУ ЖАНА ЖЫЙЫНТЫКТООЧУ БААЛОО ҮЧҮН ТЕСТТЕР

**1. Тексттин негизинде окутулган материалдар боюнча компетенттүүлүктөрдү текшерүү үчүн тесттер «Таенемдин майрамы» тексти боюнча:**

1- вариант

**1. «Таенемдин майрамы» аңгемесинин автору ким?**

а) Ш.Бейшеналиев
б) Ч.Айтматов
в) М.Сыдыкбеков

**2. Кыз гүлдү кимге белекке берди?**

а) апасына
б) эжесине
в) таенесине

**3. Таене деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?**

а) 5 тамга, 6 тыбыш
б) 6 тамга, 5 тыбыш
в) 5 тамга, 4 тыбыш

**4. ... терген бир кучак гүлүмдү бердим.**

а) короодон
б) тоодон
в) талаадан

**5. «Мына, менин майрамым!» деп ким айтты?**

а) апасы
б) кызы
в) таенеси

2-вариант

**1 .«Таенемдин майрамы» аңгемесинде канча каарман бар? Алар кимдер?**

а) Эки: апасы, кызы
б) Үч: кыз,апасы,таенеси
в) Төрт: ата-энеси,кызы,таенеси.

**2. Кыз канча гүл терди?**

а) 5
б) 1
в) бир кучак

3. **«Келсем, таенем үйдө жок экен» деген сүйлөмдүн аягына кандай белги коюлат?**

а) чекит
б) суроо белгиси
в) илеп белгиси

4. **Таенем ... көп айтып берер эле.**

а) ырларды
б) аңгемелерди
в) жомокторду

5. **Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Биринчи белегим таенеме берген бул гүл болчу.
б) Бул гүл таенеме берген биринчи белегим болчу.
в) Таенеме берген бул гүл болчу биринчи белегим.

**«Мектеп жолунда» тексти боюнча**

1-вариант

1. **Кыргыз тилинде канча тамга бар?**

а) 33
б) 36
в) 35

2. **Тыбышты белгилей турган шарттуу белги эмне деп аталат?**

а) тамга
б) тыбыш
в) жазуу

3. **«Мектеп жолунда» аңгемесинин каармандары кимдер?**

а) Азамат, Алик
б) Бекен, Алик
в) Аман, Бекбол

4. **Китеп деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?**

а) 5 тамга, 6 тыбыш
б) 5 тамга, 5 тыбыш
в) 4 тамга, 5 тыбыш

5. **«Ал да Бекенден калбай дүкөнгө кошо чуркап турду» деген сүйлөмдө ким жөнүндө айтылып жатат?**

а) апасы
б) атасы
в) Алик



2-вариант

1. **Кыргыз тилинде канча тыбыш бар?**

а) 39
б) 36
в) 35

2. **Кыргыз тилиндеги тыбыштар кандай топторго бөлүнөт?**

а) созулма жана кыска
б) үндүү жана үнсүз
в) жумшак жана катkalaң

3. **Тыбышты биз эмне кылабыз.**

а) айтабыз жана угабыз
б) сүйлөйбүз жана окуйбуз
в) көрөбүз жана жазабыз

4. **Алик өзүнүн кичүүлүгүнө карабастан дайыма агасына атаандашып жүрөт. Сүйлөмдө канча сөз бар?**

а) 9
б) 10
в) 8

5. **Кыргыз тилинде канча үндүү тыбыш бар?**

а) 15
б) 14
в) 20

**«Хан-Дарбыз» тексти боюнча:**

1-вариант

1. **«Хан-Дарбыз» кандай чыгарма?**

а) жомок
б) аңгеме
в) ыр

2. **Ичке үндүүлөр канчоо?**

а) 6
б) 8
в) 7

3. **Хан-Дарбызга кандай мүнөздөмө бересиң?**

а) боорукер, ак көңүл
б) ач көз, алдамчы
в) шайыр, мээримдүү

4. **Жашылчалар деген сөздө канча үндүү, канча үнсүз тыбыш бар?**
а) 5 үндүү, 5 үнсүз
б) 5 үндүү, 6 үнсүз
в) 4 үндүү, 6 үнсүз
5. **Созулма үндүүлөр канча тыбышты билдирет?**
а) 1
б) 2
в) 3

2-вариант

1. **Созулма үндүүлөр канчоо, алар кайсылар?**
а) 5 (а,и,у,ээ,ы)
б) 6 (аа,ээ,оо,өө,уу,үү)
в) 4 (аа,о, ы,у)
2. **Ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү тап?**
а) дарбыз, дыйкан, хан;
б) жашылча, суу, сабиз;
в) күнөстүү, элпек, чеп.
3. **Жоон үндүүлөр кайсылар?**
а) а,аа,о,оо,у,уу,ы
б) и,е,өө,оо,а
в) а,о,у,ы,и
4. **Дыйканга кандай мүнөздөмө бересиң?**
а) ак көңүл, эмгекчил.
б) жалкоо, ач көз.
в) алдамчы, эки жүздүү
5. **Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**
а) Ээрчишип дыйканга жашылчалар келишти.
б) Дыйканга келишти жашылчалар ээрчишип.
в) Жашылчалар ээрчишип дыйканга келишти.

## «Күзгү» тексти боюнча

1-вариант

1. **Үнсүз тыбыштар кандай топторго бөлүнөт?**
а) жоон, ичке
б) жумшак, каткалаң
в) созулма, кыска



2. **Жумшак үнсүздөр катышкан сөздөр кайсы?**
а) көпөлөк, көйнөк, толкун
б) Ысык-Көл, ак чардак, күзгү
в) жаз, жамгыр, жылуу
3. **Күзгү деген сөздө канча үндүү, канча үнсүз бар?**
а) 2 үндүү, 2 үнсүз
б) 2 үндүү, 3 үнсүз
в) 3 үндүү, 2 үнсүз
4. **Чоң эненин жомогунда Ысык-Көл эмнеден пайда болгон деп айтылат?**
а) пери кыздын күзгүсүнөн
б) пери кыздын тарагынан
в) тынбай жааган жамгырдан
5. **Түгөйлүү үнсүздөр кайсылар?**
а) с-ч; м-л; ж-к; п-ф
б) б-п; в-ф; г-к; д-т; ж-ш; з-с
в) к-п; ч-т; м-н; с-ш; ф-п

2-вариант

1. **"Күзгү" аңгемесинде Ысык-Көл эмнеге салыштырылып жатат?**
а) күзгүгө
б) асманга
в) берметке
2. **К,г тыбыштары кайсы сөздөрдө ичке үндүүлөр менен келди?**
а) кыз, кагаз, кайык
б) көйнөк, ак, толкун
в) көл, гүл, күз
3. **Каткалаң үнсүздөр катышкан сөздөр кайсы?**
а) көл, Алийса, чоң эне
б) ысык, көпөлөк, аппак
в) күзгү толкун, асман
4. **Жумшак үнсүздөр эмненин жардамы менен жасалат?**
а) үн менен шыбыштын
б) шыбыштын
в) үндүн
5. **Алийса түшүндө эмнеге окшоп учту?**
а) чабалекейге
б) көгүчкөнгө
в) ак кууга

## «Мен сыймыктанам» тексти боюнча

1-вариант

1. **Орус тилинен кирген сөздөр кайсылар?**
   а) улут, шаар, аспап
   б) календарь, плащ, ваза
   в) герб, туу, медаль
2. **Кыргызстандын атрибуттары эмнелер?**
   а) герб, гимн, туу
   б) жери, гимни, туусу
   в) өлкө, эл, республика
3. **Йоттошкон тамгалар канча тыбышты билдирет?**
   а) 3
   б) 1
   в) 2
4. **Кайсы тамгалар тыбышты билдирбейт?**
   а) а, о
   б) ь, ъ
   в) я, ю
5. **Кайсы сөздөр туура эмес жазылган?**
   а) медал, конки, подезд
   б) циркуль, пальто, съезд
   в) подъезд, лагерь, январь

2-вариант

1. **Кайсы тамгалар орус тилинен кирген сөздөрдө кездешет?**
   а) я, ж, з, к, л
   б) в, ф, х, ц, щ
   в) ю, п, р, с, т
2. **Кыргыз тилинде канча йоттошкон тамга бар, алар кайсылар?**
   а) 4 (я, ю, е, е)
   б) 3 (й, ю, у)
   в) 2 (й, е)
3. **Кайсы сөздөр туура эмес жазылган?**
   а) айуу, кыйак, чийе
   б) аюу, кыяк, чие
   в) аяк, тоют, туяк
4. **Орус тилинен кирген сөздөр кайсылар?**
   а) февраль, атрибут, парта
   б) күрөш, конституция
   в) гимн, каада-салт, кеменгер



5. **200 сомдук акчада кимдин сүрөтү тартылган?**
   а) Чыңгыз Айтматов
   б) Саякбай Каралаев
   в) Алыкул Осмонов

## "Манастын Таласка көчүп келип конушу" тексти боюнча:

1-вариант

1. **"Манастын Таласка көчүп келип конушу"чыгармасын ким жазган?**
   а) Чыңгыз Айтматов
   б) Алыкул Осмонов
   в) Кадырбай Мамбетакунов
2. **Кыргыз алфавитинде канча тамга бар?**
   а) 36
   б) 35
   в) 39
3. **Алфавиттеги тамгалар жазылышына карай кандай болуп бөлүнөт?**
   а) чоң тамга, кичине тамга
   б) баш тамга, кичине тамга
   в) тамга, тыбыш
4. **Тамгалардын алфавиттеги тартиби каерде сакталды?**
   а) а, б, г, д, з
   б) а, в, г, з, ж
   в) а, б, в, г, д
5. **Кайсы сөздөр туура жазылды?**
   а) Сары-Өзөн, Манас, Кошой
   б) ала-тоо, талас, Ата журт
   в) Ат-Башы, Кең-Көл, Кыргыз

2- вариант.

1. **Тамгалардын аталышынын кайсынысы туура?**
   а) а, бе, ве, ге, де
   б) а, би, ви, ги, ди
   в) а, бэ, ва, ги, да.
2. **Аттардын кайсынысы алфавит тартибинде жазылды?**
   а) Бурул, Асыл, Дастан, Гүлүкан
   б) Асыл, Дастан, Бурул, Гүлүкан
   в) Асыл, Бурул, Гүлүкан, Дастан

3. **Алфавит деген эмне?**
   а) тамгалардын жазылышы
   б) тамгалардын ирети менен жайгашышы
   в) тамгалардын бөлүнүшү
4. **Б, Ж, С, Ч тамгалары алфавиттеги канчанчы тамгалар?**
   а) 3, 5, 8, 10
   б) 2, 10, 12, 16
   в) 2, 8, 21,28
5. **Текстте Сары-Өзөн деп кайсы жер айтылып жатат?**
   а) Чүй
   б) Талас
   в) Нарын

**«Улуу жазуучунун өрнөгү» тексти боюнча:**

1-вариант

1. **Кыргыз тилинде муундун канча түрү бар?**
   а) 3
   б) 2
   в) 4
2. **Ачык муундуу сөздөр кайсылар?**
   а) а-па, жа-зуу-чу, у-луу
   б) а-дам, а-йыл, эм-гек
   в) өр-нөк, чы-гар-ма
3. **Жабык муундуу сөздөр кайсылар?**
   а) ак,ба-рак,ко-нок
   б) ак, өс, эс
   в) кат, мез-гил, үй
4. **Туюк муундуу сөздөр кайсылар?**
   а) мек-теп, кыр-гыз, Чың-гыз
   б) ба-ла, үл-гү, да-йы-ма
   в) ки-теп, эл, баа-луу
5. **«Улуу жазуучунун өрнөгү» чыгармасында ким жөнүндө жазылыптыр?**
   а) Ш.Бейшеналиев
   б) К.Эсенкожоев
   в) Ч.Айтматов

2-вариант

1. **Ачык муун кандай болот?**
   а) жалаң үндүүдөн турат, же үнсүз менен башталып, үндүү менен аяктайт
   б) үнсүз менен башталып, үнсүз менен бүтөт
   в) үнсүздөрдөн куралат
2. **Жабык муун кандай болот?**
   а) үнсүз менен башталып, үндүү менен бүтөт
   б) үндүүлөрдөн турат
   в) үндүү менен башталып, үнсүз менен бүтөт
3. **Туюк муун кандай муун?**
   а) үнсүз менен башталып, үнсүз менен бүтөт
   б) үндүү менен башталат
   в) үнсүз менен башталып, үндүү менен бүтөт
4. **Баалуулуктарыбыз деген сөз муунга кандай ажырайт?**
   а) баал-уу-лук-тар-ы-быз
   б) баа-луул-ук-та-рыб-ыз
   в) баа-луу-лук-та-ры-быз
5. **«Улуу жазуучунун өрнөгүн» ким жазыптыр?**
   а) К.Каимов
   б) Д.Сулайманов
   в) О.Ынанды

## «Алгачкы эмгек акым» тексти боюнча:

1-вариант

1. **«Алгачкы эмгек акым» чыгармасынын автору ким?**
   а) Ч.Айтматов
   б) Д.Сулайманов
   в) А.Токомбаев
2. **Ч. Айтматовдун алгачкы эмгек акысы эмне болуптур?**
   а) 1 сом
   б) 1 кап буудай
   в) 1 жилик эт
3. **Достор деген сөздүн уңгусу кайсы?**
   а) доско
   б) дос
   в) достор
4. **Макалда кайсы сөз жетишпейт?**

   Жакшы....-элпек,
   Жаман....-тентек

   а) бала
   б) кыз
   в) окуучу

**5. Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Мени чоң энем карады сыймыктануу менен.

б) Карады сыймыктануу менен чоң энем мени.

в) Мени чоң энем сыймыктануу менен карады.

2-вариант

**1. Сөз тутуму кандай бөлүктөргө бөлүнөт?**

а) уңгу, мүчө

б) сөз, уңгу

в) мүчө, бөлүк

**2. Сөздүн уңгусу кандай болот?**

а) сөзгө жалганат

б) сөздүн бир бөлүгү

в) сөздүн маани берүүчү бөлүгү

**3. Алгачкы эмгек акысын Ч. Айтматов кандай иш аткарып алды?**

а) жардам берип

б) которуп берип

в) иштеп

**4. Жылкычылар деген сөздүн уңгусу кайсы?**

а) жылкы

б) жылкычы

в) жыл

**5. Кайсы сүйлөм аңгемеден алынган эмес?**

а) Мен мектепте окуйм.

б) Досторум менен ойноп жүрөм.

в) Жиликти досторум менен бөлүшүп жеп койдук.

**«Ушул жер силерге Мекен болот» тексти боюнча:**

1-вариант

**1. Уңгулаш сөздөрдү тапкыла?**

а) балалык, баладай, балалуу

б) балдар, бала, апа

в) балалуу, энелер, аталар

**2. Кайсы сүйлөм туура?**

а) Мекен болот жер ушул силерге.

б) Жер болот ушул силерге Мекен.

в) Ушул жер силерге Мекен болот.



**3. Чыгармада кыргыз жергесинин кайсы жерлери сүрөттөлгөн?**

а) Ала-Тоосу, Ысык-Көлү

б) Нарын, жайлоо

в) Соң-Көл, тоолор

**4. Мекеним деген сөздүн уңгусу кайсы?**

а) Меке

б) Мекен

в) Мекени

**5. Сөздүн аягындагы к,п тыбышы кайсы жерде өзгөрдү?**

а) китебим, кабым, сабагым

б) Мекеним, жерим, көлүм

в) Бугунун, кыргыздын, китептин

2-вариант

**1. «Ушул жер силерге Мекен болот» уламышы Ч. Айтматовдун кайсы чыгармасында бар?**

а) «Эрте келген турналар»

б) «Атадан калган туяк»

в) «Ак кеме»

**2. Макалда кайсы сөз жетишпейт?**

Туулган .... топурагы - алтын.

а) жердин

б) айылдын

в) кыштактын

**3. Уңгулаш сөздөрдү тапкыла?**

а) китепкана, китептей, китепкөй

б) китептер, окуучулар, мектептин

в) сабактын, сабакка, сабактай

**4. К,п тыбыштары кайсы жерде өзгөрдү?**

а) сапарда, сапта, топто

б) желеги, тобу, барагы

в) ысыкта, сүтү, кыргыздын

**5. Кайсы сүйлөм чыгармадан алынган?**

а) Биз Ысык-Көлдө эс алдык.

б) Ала-Тоо – кыргыз тоосу

в) Ошентип жүрүп отуруп, акыры Бугу - Эне балдарын Ысык-Көлгө жеткирди.

**«Жандырмагы сүрөттө» тексти боюнча**

1-вариант

**1. Заттын атын билдирген сөздөргө кандай суроолор берилет?**

а) кандай? кайсы?

б) ким? эмне? кимдер? эмнелер?

в) эмне кылат?

**2. «Жандырмагы сүрөттө» ырындагы "Апамдын жүрөт бутунда" деген эмне?**

а) маасы

б) туфли

в) байпак

**3. Адамдар жана жаныбарлар кандай заттарга кирет?**

а) жандуу

б) жансыз

в) затты билдирбейт

**4. Жансыз заттарга эмнелер кирет?**

а) жер-суу, тоо-таш, өсүмдүктөр, буюмдар

б) кой, уй, кумурска, ак куу

в) куруучу, өтүкчү, ырчы

**5. Адамдарга кандай суроолор берилет?**

а) эмне?

б) эмне кылат?

в) ким? кимдер?

2-вариант

**1. «Жандырмагы сүрөттө» ырында "Узанып чабат балканы" деп ким жөнүндө айтылып жатат?**

а) мугалим

б) жумушчу

в) уста

**2. Саат, тегирмен, ракета - булар кандай заттар?**

а) жандуу

б) жансыз

в) зат эмес

**3. Жер-суу, тоо-таш кандай заттарга кирет?**

а) жандуу

б) жансыз

в) зат эмес

**4. Мугалим, окуучулар, куруучулар деген сөздөр кандай суроолорго жооп берет?**

а) эмне?



б) кандай?

в) ким? кимдер?

**5. Табышмактын жообун эмне дейбиз?**

а) жандырмак

б) жооп

в) суроо

**«Селкинчек» тексти боюнча:**

1-вариант

**1. Заттын кыймыл- аркетин билдирген сөз кайсы?**

Көк чийип төбөбүз,
Селкинчек тебебиз.

а) тебебиз

б) төбөбүз

в) селкинчек

**2. Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө кандай суроолор берилет?**

а) эмне? эмнелер?

б) кандай? кайсы?

в) эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?

**3. Эмне кылып жатат? деген суроого кайсы учурдагы кыймыл-аракет жооп берет?**

а) сүйлөп жаткан учурдагы

б) сүйлөп жаткан учурдан мурда

в) кийин болгон

**4. Кыймыл- аракетти билдирген сөз кандай суроого жооп берет?**

Селкинчек тебебиз,
Чыңалат денебиз.

а) эмне кылат?

б) эмне кылышты?

в) эмне кылабыз?

**5. Биз сүйлөп жаткан учурдан кийин боло турган кыймыл-аракетке кандай суроо берилет?**

а) эмне кылат?

б) эмне кылды?

в) эмне кылып жатат?

2-вариант

**1. Кыймыл -аракетти билдирген сөздү тапкыла?**

Күүлөйбүз кош колдоп,
Учасың оболоп.

а) күүлөйбүз учасың
б) оболоп
в) кош колдоп

2. **Селкинчек тебебиз деген сөздү кыймыл-аракетти билдирген суроого жооп бергендей өзгөрткүлө?**
а) селкинчек тебишет
б) селкинчек тептим
в) селкинчек тээп жатабыз

3. **"Селкинчек" ырынын автору ким?**
а) Т. Кожомбердиев
б) М. Жангазиев
в) А. Кыдыров

4. **Эмне кылып жатат?деген суроого кайсы сөздөр жооп берет?**
а) сүйлөдү, окуду, ойноду
б) барат, ырдайт, уктайт
в) жазып жатат, бийлеп жатат, угуп жатат

5. **Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла.**
а) окуучу, аюу, кумурска
б) кой, саанчы, куш
в) ойноду, окуду, эс алды

**«Жылгаяк» тексти боюнча**

1-вариант

1. **Эмне кылды? деген суроого кандай сөздөр жооп берет?**
а) биз сүйлөп жаткандан мурда болгон
б) биз сүйлөп жатканда болгон
в) кийин болгон

2. **«Жылгаяк» ырын ким жазган?**
а) А. Осмонов
б) Б.Асаналиев
в) А.Кыдыров

3. **Эмне кылышты? деген суроого жооп бергиле.**
Балдар жылгаяк ...
а) тебишет
б) тээп жатышат
в) тебишти

4. **Эмне кылды? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла?**
а) сүйлөдү, чуркады, жыйнады



б) сүйлөйт, чуркайт, жыйнайт
в) сүйлөп жатат, чуркап жатат, жыйнап жатат

5. **Кыймыл-аракетти билдирген сөздү эмне кылдык? деген суроого жооп бергендей өзгөрткүлө?**

Кыйылып, кылчактап,
Кетебиз үйлөргө!

а) кетип баратабыз
б) кетип баратат
в) кеттик

2-вариант

1. **Эмне кылышты? деген суроого жооп берген сөздөрдү тапкыла?**
а) жардам беришти, жөнөштү, угушту
б) жардам берет, жөнөйт, угат
в) жардам берип жатат, жөнөп жатат, угуп жатат

2. **Биз чана менен жылгаяк (эмне кылдык?)**
а) тебебиз
б) тээп жатабыз
в) тептик

3. **Ырда кайсы учур сүрөттөлгөн?**
а) кыш
б) жаз
в) күз

4. **Теребел деген сөз эмнени түшүндүрөт?**
а) кыш
б) айлана
в) оюн

5. **Дарыгер оорулууну эмне кылды?**
а) окутту, ойнотту, жаздырды
б) чуркатты, жыйнатты, сүйлөттү
в) көрдү, дарылады, айыктырды

**«Мультфильм» тексти боюнча:**

1-вариант

1. **Эмне кылат? деген суроого кайсы учурдагы кыймыл-аракет жооп берет?**
а) сүйлөп жаткан учурдагы
б) сүйлөп жаткандан кийин боло турган
в) сүйлөп жаткандан мурда болгон

2. **Эмне кылат? деген суроого кайсы сөздөр жооп берди?**
а) бийледи, сүйлөдү
б) бийлеп жатат, сүйлөп жатат
в) бийлейт, сүйлөйт
3. **«Мультфильм»ырынын автору ким?**
а) Ж. Бекөмбаев
б) Б. Асаналиев
в) С. Карымшаков
4. **Эмне кылат? деген суроого кайсы сөз жооп берди?**
Бөлтүрүк болсо бөжөктү,
Бөбөгүм деп көрсөтөт.
а) көтөрөт
б) бөлтүрүк
в) бөбөгүм
5. **«Сыналгы» деген сөз эмнени билдирет?**
а) радио
б) компьютер
в) телевизор

2-вариант

1. **Кыймыл-аракетти билдирген сөздөрдү тапкыла?**
а) мультфильм, аюу, пил
б) көрөбүз, окуйбуз, ойнойбуз
в) бөжөк, бөлтүрүк, акула
2. **Биз кызыктуу мультфильм (эмне кылабыз?)**
а) көрөбүз
б) көрдүк
в) көрүп жатабыз
3. **«Мультфильм» ырындагы пил эмне кылат?**
а) чуркайт
б) уктайт
в) гүлдөрдү сугарат
4. **Сугарат, аткарат, окуйт деген сөздөр кандай суроого жооп берет?**
а) эмне кылды?
б) эмне кылат?
в) эмне кылып жатат?
5. **Кайсынысы туура?**
а) Мен келечекте окумуштуу болобуз.
б) Мен келечекте окумуштуу болот.
в) Мен келечекте окумуштуу болом.



1-вариант

1. **Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөргө кандай суроолор берилет?**
а) кандай? кайсы?
б) канча? нече?
в) ким? кандай?
2. **Байдын баласы менен кедейдин баласы эмне ойноду?**
а) шахмат
б) жашынмак
в) чүкө
3. **Жомоктогу чүкө кандай экен?**
а) чоң
б) сыйкырдуу
в) ак
4. **Жомоктогу кедейдин баласы эмне деп кыялданды?**
а) жакшы окусам
б) акылдуу болсом
в) көп малым болсо
5. **От ошол замат жалындап күйүп, жалындын ичинен келишкен ... бугу чыгат.**
а) кооз
б) кара
в) мүйүздүү

2-вариант

1. **Заттын кандай сын-сыпаттары бар?**
а) өңү-түсү, даамы, формасы, көлөмү
б) аты, өңү, белгилери
в) формасы, кыймыл-аракети
2. **«Сыйкырдуу чүкө» жомогундагы бай кандай?**
а) боорукер, акылдуу, эмгекчил
б) элпек, сылык, жакшы
в) ач көз, таш боор, мээримсиз
3. **«Сыйкырдуу чүкө» жомогун ким жазыптыр?**
а) К. Эсенкожоев
б) Д. Сулайманов
в) кыргыз эл жомогу
4. **Заттын формасын билдирген сөздөрдү тапкыла?**
а) кызыл, тоголок, таттуу

б) тоголок, сүйрү, жумуру
в) ак, күрөң, жашыл

**5. «Үйүр-үйүр» деген сөздү кандай түшүнөсүң?**
а) чоң
б) бийик
в) көп

**«Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн» тексти боюнча**

1-вариант

**1. Заттын санын билдирген сөздөр кандай суроого жооп берет?**
а) кандай? кайсы?
б) канча? нече?
в) ким? эмне?

**2. Макалды толуктагыла**
.... өлчөп, .... кес.
а) жети, бир
б) беш, жети
в) бир, жүз

**3. Заттын санын билдирген сөздөрдү тапкыла?**
а) көп, арбын
б) чоң, бийик
в) беш, жыйырма бир

**4. Бир жылда канча ай бар?**
а) он эки
б) он
в) он беш

**5. «Оюбуз да, боюбуз да тез өссүн» деген текст кайсы журналдан алынган?**
а) «Кырчын»
б) «Ала-Тоо»
в) «Байчечекей»

2-вариант

**1. Заттын иретин билдирген сөздөрдү тапкыла?**
а) бир, эки, үч
б) биринчи, экинчи, үчүнчү
в) беш, жети, он

**2. Заттын иретин билдирген сөздөр кандай суроолорго жооп берет?**
а) канчанчы?неченчи?



б) канча? нече?
в) канча? канчанчы?

**3. Сүйлөмдү толуктагыла!**
Мен ......класста окуйм.
а) эки
б) экөө
в) экинчи

**4. Макалды толуктагыла!**
... байлык – ден соолук.
а) экинчи
б) биринчи
в) үчүнчү

**5. Кайсынысы туура?**
а) Биз жыйырма бир үйдө жашайбыз.
б) Биз жыйырма бирдеги үйдө жашайбыз.
в) Биз жыйырма биринчи үйдө жашайбыз.

**«Сүттөй эки тазалык» тексти боюнча:**

1-вариант

**1. Сүйлөмдүн канча түрү бар?**
а) 2
б) 4
в) 3

**2. Жай сүйлөмдүн аягына кандай белги коюлат?**
а) чекит
б) суроо белгиси
в) үтүр

**3. Кайсынысы жай сүйлөм?**
а) Адам уулунда биз билген эки тазалык ар дайым керектүү.
б) Адам уулунда биз билген эки тазалык ар дайым керектүүбү?
в) Адам уулунда биз билген эки тазалык ар дайым керектүү!

**4. Суроолуу сүйлөмдү тапкыла?**
а) Биз бүгүн сүттөй эки тазалык жөнүндө кеп кылабыз.
б) Биз бүгүн сүттөй эки тазалык жөнүндө кеп кылабыз!
в) Биз бүгүн сүттөй эки тазалык жөнүндө кеп кылабыз?

**5. «Сүттөй эки тазалыкты» ким жазыптыр?**
а) К. Тыныстанов
б) Ч. Айтматов
в) Райым Нур

2-вариант

1. **Сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?**
   а) жай, суроолуу, илептүү, буйрук
   б) жөнөкөй, жай
   в) белгилүү, суроолуу
2. **Кымбаттуу досторум, тазалыкты сактагыла!**
   Бул кандай сүйлөм?
   а) суроолуу
   б) буйрук
   в) илептүү
3. **Кайсы сүйлөм туура түзүлдү?**
   а) Ар дайым сактайлы сырткы жана тазалыгыбызды ички.
   б) Ар дайым сырткы жана ички тазалыгыбызды сактайлы.
   в) Сактайлы ички жана сырткы ар дайым тазалыгыбызды.
4. **Силер да мага кошуласыңарбы деген сүйлөмдүн аягына кандай белги коюлат?**
   а) суроо белгиси
   б) илеп белгиси
   в) чекит
5. **Ар дайым жакшы нерселер жөнүндө гана ойлонуу керек деген кандай сүйлөм?**
   а) суроолуу
   б) илептүү
   в) жай

**«Тамактануу этикасы» тексти боюнча:**

1-вариант

1. **Сүйлөмдүн ээси кандай суроолорго жооп берет?**
   а) ким? эмне? кимдер? эмнелер?
   б) кандай? кайсы?
   в) эмне кылат?эмне кылып жатат?
2. **Сүйлөмдүн ээси кайсы? Бала колун таза жууду.**
   а) таза
   б) колун
   в) бала
3. **Сүйлөмдүн ээсинин асты кандай сызылат?**
   а) эки сызык менен
   б) бир түз сызык менен
   в) толкун сызык менен



4. **Макалды толуктагыла!**
   .... - ден соолук булагы.
   а) тазалык
   б) жакшылык
   в) дасторкон
5. **Сүйлөмдүн ээси кандай суроого жооп берет?**
   Балдар тамактануу этикасын жакшы билишет.
   а) ким?
   б) кайсы?
   в) кимдер?

2-вариант

1. **Сүйлөмдөгү негизги ойду билдирип турган эмне?**
   а) сүйлөмдүн баяндоочу
   б) сүйлөмдүн ээси
   в) зат атооч
2. **Сүйлөмдүн ээси кайсы?**
   Кичүүлөр улуулардан мурун тамакка кол салбайт.
   а) улуулардан
   б) тамакка
   в) кичүүлөр
3. **Тамактануу этикасы эмнени билдирет?**
   а) тамактануунун эрежелерин
   б) тамак ичүүнү
   в) тамак жасоону
4. **Сүйлөмдүн ээсине кандай суроолор берилет?**
   а) кайсы? кайда?
   б) эмне кылып жатат?
   в) ким? кимдер? эмне? эмнелер?
5. **Сүйлөмдү толуктагыла**
   Тамактанып бүткөн соң, дасторконго .... тиленет.
   а) каалоо
   б) тилек
   в) бата

**«Кагаздан жасалган миң турна» тексти боюнча:**

1-вариант

1. **Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттары кандай суроолорго жооп берет?**
   а) ким?

б) эмне?
в) кандай?

**2. "Кагаздан жасалган миң турна" аңгемесинин негизги каарманы ким?**

а) Хиросима
б) Тидзуко
в) Садако

**3. Сүйлөмдүн ээси кайсы?**

Садако катуу ооруп калды.

а) Садако
б) катуу
в) ооруп калды

**4. Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттарын кандай белгилейбиз?**

а) эки түз сызык менен
б) бир түз сызык менен
в) толкун сызык менен

**5. Окуя кайсы жерде болгон?**

а) Америкада
б) Кытайда
в) Японияда

2-вариант

**1. Кайсы адам аттары сүйлөмдүн ээси боло алат?**

а) сүйлөмдө ойдун негизин билдирген
б) заттын атын билдирген
в) суроого жооп берген

**2. Тидзуко Садакого эмне деп кеңеш берди?**

а) доктурга көрүн деп
б) дарылан деп
в) кагаздан миң турна жаса деп

**3. Сүйлөмдүн ээси кайсы?**

Тидзуко Садакого ыйык турна жөнүндө айтып берди.

а) Садакого
б) Тидзуко
в) турна

**4. Сүйлөмдүн ээсине кандай суроо берилет?**

Садако 644 турна жасаган экен.

а) кимдер?
б) ким?
в) кимге?



**5.Сүйлөмдүн ээсинин милдетин аткарган айбанат аттарына кандай суроолор берилет?**

а) ким? кимдер?
б) кандай? кайсы?
в) эмне? эмнелер?

**«Жаңылгандан кийин» тексти боюнча:**

1-вариант

**1. Сүйлөмдүн баяндоочун тапкыла?**

Таалайбектин атасы уулунун эмгектенгенине кубанды.

а) атасы
б) уулунун
в) кубанды

**2. Сүйлөмдүн баяндоочу кандай суроолорго жооп берет?**

а) кандай? ким?
б) канча? нече?
в) эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?

**3. «Жаңылгандан кийин» аңгемесин ким жазган?**

а) Ш.Садыбакасов
б) Ж.Таштемиров
в) А.Токомбаев

**4. Заттын атын билдирген сөздөр сүйлөмдө баяндооч болсо, кандай суроолор берилет?**

а) ким? эмне? кимдер? эмнелер?
б) кандай? кайсы?
в) эмне? канча?

**5. Таалайбек эмне үчүн жаңылды?**

а) окуганды билбегендиктен
б) жазганды билбегендиктен
в) жылдын төрт мезгилин билбегендиктен

2-вариант

**1. Сүйлөмдүн баяндоочу ээнин эмнесин билдирет?**

а) кыймыл-аракетин, ал-абалын
б) сын-сыпатын
в) өлчөмүн

**2. Сүйлөмдүн баяндоочуна кандай суроо берилет?**

Таалайбек бак отургузууга жардам берди.

а) ким?

б) кандай?

в) эмне кылды?

**3. Макалды толуктагыла.**

Дарак жемишинен ...

Адам эмгегинен ...

а) таанылат

б) көрүнөт

в) билинет

**4. Баяндоочтун алды кандай сызылат?**

а) бир түз сызык менен

б) толкун сызык менен

в) эки түз сызык менен

**5. Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Жакшы эмгекти сүйөт бала.

б) Бала жакшы сүйөт эмгекти.

в) Жакшы бала эмгекти сүйөт.

**«Үч уул» тексти боюнча**

1-вариант

**1. «Үч уул» аңгемесиндеги үч аял булактын башында эмне кылып отурушту?**

а) ийик ийрип

б) кир жууп

в) маектешип

**2. Карыя деген сөзгө мааниси окшош сөз?**

а) киши

б) аксакал

в) жигит

**3. Жөндөмдүү, ийкемдүү деп биринчи аял кимди айтты?**

а) инисин

б) уулун

в) кызын

**4. Макалды толуктагыла.**

.... сөз жан эргитет,

.... сөз жан кейитет.

а) жакшы, жаман



б) узун, кыска

в) сылык, орой

**5. Батанын кайсынысы туура түзүлгөн?**

а) Узун өмүрүң болсун!

б) Болсун өмүрүң узун!

в) Өмүрүң узун болсун!

2-вариант

**1. Маектешүү канча адамдын ортосунда болот?**

а) эки же андан көп

б) бир адам

в) көп

**2. Аялдар балдарын мактап жатканда үчүнчү аял эмне кылды?**

а) ал да мактады

б) күлдү

в) унчуккан жок

**3. Карыя канчанчы баланы жактырды?**

а) биринчи

б) үчүнчү

в) экинчи

**4. Макалды толуктагыла.**

.... келсе - ишке,

.... келсе - ашка.

а) жаш, кары

б) улуу, кичүү

в) атасы, баласы

**5. Бул макалды да толуктагыла.**

Ааламдын көркүн.......ачат,

Адамдын көркүн.........ачат.

а) жер, суу

б) уул, кыз

в) көз, сөз

**«Светофор» тексти боюнча**

1-вариант

**1.Табышмактын жандырмагы эмне?**

Өтө баалуу бир зат бар,

Сүйлөгөндү билбеген.

Кызыл, жашыл,көздөрүн.
Ирети менен ирмеген.

а) спутник
б) светофор
в) ракета

**2.Светофордо кандай, канча түс бар?**

а) 2, көк, кызыл
б) 1, кызыл
в) 3 ,кызыл,сары, жашыл

**3. Ырда кайсы мезгил сүрөттөлгөн?**

Тоо боорунда кар калды,
Булут өңдүү булайган.
Чабалекей үй салды,
Там бооруна ылайдан.

а) жаз
б) жай
в) күз

**4. Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Жол эрежесин сактагыла туура ар дайым.
б) Туура сактагыла ар дайым жол эрежесин?
в) Ар дайым жол эрежесин туура сактагыла!

**5. Кызыл жарык эмне дейт?**

а) өтө бер
б) даярдан
в) токто

2-вариант

**1.Светофордун кайсы түсү күйгөндө көчөдөн өтөсүңөр?**

а) кызыл
б) сары
в) жашыл

**2. «Светофор» ырынын автору ким?**

а) А. Кыдыров
б) Т.Кожомбердиев
в) Б.Асаналиев

**3. Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Бишкек – чоң жана кооз шаар.
б) Чоң шаар кооз жана чоң Бишкек.
в) Бишкек чоң шаар жана кооз.

**4. Табышмакта эмне сүрөттөлгөн?**

Аргымактай жулунган,



Ак буудайды сугунган.
Тазаланган кызыл дан,
Барасынан чубурган.

а) машина
б) трактор
в) комбайн

**5. Жашыл жарык эмне дейт?**

а) даярдан
б) токто
в) өтө бер

**1. Бөлүмдөрдө окутулган материалдар боюнча компетенттүүлүктөрдү текшерүү үчүн тесттер**

*(Жыйынтыктоочу баалоо үчүн)*

**«Менин айлана-чөйрөм» бөлүмү боюнча**

I вариант

**1. Китеп деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?**

а) 5 тамга, 6 тыбыш
б) 5 тамга, 5 тыбыш
в) 4 тамга, 5 тыбыш

**2. Созулма үндүүлөр канча тыбышты билдирет?**

а) 1
б) 2
в) тыбышты билдирбейт

**3. Йоттошкон тамгалар канча тыбышты билдирет?**

а) 3
б) 1
в) 2

**4. Кыргыз тилинде канча тамга бар?**

а) 33
б) 36
в) 35

**5. Кыргыз тилиндеги тыбыштар кандай топторго бөлүнөт?**

а) созулма жана кыска
б) үндүү жана үнсүз
в) жумшак жана катканаң

II вариант

1. **Таене деген сөздө канча тамга, канча тыбыш бар?**
   а) 5 тамга, 6 тыбыш
   б) 5 тамга, 5 тыбыш
   в) 5 тамга, 4 тыбыш
2. **Кыргыз тилинде канча үндүү тыбыш бар?**
   а) 10
   б) 15
   в) 14
3. **Созулма үндүүлөр канчоо, алар кайсылар?**
   а) 5 (а, и, у, ээ, ы)
   б) 6 (аа, ээ, оо, өө, уу, үү)
   в) 4 (аа, о, ы, у)
4. **Ичке үндүүлөр катышкан сөздөр кайсы?**
   а) кагаз, апа, сандык
   б) китеп, эже, дүкөн
   в) дарбыз, дыйкан, хан
5. **Тыбышты белгилей турган белги эмне деп аталат?**
   а) тамга
   б) тыбыш
   в) жазуу

**«Баалуулуктарыбыз» бөлүмү боюнча**

I вариант

1. **Үнсүз тыбыштар кандай топторго бөлүнөт?**
   а) жоон, ичке
   б) жумшак, катkалаң
   в) созулма, кыска
2. **Жумшак үнсүздөр катышкан сөздөр кайсы?**
   а) көпкөк, көйнөк, толкун
   б) Ысык- Көл, ак чардак, күзгү
   в) жаз, жамгыр, жылуу.
3. **К, г тыбыштары кайсы сөздөрдө ичке үндүүлөр менен келди?**
   а) көл, гүл, күз
   б) кыз, кагаз, кайык
   в) кат, көйнөк, ак
4. **Орус тилинен кирген сөздөр кайсылар?**
   а) улут, шаар, аспап
   б) календарь, плащ, ваза
   в) герб, гимн, туу.



5. **Кайсы сөздөр туура эмес жазылган?**
   а) айуу, кыйак, чийе
   б) аюу, кыяк, чие
   в) аяк, тоют, туяк

II вариант

1. **б, д, з тыбыштарынын түгөйлөрү кайсылар?**
   а) ф, ч, ш
   б) п, т, с
   в) ж, к, ц
2. **Кайсы тамгалар экиден тыбышты билдирет?**
   а) к, г, ж
   б) б, п, ф
   в) д, т, с
3. **Кайсы тыбыштар жумшак үнсүздөр?**
   а) т, д, м, л, р
   б) ж, ш, б, х, ч
   в) д, з, ж, л, м.
4. **Күзгү деген сөздө канча үндүү, канча үнсүз тыбыш бар?**
   а) 2 үндүү, 2 үнсүз
   б) 2 үндүү, 3 үнсүз
   в) 3 үндүү, 2 үнсүз
5. **Катkалаң үнсүздөр катышкан сөздөр кайсылар?**
   а) көл, Алийса, чоң эне
   б) ысык, көпкөк, аппак
   в) күзгү, толкун, асман

**«Чыңгыз Айтматов бөлүмү» боюнча**

I вариант

1. **Кыргыз тилинде муундун канча түрү бар?**
   а) 3
   б) 2
   в) 4
2. **Ачык муундуу сөздөр кайсылар?**
   а) а-па, э-не, э-же
   б) эт, ач-кыч, ал-тын
   г) бал, сый-мык, дос-тук
3. **Жабык муундуу сөздөр кайсылар?**
   а) ак, ба-рак, ко-нок
   б) ак, ээр, эс
   в) кат, мез-гил, үй

**4. Туюк муундуу сөздөр кайсылар?**

а) мек-теп, кыр-гыз, Чың-гыз

б) бу-гу, э-не, ба-ла

в) ки-лем, ке-ме, же-лек

**5. Кайсынысы туура?**

а) Меке-ним

б) Мекен-им

в) Ме-ке-ним

II вариант

**1. Кайсы тамгалар тыбышты билдирбейт?**

а) а, о

б) ь, ъ

в) ж, ш

**2. Кайсы сөздөр туура эмес жазылган?**

а) медал, конки, подезд

б) циркуль, пальто, съезд

в) подъезд, лагерь, январь

**3. Орус тилинен кирген сөздөр кайсылар?**

а) февраль, атрибут, парта

б) дептер, ракета, отургуч

в) гимн, китеп, герб

**4. Ынтымактуу деген сөз муунга кандай болуп бөлүнөт?**

а) ынт-ым-актуу

б) ынтым-ак-туу

в) ын-ты-мак-туу

**5. Кыргыз тилинде муундун кандай түрлөрү бар?**

а) ачык, жабык, туюк

б) жоон, ичке, кууш

в) кең, жумшак, каткалаң

**«Оюн жана спорт» бөлүмү боюнча**

I вариант

**1. Заттын атын билдирген сөздөр кайсылар?**

а) гүл, короо, үй

б) жылуу, кызыл, жашайт

в) керек, буюм, жакшы



**2. Жандуу заттар кайсылар?**

а) китеп, дептер, калем

б) өчүргүч, сызгыч, мектеп

в) окуучу, аюу, кумурска

**3. Жансыз заттар кайсылар?**

а) буудай, арпа, балка

б) кой, саанчы, куш

в) куш, космонавт, матрос

**4. Заттын кыймыл-аракетин билдирген сөздөргө кандай суроолор берилет?**

а) эмне? ким? кайсы?

б) эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?

в) канча? нече? кандай?

**5. Эмне кылып жатат? деген суроого кайсы сөздөр жооп берет?**

а) сүйлөдү, окуду, ойноду

б) барат, ырдайт, уктайт

в) жазып жатат, бийлеп жатат, угуп жатат

II вариант

**1. Ким? деген суроого кайсы сөздөр жооп берет?**

а) күчүк, улак, балапан

б) гүл, селкинчек, жылгаяк

в) мугалим, апа, окуучу

**2. Заттын сын-сыпатын билдирген сөздөр кайсылар?**

а) жаңы, кызыктуу, жакшы

б) окуду, сүйлөдү, эс алды

в) мультфильм, сабак, бөбөк

**3. Кайсы сөздөр заттын иретин билдирет?**

а) алты, жети, жүз

б) жаш, кооз, бийик

в) экинчи, бешинчи, жетинчи.

**4. Заттын санын билдирген сөздөр кандай суроолорго жооп берет?**

а) канча? нече?

б) канчанчы? нечении?

в) кандай? кайсы?

**5. Китептер деген сөздүн уңгусу кайсы?**

а) китепте

б) кит

в) китеп

**«Биринчи байлык – ден соолук» бөлүмү боюнча**

I вариант

1. **Сүйлөмдүн кандай түрлөрү бар?**
   а) жай, суроолуу, илептүү
   б) жөнөкөй, жай
   в) белгилүү, суроолуу
2. **Жай сүйлөмдүн аягына кандай белги коюлат?**
   а) үтүр
   б) илеп белгиси
   в) чекит
3. **Кайсынысы суроолуу сүйлөм?**
   а) Биз бүгүн тоого барабыз.
   б) Биз бүгүн тоого барабызбы?
   в) Биз бүгүн тоого барабыз!
4. **Таалайбек бак отургузууга атасына жардам берди деген сүйлөмдүн ээси кайсы?**
   а) Таалайбек
   б) атасына
   в) жардам
5. **Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган айбанат аттарына кандай суроолор берилет?**
   а) ким? эмне?
   б) кимдер? эмнелер?
   в) эмне? эмнелер?

II вариант

1. **Кайсы сүйлөм жай сүйлөм?**
   а) Чоң ата жомок айтты.
   б) Чоң ата жомок айттыбы?
   в) Чоң ата жомок айтты!
2. **Сүйлөмдө ээнин милдетин аткарган адам аттарына кандай суроолор берилет?**
   а) эмне? эмнелер?
   б) кандай? кайсы?
   в) ким? кимдер?
3. **Сүйлөмдүн ээси кайсы?**
   Окуучулар кагаздан миң турна жасашты.
   а) миң турна
   б) кагаздан
   в) окуучулар



4. **Сүйлөмдүн ээсинин асты кандай сызылат?**
   а) эки түз сызык менен
   б) бир түз сызык менен
   в) толкун сызык менен
5. **Тамактануу этикасын билесиңерби? деген сүйлөм кандай сүйлөм?**
   а) жай
   б) илептүү
   в) суроолуу

**«Тарбия жана турмуш» бөлүмү боюнча**

I вариант

1. **Сүйлөмдүн баяндоочу кайсы?**
   Кара чыйырчык бакка конду.
   а) кара чыйырчык
   б) конду
   в) бакка
2. **Баяндоочтун алды кандай сызылат?**
   а) эки түз сызык менен
   б) бир түз сызык менен
   в) толкун сызык менен
3. **Заттын атын билдирген сөздөр сүйлөмдө баяндооч болсо, кандай суроолор берилет?**
   а) ким? эмне? кимдер? эмнелер?
   б) кандай? кайсы?
   в) эмне? канча?
4. **Кыймыл-аракетти билдирген сөздөр сүйлөмдө баяндооч болсо, кандай суроолор берилет?**
   а) кандай? ким?
   б) канча? нече? кайда?
   в) эмне кылды? эмне кылып жатат? эмне кылат?
5. **Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**
   а) Жакшы бала эмгекти сүйөт.
   б) Бала эмгекти жакшы сүйөт.
   в) Жакшы эмгекти сүйөт бала.

II вариант

1. **Сүйлөмдүн баяндоочу ээнин эмнесин билдирет?**
   а) кыймыл-аракетин, ал-абалын
   б) сын-сыпатын
   в) санын, иретин

2. **Сүйлөмдүн баяндоочу кайсы?**

Балдар каникулга тарашты.

а) каникулга

б) балдар

в) тарашты

3. **Макалда кайсы сөздөр жетишпейт?**

Жакшы .... жакадагы кундуз.

Жакшы .... көктөгү жылдыз.

а) бала, кыз

б) эне, бала

в) кыз, уул

4. **Кайсы сүйлөм туура түзүлгөн?**

а) Биз китептен көптү үйрөндүк.

б) Китептен үйрөндүк биз.

б) Көптү үйрөндүк биз китептен.

5. **Кайсы бата туура айтылган?**

а) Узун өмүрүң болсун!

б) Болсун өмүрүң узун!

в) Өмүрүң узун болсун!



## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР


Абдиев К., Мусаева Ч. Жат жазуу жана баяндама жыйнагы. – Бишкек, 2008

Амонашвили Ш.А. Балдарга гумандык-инсандык мамиле.–М.-Воронеж,1998

Бекбоев И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практика-лык маселелери.–Бишкек, 2004.

Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы.–Фрунзе, 1969.

Буркитова А., ж.б. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо.Мектеп мугалимдери учун колдонмо.–Бишкек,2009.

Воробжитова А.А. Начальное лингвориторическое образование: Методика преподавания русского языка: Таблицы, схемы, алгоритмы: Учебно-методическое пособие – М., 2002.

Кубаталиева Б., ж.б. Алиппе. 1-класс. -Бишкек,2011.

A. Erol, M. Ozger Bingol, S.C.Yalcm, R.Demiroglu,A.Irmak, M.Ceylan. ilkogretim Tiirkce 1. Okuma, yazma ogreniyorum. Devlet kitaplan uguncu Baski Semih Ofset. - Ankara, 2007.

A.Erol, M.Ozger Bingol, S.C.Yalcin, R. Demiroglu, A.Irmak, M.Ceylan. ilkogretim Turkge 1. Ogretmen kilavuz kitabi. Devlet kitaplan uguncu Baski Semih Ofset-Ankara, 2007.

Зимняя И.А. Педагогикалык психология.–Москва,2000.

Касымов А. Интерактивдуу оюндар жана ыкмалар. –Бишкек, 2003.

Мураталиева А. Башталгыч класстарда этишти окутуунун методикасы. - Бишкек, 2005

M.Oner, M.Akoguz. Ev gahsma kitabi. 1. simf (6-7 yas). - Istanbul 2009.

M.Oner, M.Akoguz. Simf gahsma etkinlikleri. 1 .simf (6-7 yas). - Istanbul, 2009.

M.Oner, M.Akoguz. Okuyorum yaziyorum. 1-2 kitap. 1 .simf (6-7 yas). - Istanbul, 2009.

Раимбекова М. Башталгыч класстарда синтаксистик материалдарда окутуу. - Бишкек, 2009

Романов Ю.В. Система оценивания: опыт осмысления.–Москва,2008.

Рысбаев С. 1-класста окуучулардын сабатын ачуунун, сөзүн өстүрүүнүн жана рухий тарбия беруунун маселелери.–Бишкек: Педагогика, 2000.

Рысбаев С. Кыргыз-тили. 2-класс. -Бишкек, 2000

Рысбаев С., Шокова Ч. Кыргыз-тили. 3-класс. -Бишкек, 2001

Рысбаев С. Башталгыч класстарда кыргыз тилинен жат жазуу жумуштарын жургузуунун технологияларын еркундетуу.–Бишкек, 2007.

Рысбекова Б., Сартбаев К.1-класстын мугалимдери үчүн методикалык кура л. Фрунзе: Мектеп, 1973.

Рысбекова Б., Сартбаев К. Сабат таблицасы.–Фрунзе: Мектеп,1983.

Рысбекова Б. Алиппени окутуунун методикалык көрсөтмөсү.-Фрунзе, Мектеп, 1983

Рысбекова Б., Сартбаев К. Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу.-Фрунзе, Мектеп,1973.

Саалаев В. Окутуунун интерактивдүү усулдары. –Бишкек, 2009.

Сартбаев К., Рысбекова Б. Башталгыч класстын окуучуларын орфографиялык сабаттуулукка жана таза жазууга үйрөтүүнүн методикасы.–Фрунзе, 1967.

Сартбаев К. Кыргыз мектептеринин башталгыч класстарында класстан тышкаркы окууну өткөрүүнүн жолдору. – Фрунзе, 1969.

Сартбаев К. Кыргыз тилин окутууда колдонулуучу дидактикалык оюндар. – Бишкек, 1995.

Чокошева Б.С. «Башталгыч класстарда сын атоочту окутууга карата көнүгүүлөр» – Бишкек, 1998.

Чокошева Б.С. «Башталгыч класстарда сын атооч сөз түркүмүн окутуунун методикасы» – Бишкек, 2009.

Шаелдаева С. Кыргыз-тили. 4-класс. -Бишкек, 2000

Шаелдаева С. 4-класста кыргыз тилин окутуу. – Бишкек, 2008

«Мектеп» журналы.

«Начальная школа» журналы.

«Кут билим» газетасы.

«Кут билим-сабак» тиркемеси.

«Эл агартуу» журналы.

«Супер-инфо» газетасы.

«Кулунчак» журналы.

«Байчечекей» журналы.



# МАЗМУНУ

Мугалимге кат........................................................3

Окуу китебинин түзүлүшү жөнүндө ..................4

Сабактарды пландаштыруу..............................12

Сабактарды уюштуруу......................................16

Окутуунун кошумча каражаттары...................86

Өлчөө жана баалоо..........................................102

Пайдаланылган адабияттар...........................145

**Чокошева Бурулкан Сапаровна**
**Акунова Айнура Рысбековна**

# КЫРГЫЗ ТИЛИ

Окуу китебине карата
мугалимдер үчүн
усулдук колдонмо
**2-класс**

Редактору Ж. Теңирбергенова
Корректору Б. Чокошева
Көркөм редактору Ю. А. Ким
Техникалык редактору Төрөкулов К.
Компьютердик калыпка салган Осмоналиев А.Ж.

Терүүгө 29.11. 2012-ж. берилди. Басууга 27.03.2013-ж. кол коюлду.
Форматы 60x84 $^1/_{16}$. Арибн Arial. Офсеттик кагаз. Офсеттик басма.
Көлөмү 9,25 басма табак. Нускасы 6000 даана. Заказ №62

«Полиграфбумресурсы» жоопкерчилиги чектелген
коомунун компьютердик борборунда даярдалып,
басмаканасында басылды.
720011, Бишкек шаары,
Сүйүмбаев көчөсү, 144/23
Тел.: +996 312 43-20-75, 43-19-51